448
449

# Аң-сезим Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз сегизинчи жыл чыгышы, Жумадулаввал-жумадуссаний 1445-х. – декабрь 2023-м - январь 2024-м.

Ал-Ваъй сөзү:

«Акса ташкыны» операциясы: (израиль) мамлекетин пайда кылуу долбоору алгачкы күнүнөн бери Батыштын ийгиликсиз долбоору болду

(израиль) мамлекети яхудийлерге каршы согушуп аларды өлтүрө турган Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу жок кылынат

Фалестин маселесин чечүүнүн өзгөргүс шаръий негиздери 14

Эй, армия сабындагы офицерлер! Яхудий вужудуна каршы күрөштө силерди артта калтырган, яхудийлерди кыйратып, коркууга салган Газа каармандарынан үлгү албайсыңарбы... Эмнени күтүп жатасыңар?! 24

Ислам улуттук мамлекетти четке кагат жана Ислам Умматын бир кубаттуу Ислам мамлекетинде бириктирет 54

Исламий дүйнөдөгү кошуундар биздин кошуундарыбыз, алардын жетекчилиги бизден тартып алынган жана биз аны кайтарып алышыбыз фарз 48

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

448
449

Жумадулаввал-жумадуссаний 1445х
декабрь 2023м
январь 2024м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** «Акса ташкыны» операциясы: (израиль) мамлекетин пайда кылуу долбоору алгачкы күнүнөн бери Батыштын ийгиликсиз долбоору болду… (израиль) мамлекети яхудийлерге каршы согушуп, аларды өлтүрө турган Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу жок кылынат ........ 3

– Фалестин маселесин чечүүнүн өзгөргүс шаръий негиздери ........ 14

– Эй, армия сабындагы офицерлер! Яхудий вужудуна каршы күрөштө силерди артта калтырган, яхудийлерди кыйратып, коркууга салган Газа каармандарынан үлгү албайсыңарбы… Эмнени күтүп жатасыңар?! ........ 24

– Мамилелерди нормалдаштыруу келишимдери (Ибрахим келишимдери) о.э. Жакынкы Чыгыштагы стратегиялык союз… Эл аралык атаандаштык. (Израиль) региондогу негизги оюнчу (4) ........ 38

– Исламий дүйнөдөгү кошуундар биздин кошуундарыбыз, алардын жетекчилиги бизден тартып алынган жана биз аны кайтарып алышыбыз фарз ........ 48

– Ислам улуттук мамлекетти четке кагат жана Ислам Умматын бир кубаттуу Ислам мамлекетинде бириктирет ........ 54

– Американын «жаңы жибек жолу» долбоору: Бул долбоордон эң көп пайда көрүүчүлөрдүн бири (израиль) болуп, бул долбоор сионист вужуд менен Фарс булуңундагы мамлекеттердин мамилелерин нормалдаштыруу жараянын тездетет ........ 63

– Массалык кыргын куралдары Батыш жана Ислам көз карашында ........ 72

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ........ 78

– Яхудийлердин сыфаты жоголбойт… Себеби, Аллах буга күбөлүк берген ........ 85

– ***Куръани Карим сабагында*** ........ 90

– ***Бейиш бактары:*** Яхудийлердин Исламга, Ислам пайгамбарына жана Умматына душмандыгы кыяматка чейин уланат ........ 96

– ***Соңку сөз:*** Батыш өкүмдарлары да, араб өкүмдарлары да бирдей өкүм жүргүзүшөт ........ 111

– (израиль) друздары Газага каршы согушта армиянын алдыңкы сабында ........ 112

## НУСКА БААСЫ

| | |
|---|---|
| Ливан | 1000 лира |
| Яман | 30 риял |
| Түркия | 1 доллар |
| Пакистан | 1 доллар |
| Австралия | 2,5 доллар |
| Америка | 2,5 доллар |
| Канада | 2,5 доллар |
| Германия | 2,5 евро |
| Швеция | 15 крон |
| Бельгия | 1 евро |
| Британия | 1 евро |
| Швейцария | 2 франк |
| Австрия | 1 евро |
| Дания | 15 крон |

بسم الله الرحمن الرحيم

# «АКСА ТАШКЫНЫ» ОПЕРАЦИЯСЫ: (ИЗРАИЛЬ) МАМЛЕКЕТИН ПАЙДА КЫЛУУ ДОЛБООРУ АЛГАЧКЫ КҮНҮНӨН БЕРИ БАТЫШТЫН ИЙГИЛИКСИЗ ДОЛБООРУ БОЛДУ (ИЗРАИЛЬ) МАМЛЕКЕТИ ЯХУДИЙЛЕРГЕ КАРШЫ СОГУШУП, АЛАРДЫ ӨЛТҮРӨ ТУРГАН ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИН ТИКЕЛӨӨ АРКЫЛУУ ЖОК КЫЛЫНАТ

2023-жылы 7-октябрь күнү таңда «Иззуддин Кассам» мужахиддери «Акса ташкыны» деп аташкан операцияда «Газа гилафы»[1] аймагына чабуул кылышты... Максат, яхудийлерди туткунга алып, аларды (израиль) камактарында эң оор шартта кармалып турган мусулман туткундарга алмаштыруу болгон. Бирок, жүз берген окуя баарынын, алардын катарында чабуулчулардын да күткөнүнөн ашып кетти. Себеби, мужахиддер яхудийлердин, айрыкча, аскерий жана коопсуздук күчтөрүнүн коркоктугуна таң калышты. Алар куралдарын таштап, арстандан качкан жапайы эшектер сыяктуу качып кетишти... Туурасы, алкачкы мүнөттөрдөн баштап яхудийлердин катардагы калкы да, аскерийлери да коопсуз жайларга жашынып, миңдеген ракета чабуулдарынын токтошун күтүштү. Ушул таризде, туткундарды азат кылууга каратылган согуш, яхудийлердин коркоктугу себептүү, бүткүл яхудий вужудунун болушуна (өмүрүнө) коркунуч туудурган согушка айланды. Бул абал яхудийлерди тынчсыздантты. Алар Фалестинде тынчсыз жана туруксуз экенин сезишти. Яхудийлер арасында (израилдин) кыйрашы жөнүндөгү башараттар туурасындагы сөздөр кайра көтөрүлдү. Ушул таризде, кош жарандуулуктан пайдаланып, өлкөдөн чыгып кетүү жөнүндө айтыла баштады. Бул бир гана нерсени т.а. (израиль) мамлекетин куруу долбоору өзүнүн алгачкы күнүнөн бери ийгиликсиз долбоор болгонун түшүндүрөт. О.э. эгер мусулмандар яхудийлерге каршы чыныгы согуш алып барышса, яхудийлер өтө тез жеңилишин жана алардын куралдары оңой эле

---

(1) Газа секторун курчаган яхудийлер жашаган турак-жайлары.

мусулмандардын олжосуна айланышын көрсөттү. Ошондо алар Фалестинден чыгып кетүүгө жана түпкү төрөлгөн жайы болгон «селсаяктык дүйнөдөн» башбаанек издөөгө шашылышат... Себеби, алар согушкер калк болууга да, мамлекет куруп берүүгө да татыксыз калк болуп эсептелет. Алар үчүн эң идеалдуу абал, Аллах алар үчүн каалагандай, жер жүзүндө бытыранды болуу. Алар кайда, кандай абалда жана кандайдыр бир мамлекетте же «селсаяктык дүйнөдө» болушуна карабастан, жалган жалаа таратуучу жана карамүртөз адамдар. Алардын аракеттеринен бүткүл дүйнө азапка түшүп, тынчсызданышат.

**Фалестин маселеси биринчи кезекте Ислам Умматынын маселеси о.э. яхудийлер менен диний, Батыш менен хазарий күрөш маселеси:**

Бул операция бүткүл дүйнөгө Фалестин маселеси биринчи кезекте Ислам Умматынын маселеси экендигин баса белгилеген кайрылуу жолдоду. Ал – яхудийлер менен диний, Батыш менен хазарий күрөш маселеси. Ар дайым айтылып келген «Бир мамекет чечими», «Эки мамлекет чечими» же «Кылым келишими» жана мусулман өкүмдарларынын яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштырышы жөнүндөгү сөздөр о.э. Фалестин маселесине каршы токтоосуз уланып жаткан башка тил бириктирүүлөр... Булардын бардыгы катардагы адамдардын келишимдери эмес, саткын өкүмдарлардын келишимдери.

Бул операция Фалестин маселесин эл аралык саясий сахнада биринчи орунга алып чыкты. Бул маселе маанилүүлүгү менен Украина согушунан алдыңкы орунду ээледи. Америка жана Батыштын региондогу бардык кызыкчылыктарын коркунуч астына койду. Алгачкы күндөрдө эле Байденди яхудийлердин коркууга түшкөн жүрөктөрүн тынчтандырууга жана аларга ачык жардам көрсөтүүгө мажбур кылды. АКШнын мамлекеттик катчысы тынымсыз регионго келип, малай өкүмдарлар арасында көчүп жүрүүгө мажбур болду, яхудийлерди дагы да тынчтандыруу үчүн аларга өзүнүн яхудийлигин айтты. Алар өздөрүн коргоого акылуу экенин айтып, яхудийлер коргоосуз мусулмандарга жасаган кылмыштарды актады. Акыйкатта болсо, алар эң жийиркеничтүү кылмыштарды жасап, “Роббим Аллах” дешкени үчүн гана мусулмандардан өч алышты, оор абалда калган катардагы калкты, балдарды, аялдар жана карыяларды кыргын кылышты о.э. үйлөрдү ойрон кылып, Газадагы бардык жашоо факторлорун жок

кылышты... АКШ мамлекеттик катчысынын регионго туруктуу келишинен максат – эч бир нерсе көзөмөлдөн чыгып кетпеши үчүн ал жерде жүз берип жаткан окуяларды көзөмөлдөө болгон. Алар өздөрү билбеген белгисиз тараптан коркунуч келишинен коркуп, окуялар жараяны эсепке алынбаган абалга өзгөрүп кетпеши үчүн регионго эң күчтүү куралдарды алып келишти. Себеби, жүз берген окуя алардын жана региондогу малай өкүмдарлардын эсебинен ашып кетти.

Бул, мусулмандардын жүрөгүндө Фалестин маселесинин күчтүү экенине далалат кылат. Себеби, анда Умматтын биримдигин билдирген маанилер камтылган. Уммат Аллахтын жолунда яхудийлерге, ушул вужудду орнотуп, анын бардык кылмыштарын коргогон Батышка душмандыкта о.э. Ислам чөйрөсүндө жана жалгыз Исламий мамлекет ичинде жашоого карай умтулууда биригет. Фалестинде яхудий вужудун тикелөө мусулмандардын биригишине тоскоолдук кылуу үчүн болгон. Мына, бүгүн ал Умматтын биригишинин эң маанилүү факторлорунун бирине айланды... Ооба, Америка, Батыш жана алар менен биргеликте алардын сүйүктүү куурчагы (израиль) жиптерин бири-биринен бөлүп болбой турган татаал стратегиялык дилеммада... «Акса ташкыны» операциясына ушул жактан каралышы, инсаний жана маддий жоготуулар жагынан каралбашы керек. Биз дүйнөгө эгилген нерсенин түшүмү Ахыретте алынышына, мусулман адам ар дайым куфр менен күрөш абалында болушу, мусибат келгенде ажрды Аллахтан үмүт кылышы керектигине ыйман келтирген Умматпыз. О.э. биздин сабыбызда өлгөндөр шахиддер болуп, алар бейиште, алардын өлүктөрү болсо тозокто болушуна да ыйман келтиргенбиз. Биз муну Фалестин калкында, дал ошол Газа калкында таптык. Себеби, бүткүл Газа калкы яхудийлерге душмандык Аллах үчүн душмандык экендигин... мусибаттар канчалык оор болбосун, аларды кубануу менен көтөрүүлөрүн... алар акыйкат үстүндө экендиктерин... өз маселелери алдында жан жана үйлөр арзыбас экендигин... Аллахтын ыраазылыгы бардык нерседен үстөмдүгүн жарыя кылышты. Бул туйгунун күчтүүлүгү жана алардын чыныгы позициясы Батыштагы адамдардын көпчүлүгүн таң калтырды. Ошол эле учурда, Газа калкын жардамсыз таштап койгондор, аларга арттан бычак ургандар жана аларга тоскоолдук кылып жаткандардан эч кандай таасирдүү позиция көрүнгөн жок.

**Яхудийлердин кыргындары – Батыш тарабынан корголгон кылмыш жана банкроттук:**

Яхудийлер коргоосуз мусулмандарды, эркектерди, аялдар жана балдарды кыргын кылышы... Алардын үйлөрүн жана Газадагы бардык жашоо факторлорун ойрон кылышы... Муну эркиндикти, тынчтыкты, адамдардын укугун коргоону айтып жаткан Батыш мамлекеттеринин көз алдында, алардын колдоп-кубаттоосунда ишке ашырышы Батыш хазаратын талкалады... Америка жана аны менен бирге Батыш мамлекеттеринин (билдирүүлөрү, сапарлары жана жөнөткөн жардамдары менен яхудийлердин кылмыштарын колдоо аркылуу) карманган позициясы... О.э. малай жана саткын мусулман өкүмдарларынын (бул кылмыштарга сүкүт сактоо, армияларды аракетке келтирбөө, өз калкын согушуудан жана чегарадан өтүүдөн тосуу о.э. кээ бир өкүмдарлар, яхудийлердин жасаган ушунча кылмыштарга карабастан, алар менен мамилелерди нормалдаштыруу саясатында бекем турушу жана бул саясатты улантышын жарыя кылышы менен) карманган позициясы да ачык банкротко учурады. Биз бардык араб жана мусулман өкүмдарларына мындай дейбиз: чар тарапка чачылган дене мүчөлөрүн чогултуп жаткан бул Умматка карап, ойлонуп көргүлө жана бири-бириңерге «мындай Уммат жеңпилиши мүмкүнбү?!» деп суроо бергиле. Газада адамдар эң жийиркеничтүү көрүнүштөгү кыргынга дуушар болду. Баары (ата-эне, бала, кары-жаш, эркек-аял) кыргынга учурады. Алардын эч бири бул кыргындан аман калбады. Үйлөр, ооруканалар жана бардык жашоо объекттери бомбаланды жана ойрон кылынды. Максат – Газа калкынын, алардын артынан Фалестин калкынын, алардын артынан бүткүл мусулмандардын кайратын сындыруу... Алардын арасынан ак байракты көтөрүп, яхудийлерге моюн суна турган жана баш ийе тургандары болдубу?!

Эркти сындыруу маселеси – яхудийлердин, кафир Батыш мамлекеттеринин жана мусулман өкүмдарларынын талабы. Ошондуктан, буга урухсат берилип, сүкүт сакталууда. Бирок, мунун тескериси көрүнүп турат: Умматтын дарты, умтулуусу жана биримдиги бир Умматты көрсөтүп турду. Умматтын яхудийлерге, аларды колдоп-кубаттап, дос туткандарга, аларга жан тартып, жардам көрсөткөндөргө жек көрүүсү күчөдү. Умматтын өз динин түшүнүшү, тавхид байрагын көтөргөн Исламий мамлекетти тикелөө аркылуу аны ушул дини куткарышын билиши күчөдү. Анын

өкүмдарларга карата наараазылыгы күчөдү, армияларды сапарбар кылуу, аларды өзгөртүү жараянында өз ролун аткарууга, режимдерди коргоодан бул режимдерди жок кылуучуга айланууга жана динине жардам көрсөтүүчү болууга чакыруу маанилүү экенин дагы да терең түшүнүп жетти.

Мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан, акылы бар ар кандай адамда ушул суроо пайда болушу табигый: мындай кыргындарды жасап жаткан яхудий өкүмдарлары акыл жүргүзүп жатышабы же акылын жоготкон келесоолордой иш кылып жатышабы? Алар бул кыргындар менен өздөрүн мусулмандардан куткарып калышабы же өздөрүн жана перзенттерин ушул кылмыштын курманына айлантышабы? Өздөрү күтпөгөн абалда мусулмандардын дагы ушундай өч алуусуна жол беришеби, кудум «Газа ташкыны» болушун күтүшпөгөндөй?! Ондогон жылдарга созулган баскынчылык доорунда да мусулмандардын эрки сынбаганын алар көрбөй жатышабы? Мусулмандар өздөрүн ушундай бир күнгө даярдашууда, ал күндө алар акыйкатты кармашат жана кайра дагы дүйнө кербенинин сарбан башы болушат. Алар муну көрбөй жатышабы? Мусулмандарга карата мындай кыргындарды жасаган яхудийлер бир күн келип өлтүрүлүүлөрүн, мусулмандар бийликти колго алышканда алардан жана алардын перзенттеринен ушул түрдө өч алынышын билишпейби?

**Мусулман өлкөлөрүнүн өкүмдарлары жамандыкта Батышка жана яхудийлерге тең болуп, алардын мусулмандарга каршы кыргындары яхудийлердин кыргындарынан калышпайт:**

Бүгүн биз Газада көрүп жаткан кылмыш Сирия өкүмдарлары Россия өкүмдарлары менен, Иран өзүнүн тарпакерлери менен жасаган кылмыштан айырмаланбайт. Алар жарылуучу бочкаларды таштоо, кыргындарды жасоо, кыйноого салуу сыяктуу түрдүү жолдор менен жаш-кары мусулмандарды өлтүрүштү, ар-намысын тебелешти, камакка алышты жана куугунтукташты... Иракта Америка жасаган кылмшытардан да айырмаланбайт. Америка акылга сыйгыс бул кылмыштарды Түркия жана Саудия, айрыкча, Иран сыяктуу кошуна мамлекеттердин жардамында, алар менен тил бириктирип ишке ашырды... Афганистанда жүз берген окуялардан жана ал жерде жасалган, коркунучунан балдардын чачы агарган кыргындардан айырмаланбайт. Бул кыргындар

коалициялык мамлекеттер, өкүмдарлары мусулман болгон мамлекеттер, өзгөчө, Түркиянын жардамы менен жасалды... Мьянма, Индия жана Кытайда мусулмандарга карата жасалган кыргын жана куугунтуктоолордон да айырмаланбайт. Бул кыргындарда мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлар ушул кылмышкер мамлекеттердин тарабында турушту жана кээ бир учурларда аларды коргошту... Бул өкүмдарлардын айрымдары, айрыкча, Булуң өкүмдарлары, Бириккен Араб Эмираттарынын шайтаны Мухаммад ибн Зайид жана анын ыфлас ага-инилери Ирактагы согушта Американы акча менен, Сириядагы согушта Россияны курал-жарак жана акча менен камсыздашты. Мурдараак алардын Газа жана башка жайлардагы баскынчылыкка катышканы айтылган.

Эми, табигый суроо пайда болот: Батыш, яхудийлер, Америка, Европа мамлекеттери, Россия, Индия жана Кытай өкүмдарлары эмнеге душмандык кылып адамдарды кыргын кылышууда? Эмнеге бул калктардын өкүмдарларына каршы согушпай жатышат? Эмнеге мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлар ушул мамлекеттердин өкүмдарлары жана (израиль) менен бирге туруп, өз элине каршы чыгышууда? Эч кимге сыр болбогон жооп ушул: мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлар Батыш өкүмдарларынын парда артындагы кызматкерлери болуп эсептелет. Алар өз калкына душмандык кылып, аларга каршы күрөшүүдө Батыш өкүмдарлары менен бирдей позицияда турушат. Мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлар Батыш өкүмдарларына душман эмес т.а. алар бардыгы бир фронтко таандык.

Ушул орунда баса белгилеп айтсак, мусулман калктары өздөрүнүн өкүмдарлары сыяктуу болбогондой, Батыш калктары да өкүмдарлары сыяктуу эмес. Мисалы, Байден, Сунак, Макрон жана Шольц сыяктуу өкүмдарлар яхудий вужудунун катардагы калкка карата кылмыштарын жийиркеничтүү жана инсанийликтен чыгарган тариздe колдоп-кубаттап жатышканын көрүп жатабыз. Ошол эле учурда, алардын калктарында мунун тескерисин көрүп жатабыз. Себеби, ушул адаттан сырткары кылмышты каралаган үлкөн демонстрациялар болуп өттү. Социалдык тармактарда Газа калкын колдоп-кубаттаган, жетекчилерди жана (израилди) каралаган позициялар көрүндү. Ушул орунда биз мусулмандарды Батыш өкүмдарлары мусулман өлкөлөрүнө сапар кылышканда аларга каршы турууга жана алардын жогоруда айтылган

позицияларын ачыктоого чакырабыз. Алардын мусулман өлкөлөрүнө келиши жана өкүмдарлар тарабынан күтүп алынышы орунсуз...

Баса белгилеп айтсак, регион өкүмдарлары өз саясатында Батыш мамлекеттерине моюн сунушат. Батыш өкүмдарлары аларды бийликке алып келүүдөн мурун, алардын вакиълигин билгенден кийин гана бийликке алып келишкен. Алар фикирлөөдө Батышка ыктап, буйрулган ар кандай буйрукту – өз элине жана алардын маселелерине карата кылмыш болсо да – аткаруудан тайышпайт. Эл аралык позицияларга келсек, алардан өз өлкөсүнүн саясатын кожоюндарынын саясатына ылайык жүргүзүү туурасында убада алынган. Регионалдык жана эл аралык масштабда алардын тынч болушу да, чабуулга учурашы да ушул позицияларга бапаа кылууларына байланыштуу. Бул позицияларга, Фалестин маселеси жана терроризмге каршы күрөш боюнча позицияга о.э. башка эл аралык позицияларга каршы чыгуу аларга тыюу салынган.

Өкүмдарларга, алардын Батыш өкүмдарларына малай экендигине жана бүтүндөй мусулмандардын маселелерине карата алардын карманган позициясына байланыштуу түпкү вакиълик мына ушундай. Алардын бүгүн Газада жүз берип жаткан окуяларга карата позициясына келсек, бул жөнүндө сөз сүйлөө мүмкүн. Биринчиден, Газа окуялары яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруу боюнча араб мамлекеттери карманган позицияларды ачыктады. Кээ бир мамлекеттер яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштырууну ачык көрсөткөн болсо, кээ бирөөлөр аны жарыя кылууну кечиктирип келүүдө. Биз Саудия жана андан башка кээ бир мамлекеттер нормалдашуу келишими жарыяланышынан мурун биргелешкен экономикалык долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу анын пайдубалы коюла баштаганы жөнүндө кабар берген элек. Ошондуктан, бул өкүмдарлардын позициялары кыйын абалга түшүп калды. Алар Америка долбооруна моюн сунуу планын улантуу үчүн (израилдин) абалды тез өз пайдасына аскерий жол менен чечүүсүн каалашат. О.э. туруктуу тынчтык абалына өтүү үчүн Газадагы аскерий кубаттын жок кылынышын да каалашат. Албетте, Бириккен Араб Эмиратарынын өкүмдарларынын орой позициялары бизди таң калтырбайт. 2023-жылы 9-октябрда т.а. «Акса ташкыны» чабуулу башталгандан эки күн өтүп, «Арабий 21» маалымат агенттиги ушул кабарды берди: «Бириккен Араб Эмираттары Газага каршы алып барылып жаткан

согушта, баскынчыга каршы «Акса ташкыны» операциясын баштаган Фалестин каршылык кыймылына каршы турууда (израилди) колдоп-кубатташын билдирди. Бириккен Араб Эмираттарынын тышкы иштер министри Абдуллах ибн Зайид (израиль) оппозициясынын жетекчиси Яир Лапидге телефон чалып, бул карама-каршылыкта (израиль) менен бирге экенин билдирди. Лапид Твиттерде: «Мен ага бизди колдоп-кубаттаганы үчүн ыраазычылык билдирдим», - деди». Бирок, дүйнөнүн булуң бурчунда мусулмандар өлтүрүлүп, аларга карата кылмыштар жасалып, бул кылмыштардын бардыгына өкүмдарлар да катышып жаткан болсо, мусулмандардын өз динине болгон ишеними күчөп жатканын көрүп жатабыз. Алардын өз динине берилгендиги күчөп, аны өздөрүнүн куткаруучусу деп билишүүдө.

Яхудийлер менен күрөшүү – Батыш менен болгон күрөштүн бир бөлүгү. Бул идеялар, түшүнүк жана баалуулуктар үстүндөгү хазарий күрөш. Америка аскерий согуштар, күч колдонуу аркылуу Ислам хазаратын жеңүүнү каалайт. Мындай чамалоо – чоң жаңылыштык. Себеби, аскерий күрөш хазарий күрөштөн айырмаланат. Бүгүн дүйнө Батыш хазаратынын кулашынын астанасында турат. Батыш хазараты адам укуктарын коргоо, тынчтыкты орнотуу, адамдардын өз тагдырын өздөрү белгилешин камсыздоо о.э. мамлекеттер жана калктардын туруктуу өнүгүшү сыяктуу чалгытуучу курулай сөздөр менен бирге кулайт. Батыш хазараты адамдарды жана мамлекеттерди тышкы сүткордук карыздарына байлашы, мамлекеттер ортосунда согуштарды жалындатып, аларды өз кызыкчылыгына ылайык башкарышы да кулайт. Анткени, калктарды жакырлаштырган жана өлкөлөрдүн өнүгүүсүнө тоскоолдук болгон нерсе дал ушул тышкы карыздар жана согуштар болуп эсептелет... Бүгүн дүйнө Ислам дүйнөлүк хазарат катары кайра тикелениши астанасында турат. Бүгүн мусулмандар да, дүйнө калктары да Ислам кайра тикеленип, аларды куткарышын жана туура жолго башташын күтүп жатат... Батыш муну билет, андан коркот жана ага тоскоолдук кылууга аракет кылат. Анын бардык эл аралык маселелерде мусулмандарга жана алардын динине туруктуу каршы турушуна себеп да ушул... Бүгүн күрөш эң кызуу баскычына өттү жана Газада бүгүн жүз берген окуя анын көрүнүштөрүнүн бири гана. Аллах Таала айтты:

﴿هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦۚ وَكَفَىٰ بِٱللَّهِ شَهِيدًا﴾

***«Ал Өз пайгамбарын Туура Жол жана Чындык дин менен, аны бардык*** *(дин)****дерге үстөм кылуу үчүн жиберген. Аллах Өзү*** *(ушул убадасынын жүзөгө ашуусуна)* ***жетээрлик күбөө»*** [48:28]

**Ислам Умматы өкүмдарларды жок кыла турган армиялар ташкынына муктаж:**

Армиялар Умматтын перзенттери жана күч-кубат ээлери болуп эсептелет. Алар Умматтан болуп, анын оорусуна кайгырат, шаттыгына кубанат. Батыш жана анын малай өкүмдарлары армиялар алар үчүн канчалык кооптуу экендигин билишет. Ушул себептен улам, бийликти өз көзөмөлүндө сактап калуу жана өлкөдөгү ар кандай өзгөрүүдөн аман калуу үчүн армия тизгинин бекем кармап, аны этияттык менен башкарууну абзел билишет. Бирок, бул офицерлер арасында Исламды сүйгөндөр да болуп, эгер кимдир бирөө барып, ага Аллахты жана Умматтын абалын, вакиъликти өзгөртүү тууралында анын мойнундагы Аллахтын акысын эске салса, ал чакырыкка жооп бериши мүмкүн... Расулуллах ﷺ Ислам мамлекетин тикелөө үчүн аракет кылганда, Меккедеги ушул офицерлерге окшогон күч-кубат ээлери менен байланышты. Алар жүз үйрүштү жана кээ бирлери – Таифте болгондой – өтө жаман жооп беришти. Бирок, Расулуллах ﷺ ага сабыр кылып, нусрат таап кылууну улантты. Мадина калкынын башчылары жооп бергенге чейин, Расулуллах ﷺдын бул жолдогу аракеттери болжол менен он бешке жетти. Алар жооп берери менен алкачкы Ислам мамлекети тикеленди жана тарых өзгөрдү... Бүгүн биз Аллах Таала Өз Расулуна жана Расулунун элчиси Мусъаб ибн Умайрга нусрат жерин даярдап бергендей, бизге да нусрат үчүн чөйрө даярдап беришин Аллахтан үмүт кылып, Расулуллах ﷺ күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылгандай, биз да ыйман калкынан нусрат талап кылабыз. Бүгүн мусулмандар өз абалын жакшыртуу үчүн сабырсыздык менен армиялардан күтүп жаткан нерсе мына ушул... Ислам мамлекетин тикелөө үчүн калган жалгыз нерсе да ушул.

Биз мусулмандар арасындагы күч-кубат ээлерине ушул суроону жолдойбуз: вакиъликти өзгөртүү тууралында силердин мойнуңарда Исламдын акысы жокпу? Өкүмдарларды жана алардын кызыкчылыктарын, бул өкүмдарлар ээрчип жаткан куфр мамлекеттеринин таасирин коргоого кантип ыраазы болсоңор?!

Диниңерди жана Умматыңарды коргобойсуңарбы? Билип койгула, күч-кубат ээси катары силер үчүн эки тандоодон башка тандоо жок: өкүмдарларыңар арасындагы арамза, залим малайларга жардам бересиңер же диниңерге жана диндештериңерге жардам бересиңер. Силер диндештериңерге чар тарапта, акыркы кездерде Газада эмне болуп жатканын көрүп турасыңар.

Уммат өз өкүмдарларына каршы козголоң кылса, буга, силер, күч-кубат ээлери себепчисиңер. Себеби, Аллах силерге буюрган вазыйпаны ушул иш менен алектенип жаткандар менен биргеликте аткарбадыңар. Өкүмдарларга каршы туруу жана аларды өзгөртүү үчүн түзүлгөн куралдуу топтор силер кыла албаган ишти кылып жатат. Силер өзгөрүү жараянынын өз ролун аткарышы шарт болгон өзөгүсүңөр. Себеби, Аллах силердин араңарда динге жардам берүүчүлөр болушун важиб кылды... Бүгүн Газада жүз берип жаткан окуяларга карагыла. Армиялардын сабындагы күч-кубат ээлеринен башка ким яхудийлерге чекит коюшу мүмкүн?! Силер бул ишиңерди аткарышыңарга ким тоскоолдук кылууда?! Силерди жана Умматты жихаддан тосуп жаткандар өкүмдарлар эмеспи?! Яхудийлерге каршы жихад кылмакчы болгондорду чегарага жакындатпоо үчүн өкүмдарлар силерден пайдаланышты го?! Умматтын абалы ушундай бир даражага жетти, ал бул оор мусибаттан силердин куткарып калышыңарга гана ишенет. Бул Аллах силерге жүктөгөн фарз, эгер бул фарзды таштасаңар күнөөкөр болосуңар жана бул өтө оор күнөө. Эгер, Аллахтан ажр үмүт кылып бул фарзды аткарсаңар, улуу ажрга ээ болосуңар. Мындай ажр силер сыяктуу адамдарга гана берилет. Силер Аллах алар себептүү динди үстөм кылууну убада кылган затсыңар. Силер сыяктуу кишилер өлгөндө, алардын Роббиси алдындагы кадыр-кыйматын көрсөтүү үчүн Рахмандын аршы титирейт. Мойнуңарда Аллахтын акысы бар, демек, аны текке кетирбегиле. Сүкүт сактоо жана аракетсиз туруу менен Умматты текке кетирбегиле. Араңардан Расулуллах ﷺга башбаанек берип, даъватын коргогон, аны менен бирге мамлекетти тикелеген Саъд ибн Муаз, Асъад ибн Зурара жана Усайд ибн Хузайрлар сыяктуу кишилердин чыгышын Аллах силерге насиб кылышын Уммат күтүп жатат. Биз силерге мурун жолдогон даъватыбызды эске салып, айтабыз:

**Эй, армиялардын сабындагы калыс офицерлер!** Силер Ислам менен дем алган жана диндеги бардык нерсени сүйгөн тирүү Умматтын бир бөлүгүсүңөр. Силер Умматтын башына түшкөн

карамүртөздүктү, ресурстар ээлеп алынганын, байлыктар талап-тонолуп, калктар кул кылынып жатканын көрүп турасыңар. Умматтын башына түшкөн карамүртөздүк силерге да жетип жатат. Бирок, ошол эле убакта адамдардын укугуна кайдыгерлик кылган, аларды жана алардын өлкөлөрүн Батыштын кул базарында сатып жаткан режимге же режимдин сакчыларына да шерик болуп жатасыңар... Андыктан, качанга чейин унчукпай турасыңар? Силерге Уммат талпынып, жардамга чакырып, силерден нусрат үмүт кылып турганда, аны жардамсыз калтырганыңар үчүн Роббиңер алдында жооп бере турган позицияны качан кармансыңар?! Билип койгула, бул дүйнөдө топтолгон бардык байлыктар жана бардык нерсе жок болуп кетет. Силер Роббиңерге туш болгондо мал-дүйнөңөр, мартабаңар, мансабыңар болбойт. Тескерисинче, режим тарабынан силерге берилген бул дүйнө маталары Кыямат күнү оор жүк болуп, силерди курчап алат. Ушул себептен улам, Умматтын ташбиши силердин да ташбишиңер болсун, максатыңар динге жардам берүү болсун. Уммат менен бирге болгула, анын маселесин колдоп-кубаттагыла. Динди колдонуп, ондогон жылдарга созулган кордук жана кулдук дооруна чекит коюучу о.э. пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык көлөкөсүндө Умматтын уурдалган кадыр-кыйматын кайра тикелөөчү мамлекетти тикелегиле. Аллахым, биз үчүн Халифалыктын тикеленишин тездет жана бизди анын аскерлеринен кылгын. Аллах Таала айтты:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱسۡتَجِيبُواْ لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمۡ لِمَا يُحۡيِيكُمۡۖ﴾

***«Эй, момундар, Аллах жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге** (т.а. динге) **даъват кылганда, аны кабыл алгыла жана билип койгула, шек-күмөнсүз, Аллах ар бир киши менен анын дилинин ортосун ээлеп турат. Албетте, Анын алдына топтолосуңар»*** [8:24] ❑

## ФАЛЕСТИН МАСЕЛЕСИН ЧЕЧҮҮНҮН ӨЗГӨРГҮС ШАРЪИЙ НЕГИЗДЕРИ

Фалестин маселесинде, «израилдин» Газага жасап жаткан согушунда, бул вужуд пайда болуп, жок кылынганга чейин жасап жаткан кылмыштарында алыс-жакындагы бардык мусулмандардын көз караштары бир болушу жана Роббилеринин динине негизделиши керек. Болуп жаткан окуяларга карата Умматта пайда болгон изгилик бизди өзгөргүс шаръий негиздерди Умматка дагы бир ирет эске салууга үндөп жатат. Бул негиздерди Уммат аң-сезимдүү түрдө түшүнүшү жана Умматты фитнага салууга, үмүтүн өчүрүүгө урунуп жаткан адамдардан таасирленбеши керек.

**Бул өзгөргүс негиздер:**

1 – **Фалестин маселеси исламий маселе болуп, мусулмандардын бардык маселелеринин энеси.** Аллах Субханаху ва Таала (эки кыбланын биринчиси жана зыярат кылына турган үч ыйык байттын бири болгон) Масжидул Аксаны зикр кылып, бул жердин айланасын т.а. Шам жерин жана Фалестинди мубарек кылып, айтты:

﴿سُبۡحَٰنَ ٱلَّذِيٓ أَسۡرَىٰ بِعَبۡدِهِۦ لَيۡلٗا مِّنَ ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡحَرَامِ إِلَى ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡأَقۡصَا ٱلَّذِي بَٰرَكۡنَا حَوۡلَهُۥ﴾

*«(Аллах) **бир түнү, Өз пендесин – ага аят-мужизаларын көрсөтүү үчүн – Масжидул Харамдан Биз айланасын берекелүү кылып койгон Масжидул Аксага сейил кылдырган аруу Зат»***[17:1]

Саййидибиз Ибрахим алайхиссалам жөнүндө айтты:

﴿وَنَجَّيۡنَٰهُ وَلُوطًا إِلَى ٱلۡأَرۡضِ ٱلَّتِي بَٰرَكۡنَا فِيهَا لِلۡعَٰلَمِينَ﴾

*«**Дагы аны жана Лутту куткарып** (аларды) **Биз бардык ааламдар үчүн мубарек кылган** (Шам) **жергесине** (жибердик)»* [21:71]

Хасан «Аллах мубарек кылган жер – бул Шам» деген о.э. муну Мужахид, Ибн Зайд жана Ибн Журайждан риваят кылган. Шейх Саъдий рохимахуллах да аны Шам деген. Ал жер анбиялар көп болгону үчүн даъват жери болуп эсептелет. Ал жерде Пайгамбарлардын кабырлары бар, ал – чогулуу жана кайра тирилүү жайы. Аллах Таала ал жерди Өзүнүн досу Ибрахим عليه السلام хижрат кылышы үчүн тандаган жер. О.э. ал жерди мусулмандар менен яхудийлер ортосундагы күрөш жерине, бизге нусрат убада кылынган жерге айлантты, шексиз, Аллах Өз убадасына эч качан

кыянат кылбайт. Демек, Аллах тарабынан мубарек кылып берилген ушундай жер мусулмандарга туруктуу душмандыкта болгон жана насраний Батыштын арканын карманган душман тарабынан басып алынды. Бул душман яхудийлер болуп, алар жөнүндө Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَۘ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَمَن يَتَوَلَّهُم مِّنكُمۡ فَإِنَّهُۥ مِنۡهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Эй, момундар, яхудийлер жана насронийлерди дос тутпагыла! Алардын айрымдары айрымдарына дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте, Аллах залим коомду хидаят кылбайт»*** [5:51]

Британиянын эмне себептен Фалестинде яхудийлер үчүн мамлекет куруп бергенин кайра үйрөнүп чыксак, муну диний эсеп-китептен келип чыгып жасаганын т.а. мусулмандар менен яхудийлер туруктуу душман экенин билгени үчүн ушундай кылганын көрөбүз. Ошондуктан, бул алардын саясатына т.а. мусулмандарды яхудийлер менен, яхудийлерди мусулмандар менен алек кылуу, мусулмандарды алсыратып, биригүүсүнө жол бербөө саясатына кызмат кылууда. Муну менен Фалестин маселеси, өз кезегинде, эл аралык күрөштүн негизги жактарынын бирине айланууда... Дагы ушундай аят жана хадистер да бар, алар үч дин (Ислам, яхудий жана насраний диндери) өкүлдөрү ортосунда хазарий күрөш болушуна, бул күрөш Кыяматка жакын мубарек Шам регионунда мусулмандар менен яхудийлер жана Батыш насранийлери ортосунда дагы да күчөшүнө далалат кылат. Чындыгында, бул кескиндик Фалестин маселесине бардык маселелерди топтоп жатат жана аны бардык маселелердин эң биринчисине айлантууда. Бул идеологиялык күрөш кеңири көлөмдүү түс алып, жер жүзүнүн бардык континентиндеги мусулмандарды Фалестин маселесине бир көз караштан, Ислам өңүтүнөн кароого үндөп жатат.

2 – **Фалестин маселесинин шаръий чечими – (израиль) деген мамлекетти жок кылуу жана ал жерде исламий жашоону кайрадан баштоо.** Негизи, Фалестин маселеси исламий маселе. Ушул себептен улам, бул чечим да исламий болушу керек. Себеби, Фалестин жеринин өкүмү ушул: ал Ислам жери болуп, бул жерди Ислам мамлекетине кайтаруу жана ал жерде исламий жашоону кайрадан баштоо зарыл. Ислам

мамлекети мусулмандардын жашоосунда жок болуп, аны тикелөө фарзга айланган соң, мамлекетти тикелөө аркылуу Исламды бийликке алып келүү маселеси Фалестин маселеси жана мусулмандардын өз өлкөлөрүндөгү маселелери менен өз ара ортоктош бир маселеге айланды. Себеби, мусулмандардын өздөрү жашап жаткан өлкөлөрдөгү шаръий милдети – ошол жерде Аллахтын башкаруусун тикелөө жана аны бардык исламий өлкөлөрдү өз ичине алган жалгыз Ислам мамлекетине кошуу. Демек, маселе жерди кайтарып алууга гана байланыштуу эмес. Себеби, бул Фалестин жана башка жерлердеги мусулмандардын жашоосунда Исламдын колдонулушун этибарсыз таштап коюуну түшүндүрөт. Ушул жерде бардык мусулман өлкөлөрүндө Аллахтын бийлигин орнотуу үчүн бириктирүүчү чакырык аркылуу бул маселе башка маселелер менен биригет. Ушул нерсе өз дини үчүн азап тартып жаткан ар кандай мусибатта Умматты бир бүтүн катары бириктирип жатканын о.э. өлкөлөрдүн эң алысынан тартып эң жакынына чейинки бардык өлкөлөрдө мусулмандар бир позицияда турганын көрүп жатабыз. Шексиз, бул Исламды кайра жашоого алып келүү, бардык мусулмандарды жана алардын өлкөлөрүн бириктирүү негизинде тикелене турган Исламий мамлекетти тикелөөнү талап кылуу позициясы. Батыш Умматтын ушул вакиълигин жана анын кооп-коркунучун түшүнүп, түшүнгөнү үчүн мусулмандарга каршы кылмыштарын дагы да күчөтүп, яхудийлердин бардык канкордуктарын колдоп-кубаттап жатат, бул жолдо эркиндиктер, тынчтык, адам укуктары деп айтып келген бардык ыфлас фикирлерин өзү тебелеп-тепсөөдө... Негизи, булардын бардыгы жалган болчу.

**3 – (израилдин) жок кылынышы туурасындагы илахий убада бар.** Башкача айтканда, Кыяматка жакын мусулмандар менен яхудийлер ортосунда согуш болору, бу согушта алар түп-тамыры менен жок кылынышы айтылган. Алар бүт өмүрүндө чар тарапта келгинди болуп жашашкан. Аллах Таала айтат:

﴿وَإِذْ تَأَذَّنَ رَبُّكَ لَيَبْعَثَنَّ عَلَيْهِمْ إِلَىٰ يَوْمِ ٱلْقِيَـٰمَةِ مَن يَسُومُهُمْ سُوٓءَ ٱلْعَذَابِ ۗ إِنَّ رَبَّكَ لَسَرِيعُ ٱلْعِقَابِ ۖ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

***«Ошондо Роббиң албетте алардын үстүнө Кыямат күнүнө чейин жаман азап менен азаптай тургандарды жиберишин билдирген. Албетте, Роббиңердин** (кафирлер үчүн) **азабы катуу,** (момундарга) **Кечиримдүү, Мээримдүү»*** [7:167]

Алар топтолушкандан кийин жок кылынышы айтылган:

﴿وَقُلْنَا مِنۢ بَعْدِهِۦ لِبَنِىٓ إِسْرَٰٓءِيلَ ٱسْكُنُوا۟ ٱلْأَرْضَ فَإِذَا جَآءَ وَعْدُ ٱلْءَاخِرَةِ جِئْنَا بِكُمْ لَفِيفًا﴾

***«Андан кийин бани Исраилге: «Мына ушул жерди мекен туткула. Анан качан кийинки*** *(бузгунчулуктун)* ***убакыт-сааты келгенде, силердин баарыңарды*** *(кайра тирилтип)* ***бир жайга топтойбуз», - дедик»*** [17:104]

Алардын топтолушу ушул мубарек жерибизде болушу, Масжидул Акса аларды кырып жок кылуунун так борбору болушу айтылган. Бул жөнүндө Аллах Таала айтат:

﴿فَإِذَا جَآءَ وَعْدُ ٱلْءَاخِرَةِ لِيَسُۥٓـُٔوا۟ وُجُوهَكُمْ وَلِيَدْخُلُوا۟ ٱلْمَسْجِدَ كَمَا دَخَلُوهُ أَوَّلَ مَرَّةٍ وَلِيُتَبِّرُوا۟ مَا عَلَوْا۟ تَتْبِيرًا﴾

***«Качан кийинки*** *(бузгунчулуктун)* ***убакыт-сааты келгенде,*** *(алар дагы)* ***жүздөрүңөрдү кара кылуулары, абалкы ирет киргендери сыяктуу Масжидул*** *(Акса)**га кирүүлөрү үчүн о.э. ээлеп алган*** *(бардык)* ***жерлерди ойрон кылуулары үчүн*** *(дагы душмандарыңарды силердин үстүңөргө жиберебиз)**»*** [17:7]

Расулуллах ﷺ айтат:

«لاَ تَقُومُ السَّاعَةُ حتَّى يُقاتِلَ المُسْلِمُونَ اليَهُودَ، فَيَقْتُلُهُمُ المُسْلِمُونَ حتَّى يَخْتَبِئَ اليَهُودِيُّ مِنْ وَرَاءِ الْحَجَرِ وَالشَّجَرِ، فَيَقُولُ الْحجَرُ أَوْ الشَّجَرُ: يَا مُسْلِمُ، يَا عَبْدَ اللهِ، هَذَا يَهُودِيٌّ خَلْفِي، فَتعَالَ فَاقْتُلْهُ، إلاَّ الْغَرْقَدَ، فَإِنَّهُ مِنْ شَجَرِ الْيَهُودِ»

**«Мусулмандар яхудийлерге каршы согушуп, мусулмандар аларды өлтүрмөйүнчө Кыямат болбойт... Ошондо яхудий таш жана дарактардын артына жашынып алса, ал тургай, таш же дарак да** (тилге кирип): **“Эй, мусулман, эй, Аллахтын пендеси, мына, артымда яхудий турат, кел, аны өлтүр”, - дейт. Гаркад дарагы гана андай дебейт. Себеби, ал яхудийлердин дарагы».** (Имам Муслим риваяты). Бул жаңжалды күзөткөн киши бир таянакка т.а. мусулмандар жакында (израиль) мамлекетин жок кылат деген тыянакка келет. Негизи, күрөш ылдам ушуга карап бара жатат. Бул вакиълик шариятты тастыктап, мусулмандардын Аллах аларга нусрат бериши жөнүндөгү убадасына болгон ишенимди дагы да бекемдеп жатканын түшүндүрүүдө. Аллах Тааланын нусрат бериши туурасында хадистерде да келген. Мисалы, Расулуллах ﷺдын:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

**«Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот»,** деген башараты рошид Халифалыктын тикелениши аркылуу бериле турган нусратты жана яхудийлерди жеңе турган нусрат:

«تُقَاتِلُكُمْ يَهُودُ فَتَقْتُلُونَهُمْ»

**«Кийин яхудийлерге каршы согуш кыласыңар жана аларды өлтүрөсүңөр».**

«إِنَّ اللهَ زَوَى لِيَ الْأَرْضَ مَشْرِقَهَا وَمَغْرِبَهَا، وَسَيَبْلُغُ مُلْكُ أُمَّتِي مَا زَوَي لِيَ مِنْهَا»

**«Аллах жерди мага топтоп көрсөттү, ошондо анын күн чыгышынан күн батышына чейинки бардык жайларын көрдүм. Аныгында, Умматым мүлкү мага топтоп көрсөтүлгөн жайларга чейин жетип барат».** Аллах Тааладан бизди ушул нусратка жеткендерден кылышын сурайбыз.

4 – **Яхудийлерге каршы согуш шаръий согуш болушу, Фалестин маселесинин чечими шаръий чечим т.а. жихад болушу керек.** Себеби, биздин аларга каршы күрөшүбүз акыйдавий, алардын да бизге каршы күрөшү акыйдавий болуп эсептелет. Алар мусулман жерди басып алышты, элин кууп чыгарышты, алардан өч алышты жана катуу азаптарга салышты. Алар дагы эле америкалык, европалык жана башка душмандар менен мусулмандарга каршы тил бириктирип келишет. Бул бизди Исламдын бардыгы Фалестинде да, башка өлкөлөрүбүздө да Аллах үчүн болгонго чейин Аллахтын яхудий душмандарына каршы жихад кылууну буйруп жатат. Ошондуктан, яхудийлерге каршы согушууга ушул көз караштан кароо керек. Фалестинде яхудийлер менен болуп жаткан согуш шаръий согуш болгону үчүн анын чечими да шаръий болушу керек. "Эки мамлекет" чечими же башка чечимге ыраазы болбоо керек. Фалестиндин кымындай жерине да кайдыгерлик кылып болбойт. О.э. БУУдан да, кафир Батыш мамлекеттеринен да өкүм суралбайт, себеби, бул алардын кызыкчылыгына иштейт. Бул маселенин башынан аягына чейин исламий маселе. Эл аралык мыйзамдар жана Батыштын тил бириктирүүлөрү негизги роль ойнобошу зарыл. Залим режимдерге мыйзамдуулук түсүн бербөө керек. Фалестин маселеси бир гана Аллах үчүн, ал шаръий согуш т.а. жихад менен гана чечилет, андан башка кеп жок.

5 – **Эгер, яхудийлерге каршы шаръий негизде согушкан жамааттар болуп, бирок, алардын саясий жетекчилери –**

**учурда сунушталып жаткандай – яхудийлер үчүн бир мамлекет, фалестиндик мусулмандар үчүн бир мамлекет деп "эки мамлекет" чечимин т.а. нашаръий чечимди талап кылып жатышкан болсо,** мындай жамааттардын аскерий аракеттери моюнга алынат, себеби, ал яхудийлерге каршы жихад. О.э. алар чындыгында мужахид болуп, алардын каза болгондору ажрын Аллахтан алат. Бирок, алардын саясий жетекчилерине келсек, нашаръий чечимди талап кылып жатышканы үчүн аларга раддия билдирилет жана кылган аракеттери, билдирүүлөрү кескин шаръий түрдө сындалат. Аларга "эки мамлекет" талабы жаиз эмес, ал шаръий түрдө оор харам амалы деп насаат кылынат. Анткени, алар Аллахтан башканын т.а. БУУнун өкүмүнө ыраазы болушууда, бул уюмдун нашаръий өкүмүн кабыл алышууда. Ушул себептен улам, шарият акысына жана мусулмандардын укугуна кайдыгерлик үчүн алар эскертилет. Ушуга ылайык, Аллахтан алардын аскерий амалдарына береке берүү суралат, колдоп-кубатталат жана Аллахтан аларга ийгилик сурап акыларына дуа кылынат, бирок, саясий аракет жана нашаръий чечим четке кагылат. Ушул орунда эки нерсенин ортосунда чоң айырма бар экенин көрөбүз. Себеби, алар жасап жаткан жихад итааттын эң жогорку чокусун калыптандырып жаткан болсо, алардын жетекчилери ишке ашырып жаткан саясий амал Аллахтын каарын келтирүүдө. Демек, бүткүл мусулмандар, өзгөчө мужахиддер кайда бара жатышканын анык белгилеп алышы кажет. Баса белгилеп айтсак, жихадий аракетке асылуу жана аны токтотуу жаиз эмес. Аскерий аракеттер саясий позиция менен тыгыз байланып, саясий позициясы аскерий аракеттин максаттарын ишке ашырууга кызмат кылып жатканы анык болсо гана жаиз. Мусулмандар көңүл бурушу жана этият болушу зарыл болгон нерселер ушулар.

6 – **Фалестин маселесинин чечими – мурун да, учурда да – Исламий Халифалык мамлекетинин болушуна байланыштуу:** Фалестин маселеси башынан эле Халифалыкка байланыштуу болгон. Халифа Абдулхамид II рохимахуллах сионисттердин жетекчиси Герцлдин сунушун четке какты. Герцл Усманий мамлекетке миллиондогон алтын теңге акысына яхудийлерди Фалестинге мигрант катары кабыл алууну сурайт. Ошондо халифа Абдулхамид өзүнүн белгилүү сөздөрүн айтат: «Герцлге насаат кылгыла, бул темада олуттуу кадам шилтебесин. Себеби, мен Фалестиндин бир ууч жеринен да баш тарта албайм.

Себеби, ал менин мүлкүм эмес, ал Ислам Умматынын мүлкү. Элим бул жер үчүн жихад кылып, аны каны менен суугарган. Демек, яхудийлер миллиондорун сактап коюшсун, бир күн келип Халифалык мамлекети куласа, Фалестинди бекерге алышы мүмкүн. Бирок, мен тирүү экенмин, Фалестиндин Усманий Халифалык мамлекетинен бөлүп салынганын көрүүдөн көрө денемдин кескилениши мен үчүн жеңил». Чындыгында ушундай болду. Исламий Халифалык мамлекетин кулатышканга чейин мамлекет куруу Британиянын да, яхудийлердин да колунан келбеди. Ал эми, яхудий вужудун жок кылуу Халифалыкка байланыштуу деген фикирге келсек, яхудийлерге каршы согушуу жана алардын мамлекетин жок кылып, Фалестин жерин мусулмандарга кайтаруу коргонуу жихады болуп эсептелет. Бул түпкүлүгүндө Ислам мамлекетине муктаж эмес, Ислам мамлекети жок болсо да Фалестинди азат кылуу фалестиндик жана башка жерлердеги мусулмандарга фарз. Эгер, бул фарзды ишке ашырууда күч жетспесе, фарздын алкагы кеңейип, бардык мусулмандарды өз ичине алат. Бирок, вакиъге карасак, исламий өлкөлөрдүн башында турган Батыштын малай өкүмдарлары буга тоскоолдук кылып жатат. Мусулмандар бул тоскоолдукту алып салышы керек жана бул фарз. Бул болсо, исламий мамлекетти тикелөө аркылуу болот. Түпкүлүгүндө, шаръий өкүм боюнча Фалестинди азат кылуу үчүн Ислам мамлекети шарт эмес. Бирок, вакиълик жагынан алганда бул фарзга тигил өкүмдарлар жол бербей жатат. Демек, мусулмандар бул фарзды ишке ашыруучу Халифалык мамлекетин тикелеши шарт болот. Бул «Фарзды аткаруу үчүн зарыл болгон нерсе да фарз» деген шаръий коидага ылайык аткарылат о.э. Халифалык мамлекетин тикелөө фарз экендигине кошумча шаръий далил болот.

7 – **Фалестин маселесинин чечими өкүмдарларды кулатууга байланыштуу:** бул өкүмдарлар Фалестиндин азаттыгы алдында чоң тоскоолдук болууда. Батыш аларды (израиль) мамлекетин коргоочу дубал кылып тургузуп койгон. Айрыкча, Фалестинди курчап турган мамлекеттер (Мисир, Иордания, Сирия, Ливан) жана башка мамлекеттер армиялар жана мусулмандарды Фалестинди азат кылуусуна тоскоолдук кылып жатышат. Бул мамлекеттер ал тургай баскынчы вужуд менен мамилелерди нормалдаштырууга жашыруун-ашкере аракет кылып жатышат. Алардын Фалестин маселесине карата негизги көз карашы жан

берүү, моюн сунуу, кыянат, жеңилүү жана маселени башкаларга тапшыруу деп бааланган көрүнөт. О.э. алардын бул маселеге карата позициясы яхудийлерди "эки мамлекет" чечими аркылуу тынчтыкка чакырууда о.э. нормалдаштыруу саясатына жана америкалык кожоюндары кабыл алган ар кандай чечимге ыраазы болууда көрүнөт. (израиль) бул өкүмдарларга душман деген этибарда мамиле кылбайт, тескерисинче, анын реалдуу проблемасы – мусулман калктар. Бул жөнүндө канкор Нетаньяху Садаттын (израилге) сапар кылышынын кырк жылдыгына карата (израиль) парламентинде сүйлөгөн сөзүндө айтты: «Тынчтыкты кеңейтүү алдындагы эң чоң тоскоолдук – бул биздин айланабыздагы мамлекеттердин жетекчилери эмес, тескерисинче, араб көчөлөрүндө өкүмдарлык кылып жаткан коомдук фикир. Мээлери мындай фикирден тазалоо керек, себеби, ал көп жылдардан бери (израиль) жөнүндө туура эмес жана калыс эмес фикир берүүдө». Ошентип, бул сыяктуу саткын өкүмдарлар турган соң, Фалестинди азат кылуу мүмкүн эмес экенин көрүп жатабыз. Ушул себептен улам, аларды режими менен кошо жок кылып, ордуна бир бүтүн мамлекетте т.а. Халифалык мамлекетинде Ислам бийлигин тикелөө зарыл. Мына ошондо Фалестиндин азаттыгына карай кошуундар жана исламий калктар сапарбар кылынат.

**8 – Фалестин маселесинин чечими армияларды аракетке келтирүүгө байланыштуу:** белгилүү болгондой, кафир Батыш Халифалык мамлекетин кулатып, аны мамлекетчелерге бөлүп салып, алардын башына ага малай өкүмдарларды жана буйругунан четке чыкпаган армия командачыларын орнотуп, бул өлкөлөрдүн саясатын Батыштын кызыкчылыгы боюнча алып бара турган кылып, Ислам шариятын турмуштан бүтүндөй чыгарып, Фалестинге ыплас яхудийлерди канжар кылып сайып койду. Батыштын мындай бөлүштүрүү жана яхудийлерди тыгыштыруудан максаты – бул нерселерди мусулмандарга мажбурлап тыгыштыруу жана аны табигый абалга айлантуу. Бирок, Уммат муну кабыл албады, тескерисинче, бардыгы яхудий вужудуна каршы чыгып, согушууну каалашты. Ошондо аларга Фалестиндин айланасындагы мамлекеттер каршы чыгып, согушууга жол беришпеди. Акыбетте, яхудийлер менен болгон күрөш анын айланасындагы мамлекетчелерге чектелди, андан кийин ал дагы да кичирейтилип, Фалестин калкына чектелди. Ал тургай, яхудийлер менен Батыш Фалестин калкы үчүн америкалык генерал Дайтондун колу менен

кичине администрация жана күчсүз кошуун жасап берди... Бул кошуун каршылык кыймылындагы калыс мусулмандарга каршы күрөшө турган болду.

Бирок, (израиль) мамлекет болгону үчүн ага каршы мамлекет катары күрөшүү, армиясы бар болгону үчүн ага каршы армия катары согушуу керек. Демек, яхудийлерди жок кылуу маселесинде оболу өкүмдарлардын дубалын бузуп, аларды тактыларынан кулатуу жана кошуун арасындагы аларга көз каранды офицерлерди тазалоо керек. Бул жерде өзгөчө баса белгилөө зарыл, мусулман өлкөлөрүндөгү кошуундар өкүмдарлардын бир бөлүгү эмес, Умматтын бир бөлүгү. Ушул кошуундагы командачылар жана коопсуздук кызматындагы командачылар гана Умматтын бөлүгү эмес, ага жат адамдар. Батыш жана ага көз каранды өкүмдарлар бул командачыларды ушул режимдерди коргоо о.э. ага каршы пайда болгон ар кандай кооп-коркунучту алдын алуу, адамдарды режимдин саясаты боюнча жүрүүгө мажбурлоо үчүн тандаган. Бирок, алардан башкалары калыс офицер жана аскерлер болуп эсептелишет.

Фалестин маселесине карата кандай жандашуу керектигине келсек, өкүмдарлар (израиль) армиясына каршы өз армияларын аракетке келтиришкен жок. Аракетке келтиришсе да Фалестинди азат кылууга жана (израиль) мамлекетин жок кылууга тиешеси жок белгилүү бир максат жана план негизинде кылып жатышат, кудум 1967 жана 1973-жылдарда кылышкандай. Демек, бул кошуундардагы офицер жана аскерлер билиши зарыл: алардын мойнунда динине нусрат берүү жана Умматына жардам берип, абалдарды оңдоо милдети турат. Өкүмдарлар аларды ар кандай аракеттен тыят. Ошондуктан, алар бул өкүмдарларды жок кылуу жана Ислам мамлекетин тикелөө үчүн даъватчылар менен бирге аракет кылышы зарыл. Бул офицер жана аскерлер өкүмдарлардын аларга эч кандай аракет кылуусуна жол бербей жатышканын унутушпасын. Ушул себептен улам, алар өкүмдарларды кулатуусу жана даъватчылар менен биргеликте Ислам мамлекетин тикелөөсү керек. Ошондон кийин жихад кылып (израилди) жок кылуудан өз милдеттерин аткарышат.

**9 – Ислам Умматы бир уммат болуп, алыскы-жакындагысы бири-бирине жардам берет, алардын маселелери да бир.** Ошондуктан, исламий өлкөлөрдүн кайсы биринде мусулмандарга душмандык кылынса алар шексиз

жардамга шашылып жатканын көрүп жатабыз. Демек, бул душмандык Фалестинде болгондо, алардын көпчүлүгү согушка аттанып, үй-бүлөсүн, өлкөсүн, ырыскысын таштап, согушка шашып жатканына күбө болуп жатабыз. Бул Афганистанда да Советтер Союзуна, андан кийин АКШга каршы ушундай болду. Сирияда да ушундай болду, алардын көпчүлүгүн четтен келген «мухажирлер» деп аташты. Андан мурун Босня жана Герцеговинада ушундай болгон эле. Ошондуктан, мусулман өлкөлөрүнүн кайсы биринде бирер бийлик өзгөрсө, бул өзгөрүү башка тогуттардын өзгөрүшүнө да көчөт, арийне, (израиль) чегараларына да жетип келет.

**Ооба, мусулмандардын маселеси бир маселеге, бардык мусулман өлкөлөрүн бириктирүүчү Ислам мамлекетин тикелөө маселесине айланды.** Бул мусулмандардын ар кандай маселесин чече турган, аларды бир мамлекетте бириктирип, бакубат жашоо менен камсыздай турган, Исламды колдонуп, аны дүйнөгө алып чыга турган о.э. эч бир күнөөдөн уялбай жаткан залим режимдерге чекит коюп, хадисте келгендей, яхудий вужудун жок кыла турган Халифалык мамлекетин тикелөө маселеси. Аллах Таала айтат:

﴿وَعۡدَ ٱللَّهِۖ لَا يُخۡلِفُ ٱللَّهُ وَعۡدَهُۥ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«(Бул) Аллахтын убадасы. Аллах Өз убадасына тескери иш кылбайт. Бирок, көп адамдар муну билишпейт»*** [30:6] ❑

## ЭЙ, АРМИЯ САБЫНДАГЫ ОФИЦЕРЛЕР! ЯХУДИЙ ВУЖУДУНА КАРШЫ КҮРӨШТӨ СИЛЕРДИ АРТТА КАЛТЫРГАН, ЯХУДИЙЛЕРДИ КЫЙРАТЫП, КОРКУУГА САЛГАН ГАЗА КААРМАНДАРЫНАН ҮЛГҮ АЛБАЙСЫҢАРБЫ... ЭМНЕНИ КҮТҮП ЖАТАСЫҢАР?!

## (Устаз Ахмад Касастын Газадагы элибизге тилектештик билдирүү күнүндө сүйлөгөн жума хутбасы)

**Биринчи хутба:**

Бизди ушул динге хидаят кылган Аллахка мактоолор болсун. Эгер, Аллах хидаят кылбаганда биз туура жол таппаган болот элек. Аллах жалгыз жана шериги жок экенине, Мухаммад Анын пендеси, Расулу, тандаганы жана досу экенине күбөлүк берем. Аллах Өз Расулун ал тургай мушриктер жактырышпаса да бардык диндерден үстөм болушу үчүн акыйкат дин менен жиберди. Аллахым, Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺга, ал кишинин сахабаларына жана Кыямат күнүнө чейин анын хидаятын ээрчиген жана сүннөтүн жакшылык менен кармаган кишилерге саламдар жана берекелер жаадыр. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ حَقَّ تُقَاتِهِۦ وَلَا تَمُوتُنَّ إِلَّا وَأَنتُم مُّسۡلِمُونَ﴾

***«Эй, момундар, Аллахтан чыныгы коркуу менен корккула жана мусулман болгон абалыңарда гана*** *(бул)* ***дүйнөдөн өткүлө!»*** [3:102]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱتَّقُواْ رَبَّكُمُ ٱلَّذِي خَلَقَكُم مِّن نَّفۡسٖ وَٰحِدَةٖ وَخَلَقَ مِنۡهَا زَوۡجَهَا وَبَثَّ مِنۡهُمَا رِجَالٗا كَثِيرٗا وَنِسَآءٗۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ ٱلَّذِي تَسَآءَلُونَ بِهِۦ وَٱلۡأَرۡحَامَۚ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَلَيۡكُمۡ رَقِيبٗا﴾

***«Эй, инсандар! Силерди бир жандан жараткан жана андан жубайын пайда кылган о.э ал экөөнөн көп эркек жана аялдарды тараткан Раббиңерден корккула! Дагы араңардагы суроо-жооптордо ортого наамы салына турган Аллахтан корккула жана тууган уругуңар*** *(менен ажырашып кетүүдөн сактангыла).* ***Албетте, Аллах үстүңөрдө күзөтүүчү»*** [4:1]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَلۡتَنظُرۡ نَفۡسٞ مَّا قَدَّمَتۡ لِغَدٖۖ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۚ إِنَّ ٱللَّهَ خَبِيرُۢ بِمَا تَعۡمَلُونَ﴾

***«Эй, момундар, Аллахтан корккула жана*** *(ар бир)* ***жан эртең*** *(Кыямат күнү)* ***үчүн эмнени*** *(т.а. кандай жакшы амалды)* ***илгери***

***кылганын карасын! Аллахтан корккула! Албетте, Аллах кылып жактан ишиңерден кабардар»*** [59:18]

Амма баъд, эй, момундар, эй, Акса мечитинде намаз окууга ашыгып жаткандар, эй, ортодо тосмо болсо да, Газадагы бордошторуна жардам берүүгө шашылып жаткандар, эй, Аллахтын таква пенделери! Аллах Субханаху ва Таала Өзүнүн азиз Китебинде айтат:

﴿فَلْيُقَٰتِلْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ ٱلَّذِينَ يَشْرُونَ ٱلْحَيَوٰةَ ٱلدُّنْيَا بِٱلْءَاخِرَةِ ۚ وَمَن يُقَٰتِلْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ فَيُقْتَلْ أَوْ يَغْلِبْ فَسَوْفَ نُؤْتِيهِ أَجْرًا عَظِيمًا ۝ وَمَا لَكُمْ لَا تُقَٰتِلُونَ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱلْمُسْتَضْعَفِينَ مِنَ ٱلرِّجَالِ وَٱلنِّسَآءِ وَٱلْوِلْدَٰنِ ٱلَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَآ أَخْرِجْنَا مِنْ هَٰذِهِ ٱلْقَرْيَةِ ٱلظَّالِمِ أَهْلُهَا وَٱجْعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ وَلِيًّا وَٱجْعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ نَصِيرًا ۝ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ يُقَٰتِلُونَ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ ۖ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ يُقَٰتِلُونَ فِى سَبِيلِ ٱلطَّٰغُوتِ فَقَٰتِلُوٓا۟ أَوْلِيَآءَ ٱلشَّيْطَٰنِ ۖ إِنَّ كَيْدَ ٱلشَّيْطَٰنِ كَانَ ضَعِيفًا﴾

***«Аллах жолунда бул дүйнөнүн акысына Ахиретти сатып ала тургандар согуш кылышсын. Ким Аллах жолунда согушуп курман болсо, же жеңип чыкса, ага чоң сыйлык беребиз.*** *(Эй, момундар)*, ***силерге эмне болду, Аллах жолунда жана «Роббибиз, бизди тургундары залим болгон бул шаардан азат кыл жана бизге Өз алдыңдан бир дос бергин, бизге Өз алдыңдан бир жардамчы кылгын» деп жаткан эркектер, аялдар о.э. балдардан турган бечаралар***(*ды азат кылуу*) ***жолунда согушпай жатасыңар?! Ыйман ээлери Аллах жолунда согушат, кафирлер болсо шайтан жолунда согушат, демек, шайтандын досторуна каршы согушкула, албетте, шайтандын айла-амалы күчсүз»*** [4:74-76]

Башка көптөгөн аяттар сыяктуу бул улуу аяттардагы жихад аяттарынын лаззатын жетинчи октябрь таңында бир аз татып көрдүк. Бул лаззатты бизди залим жана бузгунчу өкүмдарлар, өлкөбүздөгү тактыга минип алган Батыштын малайлары таттырбай келишет. Биз анын лаззатын жана даамын согуш даярдыгы аз болсо да, ыймандуу, кайраттуу, бекем, бейишти эңсеген жана Ислам динин колдоп-кубаттоого умтулган бир топ каармандар демилге көрсөткөндө татып көрдүк.

Ошол мубарек таңда Ислам Умматы жеңиш шаттыгын татып, арстандар жана каармандар Умматы экенин билди. Уммат жеңилгис делип жаткан вужуд жөргөмүш уясы экенин билди. О.э.

мусулман армияларынын бири, ал тургай, жарымы, же чейрек бөлүгү, же ондон бири чечим кабыл алса, көз ачып жумганча жеңиле турган картон вужуд экенин билди. Яхудий вужудуна шайтандын азгырууларын дээрлик унуттурган ушул мубарек согуш жөнүндөгү кабарды уккан соң, бүткүл дүйнө мусулмандары тактыээлеринин жүрөгүндө намыс ойгонот деп күтүшкөн. Бирок, бул такты ээлери рижал эмес. Тескерисинче, аялдар силерге караганда эр жүрөк, кайраттуу жана март, эй, такты ээлери. Уммат армия командачылары козголот жана Умматты азаптап жаткан акимге эмес, Умматка кошулат деп үмүт кылган. О.э. бардык жайлардагы жана континенттердеги мусулман армиялары «Оо, Исламым!», «Оо, Умматым!» деген жалбарууларга кулак салып, козголот деп күткөн. Бирок, жалбаруулар адилетсиз жана бузгунчу өкүмдарларынын кулагына жетген жок, азырга чейин бир да аскербашы жана офицердин кулагына жетпеген кайрылуу боюнча калды. Себеби, алардын жүрөктөрү карайып, дат баскан... Алардын бардыгы кордук, зулум-зомбулукту өздөрүнө ылайык көрүшөт.

Бул мусулмандардын абалы. Тарых кайталанууда. Ислам Умматы тогуз кылым мурун биз азыр башыбыздан өткөрүп жаткан ахвалды башынан өткөрүшкөн. Ал кезде өзгөчө Фалестиндин айланасы жана Масжидул Акса бөлүштүрүлгөн жана бөлүнгөн, амирлер, султандар жана такты кулдары такты үчүн күрөшкөн. Уммат бийлиги үчүн атаандашуу, адамдарга менменсинүү жана зомбулук кылуудан башка ташбиши болбогон арамза адамдар ортосунда бөлүнүп алынган. Мисирде өздөрүн Фатимий халифалар деп атагандар өкүмдар болуп, Мисирди башкарган жана Аксаны өз салтанатына кошуп алышкан. Шам өлкөлөрү болсо амир жана султандар ортосунда бөлүнүп, Франк кошуундары Батыш Европадан жүрүш жасашы, мусулман өлкөлөрүнө кирип барышы, Түндүк Шам жана анын жээктерин ээлеп алышы, Аксага чейин жетип барышы үчүн жол ачык эле. Крест байрагын көтөргөн варварлар алдында Фатимийлер кошууну жеңилди. Амир жана султандар Аксаны куткаруу үчүн жардам жибере алышкан жок. Ошондо Аксада Куддус калкынан болгон жетимиш миң киши топтолгон. Кылмышкерлер ушул жетимиш миң мусулмандын канын төгүштү... дене мүчөлөрүн кесишти, курсактарын жарышты, канын ичип, эттерин жешти... Кошуун кайда?! Амирлер кайда?! Султандар кайда эле?! Алар ондогон жылдардан бери өз ара такты талашып, кеңейүү жана көп салык топтоо үчүн күрөш алып барышкан.

Умматты ушул арамза өкүмдарлардын артынан чыккан киши гана куткара алат эле. Ошондо амир жана султандардын перзенттеринин тарбиячылары болгон аталыктар чыкты жана байракты көтөрүп, жоопкерчиликти өз мойнуна алышты. Алардын эң улууларынын бири Шам өлкөсүнүн түндүгүнөн чыккан Имадуддин Зангий болду. Ал кресттүүлөрдүн княздыгы болгон Руха княздыгын жок кылды. Андан кийин байракты Нуриддин Махмуд көтөрдү жана кресттүүлөргө каршы жихадды улантты. Нуриддин Махмуддан кийин байракты исламий тарых каарманы Салахиддин өз колуна алды. Мусулмандар аны Аксанын куткаруучусу деп таанышты. Салахиддиндин ийгилиги эмнеде болду?

Салахиддиндин ийгилиги – ал өздөрүн Фатимийлер жана Расулуллахтын орун басарлары деген Абадиндер мамлекетине чекит койду. Мисирге аким болуп, аны Багдад Халифалыгына моюн сундурду. Мисирди Шамга кошуп, кресттүүлөр өлкөсүн жана княздыктарын жок кылды. Өз чечимине ээ, өз нафсин Аллах жана Исламга жардам берүү жолунда сайган султаны бар мамлекет пайда болгондон кийин мусулмандарга убакыт келди. Салахиддин залимдерге каршы чабуул кылып, аларды Хиттин казатында жеңди. Кресттүүлөр Куддуста токсон жыл өкүмдарлык кылгандан кийин мусулмандар аны азат кылды. Иш ушул жерде токтоп калбады, кресттүүлөрдүн Триполиде княздыгы болгон, алар Триполини эки кылымдан бери ээлеп турушкан. Шам жээктеринде кресттүүлөрдүн калгандары дагы эле болгон. Ошондон кийин байракты бир күн да падыша же канзада болбогон, Айюбийлар армиясында аскер жана офицер болгон колдор өз колуна алышты. Алар кул болушкан, андан кийин Ислам тарыхындагы, ал тургай, адамзат тарыхындагы улуу кишилерге айланышты. Алар адамзат тарыхындагы эң үрөй учурган баскынчылыкка туш келишти. Бул монголдордун баскынчылыгы болуп, монголдор миллиондогон адамдарды кырышты. Ошондо мамлуктар командачысы Музаффар Кутз Айн Жалутта жеңилгис делген кошуунду жеңди. Ислам себептүү командачыга айланган кул ошол убактагы эң күчтүү армияны талкалады.

Андан кийин Захир Бейбарс жана Мансур Калавундар келди. Мансур Калавун силердин ушул өлкөңөрдү азат кылып, аны Дарул Исламга кайтарды. Бул нерселер, эгер Уммат өз нафсин шайтанга саткан, яхудий вужуду менен тил бириктирип, блокадага катышкан о.э. Газа жана Батыш Жээк калкын курчоого алган, баскынчыларга

каршы күрөшүү үчүн Фалестинге барууга аракет кылган ар кандай мужахидди колго алган өкүмдарлардын артында эмес, жихад кылууга жана Исламды колдоп-кубаттоого убада берген өкүмдарлардын артында сап тартса, жеңип чыгышына далалат кылат. Фалестин жерине жетпей туруп канчалаган мужахид Сисийдин огуна кабылды, канчалаган мужахид Фалестин чегарасына жетпей, Иордания королунун окуга туш болду, канчалаган мужахиддер яхудий вужудуна ракета атмакчы болгондо каршылыкты айтып жаткандар тарабынан туткунга түшүрүлүп аскерий сотко өткөрүлдү. Алар көптөн бери Фалестинди курчап алып, яхудий вужудун коргошууда! Аллахка ант болсун, бул вужуд ондогон жылдардан бери өзүндөгү жеке кубат жана күч менен турган жок. Аллах Таала алар жөнүндө мындай кабар берген:

﴿أَحۡرَصَ ٱلنَّاسِ عَلَىٰ حَيَوٰةٖ﴾

***«Алар жашоого ач көз кишилер экенин** (көрөсүң)**»*** [2:96]

﴿يَوَدُّ أَحَدُهُمۡ لَوۡ يُعَمَّرُ أَلۡفَ سَنَةٖ وَمَا هُوَ بِمُزَحۡزِحِهِۦ مِنَ ٱلۡعَذَابِ أَن يُعَمَّرَۗ﴾

***«Алардын айрымдары миң жыл өмүр сүрүүнү көксөшөт. Акыйкатта болсо, узун өмүр аны азаптан алыстатпайт»*** [2:96]

О.э. Аллах Таала алар дубалдардын артында гана согуш кылышын билдирип айтты:

﴿لَا يُقَٰتِلُونَكُمۡ جَمِيعًا إِلَّا فِي قُرٗى مُّحَصَّنَةٍ أَوۡ مِن وَرَآءِ جُدُرِۭۚ﴾

***«Алар биргелешкен абалдарында, силер менен жалгыз калаа-коргондуу айылдар ичинде** (бекинип) **же дубалдар артында гана согуша алышат»*** [59:14]

Алар Аллахтын коркок пенделери, алар кожоюндары берген технология, танктар жана самолёттор менен турушкан жок. Аллахка ант, алар мусулман өкүмдарлары аларды коргошу, пайда болгондон бери өкүмдарлардын тил бириктирүүсү менен турушат. Алар Мисир, Иордания, Хижаз, Нажд, Ливан, Сирия жана башка мусулман өлкөлөрүнүн өкүмдарларынын тил бириктирүүсү менен турушат. Ошолордун тил бириктирүүсү ушул вужуддун кулабай турушуна мүмкүнчүлүк берди. Далилдер ушуну көрсөтүп жатат, бир топ каармандар өз тарыхында эч качан татып көрбөгөн соккуну яхудий вужудуна берди. Эгер, армия согушууга чечим кылса эмне болот? Фалестинди курчап турган жерлерден биринин чегаралары ачылса, мужахиддер бир сапка тизилип «Аллахтан

башка кудай жок, Мухаммад Аллахтын Расулу» байрагы астында жүрүш кылса, эмне болот?

Эй, боордоштор, эй, адамдар, мусулман өлкөлөрүндө даярдык жана сан жагынан дүйнөдө эң күчтүү эсептелген армиялар бар экенин билесиңерби? Айрым мусулман өлкөлөрү бир нече армияларды жеңе ала турган кубатка ээ экенин билесиңерби? Мисалы, Пакистан армиясы дүйнөдөгү эң күчтүү армиялардын бири. Бирок, анын атом бомбасы Ислам жана мусулмандарга жардам берүү үчүн эмес, сыймыктануунун жакшы экспанаты болуп турат. Мисир армиясы дүйнөдөгү эң күчтүү армиялардын бири. Саудиянын аба флоту дүйнөдөгү эң күчтүү аба флотторунун бири. Түркия армиясы дүйнөдөгү эң күчтүү он армиянын бири болуп, самолёт жана танктарын өзү иштеп чыгарат. Бирок, бул армиялар Куддуска барчу жолду билбейт, ички фитналарга жолду билет. Саудия армиясы Яман тарапка жана Ливиядагы Хафтар тарапка жолду билди. Эмираттардын самолёттору Триполи тарапка жолду тааныды, Түркия армиясы Азербайжан жана Ливия тарапка жолду тааныды, Пакистан армиясы америкалыктар менен согушка катышуу үчүн Афганистан тарапка жолду тааныды. Бирок, алардын бири да Куддус тарапка жолду тааныган жок. Эмнеге, эй, коркоктор?

Мен тактыдагы өкүмдарларга кайрылып жатканым жок, себеби, алар бизден эмес, биз алардан эмеспиз. Мен жүрөгүндө ыйманы, дини, эркектиги жана эрдиги болгон кишилерге кайрылып жатамын. Качан диниңерге жана Умматыңарга жардам берүүгө жана Аллах жолунда шахид болууга умтуласыңар? Жихад аяттарын, шахиддик аяттарын көп окугансыңар. Өлүмдү эч ким тездете албашын да, кечитире албашын да окугансыңар. Аллах Тааланын:

﴿أَيۡنَمَا تَكُونُواْ يُدۡرِككُّمُ ٱلۡمَوۡتُ وَلَوۡ كُنتُمۡ فِي بُرُوجٖ مُّشَيَّدَةٖ﴾

***«Кайда болсоңор да, бекем чеп ичинде болсоңор да өлүм силерди таап алат»*** [4:78]

деген аятын:

﴿وَمَن يُقَٰتِلۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَيُقۡتَلۡ أَوۡ يَغۡلِبۡ فَسَوۡفَ نُؤۡتِيهِ أَجۡرًا عَظِيمٗا﴾

***«Ким Аллах жолунда согушуп курман болсо, же жеңип чыкса, ага чоң сыйлык беребиз»*** [4:74]

деген аятын көп окугансыңар. Эмне үчүн Америкага гана жооп бересиңер? Эгер, Америка өкүмдарларыңардын укугу бүттү, аны

кетиргиле дегенде өз өкүмдарларына каршы козголгон офицерлерди көп көргөнсүңөр. Эмнеге алар Американын кайрылуусуна жооп берип жатышат, бирок силер өз Роббиңердин кайрылуусуна жооп бербей жатасыңар? Эмне үчүн Аллахтын кайрылуусуна жооп бербейсиңер? Деги, Аллах:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱسۡتَجِيبُواْ لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمۡ لِمَا يُحۡيِيكُمۡۖ﴾

***«Эй, момундар, Аллах жана Анын Расулу силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге** (т.а. динге) **даъват кылганда, аны кабыл алгыла»*** [8:24]

деп жатат. Эмне үчүн жесирлердин кайрылуусуна жана:

﴿رَبَّنَآ أَخۡرِجۡنَا مِنۡ هَٰذِهِ ٱلۡقَرۡيَةِ ٱلظَّالِمِ أَهۡلُهَا وَٱجۡعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ وَلِيّٗا وَٱجۡعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ نَصِيرًا﴾

***«Роббибиз, бизди ээлери залим болгон бул шаардан азат кыл жана бизге Өз алдыңдан бир дос бергин, бизге Өз алдыңдан бир жардамчы кылгын»*** [4:75]

деп жаткан эркектер, аялдар о.э. балдардан турган бечаралардын кайрылуусуна жооп бербейсиңер?!

Американын айтканы силер жооп беришиңер үчүн татыктуубу? Силерге эмне болду?! Кандай адилетсиз өкүм чыгарып жатасыңар? Умматыңардан, балдарыңардан, боордошторуңар жана аялдарыңардан уялбайсыңарбы? Силер жылдызыңарды, кылычтарыңарды жана медалдарыңарды көрсөтүп жатасыңар. Ислам Умматынын каны төгүлүп жатканын көрүп турасыңар. Силер Аксанын алдан тайып жатканын көрүп турасыңар. Силер эркексиңерби? Мен силерден командачысыңарбы деп сураганым жок, эркексиңерби деп сурап жатам. Эркектер ушуга ыраазы болушабы? Эркектер казармаларда жашынууга ыраазы болушабы? Эркектер зордукчул жана адашкан өкүмдарлар берген үйлөр жана бийлик сыяктуу арзыбаган дүйнө маталарына ыраазы болушабы? Силерге эмне болду? Кандай адилетсиз өкүм чыгарып жатасыңар? Силер бул дүйнөдө түбөлүк жашайбыз, анын акыры жок деп ойлойсуңарбы? Эмнени күтүп жатасыңар? Аллахка ант, артыңарда миллиондогон кошуундар турат, эгер алардын арасында Ислам байрагын көтөрсөңөр, алар Ислам жерлери, Исламдын алыскы чектери жана Ислам Умматы үчүн жанын беришмек. Эй, залимдер эмне кылып жатасыңар? Эй, кылмышкерлер эмне кылып жатасыңар? Ушул эки жүздүү вужуддан коркуп жатасыңарбы? Ошол ишемби күнү эрте менен болгон окуядан жана ушул каармандардан үлгү албайсыңарбы?! Акыры алар жөнөкөй

мылтыктары менен силерди артта калтырып, бешенеңерге шерменделик тамгасын басым коюшту го?! Себеби, силерден мурда яхудий вужудуна каршы чыгышты... Алар яхудий вужудун бир катар соккулар менен кыйратып, аларды коркууга салышты. Ушундан үлгү албайсыңарбы? Эмнеден коркосуңар, эки жүздүү яхудий вужудунанбы? Яхудий вужудуна жардам берип жаткан мунафыктарданбы? Яхудий вужуду менен тил бириктирип жаткан өкүмдарларданбы? Же Афганистанда мужахиддер тарабынан кордукка учураган Америкаданбы? Кимден коркуп жатасыңар? Аллахтын ушул аяттарын окугула жана уккула:

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ نَافَقُوا۟ يَقُولُونَ لِإِخْوَٰنِهِمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَـٰبِ لَئِنْ أُخْرِجْتُمْ لَنَخْرُجَنَّ مَعَكُمْ وَلَا نُطِيعُ فِيكُمْ أَحَدًا أَبَدًا وَإِن قُوتِلْتُمْ لَنَنصُرَنَّكُمْ وَٱللَّهُ يَشْهَدُ إِنَّهُمْ لَكَـٰذِبُونَ ۝ لَئِنْ أُخْرِجُوا۟ لَا يَخْرُجُونَ مَعَهُمْ وَلَئِن قُوتِلُوا۟ لَا يَنصُرُونَهُمْ وَلَئِن نَّصَرُوهُمْ لَيُوَلُّنَّ ٱلْأَدْبَـٰرَ ثُمَّ لَا يُنصَرُونَ﴾

***«Мунафыктар ахли Китептен*** *(яхудийлерден)* ***болгон өздөрүнүн кафир бурадарларына: «Ант болсун, эгер силер куулуп чыгарылсаңар, албетте биз да силер менен бирге чыгып кетебиз, жана силер****(ге каршы согушуу)* ***туурасында эч качан эч кимге моюн сунбайбыз. Эгер, силерге каршы согуш кылынса, албетте биз силерге жардам беребиз», дешкенин көрбөдүңбү? Аллах күбөлүк берет, алар шек-күмөнсүз жалганчылар. Ант болсун, эгер*** *(яхудийлер өз мекенинен)* ***куулуп чькарылышса,*** *(мунафыктар)* ***алар менен бирге чыгып кетишпейт, ант болсун, эгер*** *(яхудийлерге каршы)* ***согуш кылынса,*** *(мунафыктар)* ***аларга жардам да беришпейт, жана эгер*** *(кокус)* ***жардам беришсе да, албетте яхудийлер*** *(момундар тарабынан жеңилишип)* ***арттарына карап качышат дагы кийин аларга эч бир жардам берилбес»*** [59:11-12]

Эй, туу көтөргөндөр, уккула, эгер силер ушул байракты көтөрсөңөр, анык, яхудийлердин жүрөктөрүндө Аллахтан да коркунучтуурак болосуңар. Аллах Таала айтат:

﴿لَأَنتُمْ أَشَدُّ رَهْبَةً فِى صُدُورِهِم مِّنَ ٱللَّهِ ۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَفْقَهُونَ ۝ لَا يُقَـٰتِلُونَكُمْ جَمِيعًا إِلَّا فِى قُرًى مُّحَصَّنَةٍ أَوْ مِن وَرَآءِ جُدُرٍۭ ۚ بَأْسُهُم بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ ۚ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعًا وَقُلُوبُهُمْ شَتَّىٰ ۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَعْقِلُونَ﴾

***«(Эй, момундар), анык, силер** (мунафыктардын) **жүрөктөрүндө Аллахтан көрө коркунучтуурааксыңар, буга себеп, алар** (Аллахтын кудуретин) **түшүнбөй турган коом экендиктери. Алар биргелешип, силер менен жалгыз калаа-коргондуу айылдар ичинде** (бекинип) **же дубалдар артында гана согуша алышат** (т.а. эч качан силерге каршы ачык согушка чыга алышпайт)**. Алар өз араларында күчтүү-кубаттуу,** (т.а. согуш болбостон туруп, өз-ара күч-кубаттуу экендиктери тууралуу апырта беришет, бирок согуш учурунда алар алсыз-коркок. Ооздорундагы сөздөрүнөн) **аларды биримдиктүү деп эсептейсиң,** (бирок) **жүрөктөрү ар түрдүү. Буга себеп, алардын акылсыз коом экендиктери»*** [59:13-14]

Аллахтын сөзүнөн жетик сөз барбы? Аллахтын убадасынан да өткөн туура убада жана эскертүү барбы?

Аллах Таала силерди ишендирип жатат, эгер силер Аллахка калыс болуп, Аллахтын каламы бийик болушу үчүн яхудийлерге каршы согушсаңар, яхудийлер менен тил бириктирип жаткан араб-исламий өлкөлөрдөгү мунафык өкүмдарлар яхудийлерге пайда келтире албай калышат. Эгер, алар яхудийлерге жардам берүү үчүн аракет кылышса, яхудийлер силерден коркуп артын карабай качышат... Аллах Таала Өзүнүн аятында Ага жардам берсеңер, Ал да силерди колдоп-кубатташын баса белгилеген:

﴿إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

***«Аллахка жардам берсеңер, Ал да силерге жардам берет жана кадамыңарды бекем, туруктуу кылат»*** [47:7]

Алар курган дубалдар Расулуллах ﷺ доорунда Бану Назир коому өзүн бекемдеген дубалдарга окшоп калганын көрбөй жатасыңарбы?

﴿وَظَنُّوٓاْ أَنَّهُم مَّانِعَتُهُمۡ حُصُونُهُم مِّنَ ٱللَّهِ فَأَتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِنۡ حَيۡثُ لَمۡ يَحۡتَسِبُواْۖ وَقَذَفَ فِي قُلُوبِهِمُ ٱلرُّعۡبَۚ يُخۡرِبُونَ بُيُوتَهُم بِأَيۡدِيهِمۡ وَأَيۡدِي ٱلۡمُؤۡمِنِينَ فَٱعۡتَبِرُواْ يَٰٓأُوْلِي ٱلۡأَبۡصَٰرِ﴾

***«Алар өздөрүнүн коргон-калааларын Аллах**(тын азабынан)* ***тосуучу деп ойлошкон, ошентип, Аллах**(тын азабы)* ***алар эсепке албаган тараптан келди жана жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алар үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен бузушат. Демек, эй, акыл ээлери, үлгү алгыла!»*** [59:2]

Бул Роббиңер жана Пайгамбарыңар тарабынан болгон кушкабар. Расулуллах ﷺ мындай башарат берген: «**Яхудийлер силерге каршы согушат жана силер аларды өлтүрөсүңөр**».

Расулуллах ﷺ силер алар менен согушасыңар деген жок, балким: «**Яхудийлер силерге каршы согушат жана силер аларды өлтүрөсүңөр... Яхудий таш жана дарактардын артына жашынып алса, ал тургай, таш жана дарактар да** (сөзгө кирип): **“Эй, мусулман, кел аны өлтүр”, - дейт»**. Эй, мусулман тоо-таштар сенин пайдаңа сүйлөйт, бак-дарактар сенин пайдаңа сүйлөйт: «**Тоо-таш жана дарактар: “Эй, мусулман, эй, Аллахтын пендеси, артымда яхудий турат, кел аны өлтүр”, - дейт»**. Бул Аллахтын кушкабары, бул тарихый мүмкүнчүлүк. Андыктан, эмнени күтүп жатасыңар? Шамда, Сирияда миллиондогон мусулмандардын канын төгүүгө катышкан дажжалды күтүп жатасыңарбы? Ал Фалестинге жардам берип жатамын деп сыймыктанып жаткан. Газа калкы өз кайратын көрсөткөндө болсо аларды жардамсыз таштап коюшту жана Ливандын түштүгүндө маскарапоздук көрсөтө башташты. Кимди күтүп жатасыңар? Бул силердин дооруңар жана учуруңар болбосо, кимдин учуру? Укпадыңарбы, ушул күнгө чейин Газа калкынын жети миңден ашууну урандылар астында өлтүрүлдү? Акыры, үйлөрү тургундары менен кошо ойрон кылынганынан ыйлап жаткан, «кана эми, буларды түшүмдө көрүп жаткан болсом», «кана эми, буларды түшүмдө көрүп жаткан болсом» деп чаңырган балдарды кулагыңар укпай жатабы? Үй-бүлөсүн жоготуп, “эй Муътасим, эй Ислам” деп чакырып жаткан жесирлерди укпадыңарбы? Ал тургай, тоолорду силкинткен бул кыйкырыктар силерди аракетке келтирбей жатабы? Силерге эмне болду, эй, итааткөй саткындар? Эмнеге Аллахка моюн сунууну билбей жатасыңар? Эмнеге Аллах үчүн бекем турбай жатасыңар? Эмнеге Умматыңарга жардам бербей жатасыңар? Аллахка ант, бул силер үчүн уят! Силердин жылдызыңар, кылычыңар, бутаңар жана чиндериңер эч нерсе эмес, өзүңөр да эч кимсиңер. Эмне үчүн Умматыңарга жана диниңерге жардам берүү о.э. байрагыңарды бийик кылуу жана жахилдердин байрагын талкалоо үчүн козголбойсуңар? Эгер, ушул абалда отура берсеңер, демек, силер эч кимсиңер.

**Кадырлуу боордоштор!**

Билип койгула, дүйнөнүн эң арамза кимселери болгон бир ууч яхудийлерге каршы күрөш биз кыла турган улуу согуш эмес. Себеби, алар кошуна режимдердин көлөкөсүнөн башка нерсе эмес. Качан ошол режимдер куласа көлөкөсү да кулайт. Яхудий вужуду – тогут жана саткын режимдердин көлөкөсү. Бул режимдер болсо

Фалестин жерине яхудийлер үчүн «мамлекет» тикелеп берген Батыштын өлкөлөрүбүздөгү өкүлдөрү. Алар чыныгы душманыңар. Мусулман өлкөлөрүнүн режимдеринин бири силкинип, ал жерде «ла илаха иллАллах Мухаммадур Расулуллах» байрагы көтөрүлсө, бир халифа мусулмандардын сабын жихадга бириктирсе жана Аллахтын:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلَّذِينَ يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِهِۦ صَفّٗا كَأَنَّهُم بُنۡيَٰنٞ مَّرۡصُوصٞ﴾

***«Албетте, Аллах Өзүнүн жолунда куду туташ имараттардай бир катарга тизилген абалда жихад кылгандарды сүйөт»*** [61:4]

деген каламы жүзөгө чыкса, Фалестинди азат кылуу бардык жүзөгө чыга турган иштердин эң жеңили болот. Мамлекетиңер тикеленген жана байрагыңар көтөрүлгөн күндө ишке аша турган иштердин эң оңою Фалестинди азат кылуу болот. Аллахтын шарияты менен өкүм жүргүзгөнүңөрдө, кошуундар Аллах жолунда жихадга чыкканда Фалестинди азат кылуу жеңил болот. Бирок, тигил кылмышкерлер бул жеңил ишти кыйын кылып коюшту. Алар муну эч бир адам чыдай албай турган проблемага айлантышты жана Аллахтын эң жаман пенделери менен «тынч жашайлы» дешти. Акыйкатта болсо Аллах Таала алар жөнүндө:

﴿لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةٗ لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْۖ﴾

***«Ыйман келтиргендерге эң катуу душмандык кылгандар – яхудийлер жана мушриктер экенин көрөсүң»*** [5:82]

деген.

Сөзүмдүн аягында өзүм жана силер үчүн Аллахка истигфар айтамын.

**Экинчи хутба:**

Аллахка чексиз мактоолор болсун. Аллахтан башка кудай жок экенине жана Мухаммад Анын пендеси жана элчиси экенине күбөлүк беремин. Оо, Аллахым пайгамбарыбызды, сахабаларын жана Кыяматка чейин ал кишини жакшылык менен ээрчигендердин күнөөсүн кечиргин.

**Кадырлуу боордоштор!**

Бул жерде бир гана жол бар, андан башка жол жок. Кимде-ким «биз боордош калкпыз, Фалестин калкынын кайгысы биздин кайгыбыз» десе, катуу күнөөкөр болот... Себеби, бул сөз бир фитна болуп, кулашыбызга алып барат, ошондо Фалестин да, Акса да кулайт. Анткени, биз кошуна эмеспиз, биз эки калк эмеспиз, биз

бир Умматка тилектеш болгон башка бир уммат эмеспиз. Тескерисинче, биз, Газа калкы, Куддус жана Фалестиндин башка жайларындагылар адамдар, бардыгыбыз бир Умматпыз. Бизди байрактар бөлүшү жаиз эмес. Биз бир Уммат болуп, башыбызда «Ла илаха иллАллах Мухаммадур Расулуллах» байрагы желбиреши керек. Биз ушул байрак астында жеңишке жетебиз. Биз Газа калкына жардам берсек, өзүбүзгө жардам берген болобуз. Тигил шайтаний жүрөк ээлери жана карамүртөз өкүмдарлар каалагандай, бирер боордош элге тилектештик билдирип жаткан болбойбуз. Ошондуктан, силерди бир Уммат кыла турган байракты көтөргүлө. Себеби, Фалестин проблемасы фалестиндиктердин гана проблемасы эмес. Эй, Триполи калкы, эй, Ливан, Сирия, Иордания калкы, силер жана Газа калкы Байтул Макдистин айланасындасыңар, биз жана Газа калкы Байтул Макдистин айланасындабыз. Кээде көпчүлүк адамдар ушул акыйкатты унутушат. Аллах Таала айтты:

﴿سُبۡحَٰنَ ٱلَّذِيٓ أَسۡرَىٰ بِعَبۡدِهِۦ لَيۡلٗا مِّنَ ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡحَرَامِ إِلَى ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡأَقۡصَا ٱلَّذِي بَٰرَكۡنَا حَوۡلَهُۥ لِنُرِيَهُۥ مِنۡ ءَايَٰتِنَآۚ﴾

«*(Аллах)* ***бир түнү, Өз пендесин – ага аят-мужизаларын көрсөтүү үчүн Масжидул Харамдан Биз айланасын берекелүү кылып койгон Масжидул Аксага сейил кылдырган аруу Зат. Чындыгында, Ал угуучу, көрүүчү»*** [17:1]

Аллах Таала Акса мечитинин айланасын берекелүү кылган жай кайсыл жай?

Бул жерде Аллах Таала Акса айланасында берекелүү кылган жай Шам экенин кабар берип жатат. Эй, Шамдагы Триполи калкы, Газа калкы Байтул Макдистин айланасындагы жай болгондой, силер да Байтул Макдистин айланасындагы жайдансыңар, муну Пайгамбарыбыздын хадиси да тастыктайт. Ошондуктан, кимде-ким силерге биз алар менен тилектешпиз, себеби, алар боордошторубуз десе, жок болсун. Себеби, бул кыянат жана тил бириктирүү болуп, артынан силердин сезимиңерге берилишиңерди, акча жана дуа менен жардам кылышыңарды каалашат. Жок, таптакыр андай эмес. Акса биздин мечитибиз, Куддус биздин мечитбиз. Биз Ислам жеринин борбору болгон Шам калкы болобуз. Эй, Фалестин калкы, эй, Фалестиндеги мужахиддер, Шам калкынын миллиондогонун өлтүргөндөрдөн силерге жардам беришин күтпөгүлө. Шам калкынын козголоңун бастыргандардан жардам

күтпөгүлө. Себеби, алардын проблемасы Куддус эмес, алардын проблемасы Фалестинди азат кылуу эмес. Алардын проблемасы тактыга олтуруу жана адамдарга зулум зомбулук кылуу. Силерге Аллахтын Өзү жетиштүү, силерге боордошторуңар жетиштүү. Аллах Таала Кыяматка чейин жакшылыгын камтыган Умматка гана таянгыла.

﴿لَا يُقَٰتِلُونَكُمْ جَمِيعًا إِلَّا فِى قُرًى مُّحَصَّنَةٍ أَوْ مِن وَرَآءِ جُدُرٍۭ﴾

***«Алар** (мунафык жана яхудийлер) **биргелешип, силер менен жалгыз калаа-коргондуу айылдар ичинде** (бекинип) **же дубалдар артында гана согуша алышат»*** [59:14]

**Эй, Аллахтын пенделери!**

Бул окуялар душманыңар силерди бир жаадан атып жатканын тастыктап жатат. Душмандарыңар Шам өлкөсүн бөлүштүргөндө, аларга дүйнөдөгү эң кооптуу өлкө болгону үчүн бөлүштүрүшкөн. Эгер, силер бир Умматка таандык экениңерди билсеңер, демек, Исламга таандыксыңар! Эч бир «мазхабга» да, Франция расмийлештирген жийиркеничтүү вужудга да, араб улутуна да таандык эмессиңер. Тескерисинче, силер ушул жерди бир күн да Фалестин калкынан эсептелбеген Умар ибн Хаттаб жана жолдошторунун колу менен Куддусту фатх кылган Исламга таандыксыңар. Силер Аксаны азат кылган, бир күн да араб же фалестиндик болбогон Салахиддиндин Умматына таандыксыңар. Силер Куддусту сионисттердин долбоорунан сактап калган түркий халифа Абдулхамиддин Умматынансыңар. Силер эгер бириксе, тарыхты өзгөртө турган Ислам Умматынансыңар. Ошондуктан, алар силерге каршы күрөшөт. Ошондуктан, силер колонизаторлор расмийлештирген жана силерди бөлүү үчүн өкүл кылып койгон мекенчилдик, улутчулдук жана жахилият байрактарын көтөрбөгүлө. Расулуллах ﷺдын байрагынан башкасын көтөрбөгүлө. Себеби, нусрат Аллахтын колунда, нусрат берүүчү Анын динине жардам беришиңерди каалайт. Ал силерден жахилият жана аймак байрактарын о.э. мусулман өлкөлөрүн талкалаган сасык улутчулдук байрактарын ташташыңарды талап кылат.

**Эй, боордоштор!**

Эгер, бул түшүнүктөрдү бекем кармансаңар жана анын негизинде иш кылсаңар, Аллахка ант, тарыхты өзгөртөсүңөр жана мурункудай эң күчтүү Умматка айланасыңар. Аллах Таала айтты:

﴿كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِٱلْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ ٱلْمُنكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ﴾

***«Адамдар үчүн чыгарылган умматтардын эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»*** [3:110]

Эй, Аллахым, Газадагы боордошторубузга нусрат бергин, алардан яхудийлердин жана Американын азабын кетиргин. Оо, Аллахым, яхудий вужудун ойрон кылгын, алардын кадамдары астындагы жерди титиреткин. Оо, Аллахым, алардын арасына бүлүк салгын жана күчтүү, кудуреттүү Заттын кармашы менен кармагын. Оо, Аллахым, аларда кудуретиңди көрсөткүн, аларды биздин колубуз менен азаптагын, алардын үстүнөн бизди жеңишке жеткиргин. Оо, Аллахым, алардан жүрөктөрүбүздү тазалагын. Оо, Аллахым, бизге Ислам байрагын көтөрө турган жана Газа урандылары астында зар какшап жаткан мазлум эркектер, аялдар жана балдар үчүн саптарыбызды тартипке салган жаңы Салахиддинди тикелөөгө жардам бергин. Оо, Аллахым, Сенден Өзүңө ылайык мактоого ээ жардам беришиңди сурайбыз. Оо, Аллахым, өлкөбүздөгү адашуу байрактарын жана Сайкс-Пико байрактарын талкалагын. Бизге «Ла илаха иллАллах Мухаммадур Расулуллах» байрагын көтөрүүгө жардам бергин, ошондо биз аны менен тарыхты өзгөртөбүз. Оо, Роббибиз, күнөөлөрүбүздү, каталарыбызды кечиргин. Кадамдарыбызды бекем кылгын жана кафир коомдор үстүнөн жеңишке жеткиргин. Саййидибиз Мухаммад, сахабалары жана Кыяматка чейин жакшылык менен ал кишини ээрчигендердин күнөөлөрүн кечиргин. ❑

## МАМИЛЕЛЕРДИ НОРМАЛДАШТЫРУУ КЕЛИШИМДЕРИ (ИБРОХИМ КЕЛИШИМИ) ЖАНА ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШТАГЫ СТРАТЕГИЯЛЫК СОЮЗ... ЭЛ АРАЛЫК АТААНДАШТЫК «ИЗРАИЛЬ» РЕГИОНДОГУ НЕГИЗГИ ОЮНЧУ (4)

**Наср Фаяз – Мубарак Фалестин жери**

### (израиль) Күрдстан нефтине таянат

«Financial Times» гезити кабарлашынча, (израиль) май айынан август айына чейин Күрдстан аркылуу 19 миллион баррель Ирак нефтин импорт кылган. Гезит өзүнүн иликтөөсүндө нефть танкерлери кыймыл-аракетин күзөтүүгө жана деңиз соодасынын маалыматтарына таянган. Анда айтылгандай, Күрдстандан импорт кылынган нефтинин көлөмү бир миллиард долларды түзөт. Ирак нефтиси Күрдстан аркылуу өтүп жаткан бул импорт (израиль) нефть керектөөсүнүн 77 пайызына барабар, бул күнүнө 244 миң баррелди түзөт.

Гезитте баса белгилегендей, жогоруда айтылган көлөмдөр Ирактын түндүгүнөн Түркиянын Жайхан порту аркылуу ташылган нефть экспортунун болжол менен үчтөн бир бөлүгү (израилге) бararын көрсөтөт. Анда айтылгандай, Ирак нефтисинин бир бөлүгүн (израиль) реэкспорт кылат, калган бөлүгүн запас кылат. (2015-жыл, 15-август, «NAWA»).

### (израилдин) Газага уланган нефть түтүктөрү

Катар “Шеврон” компаниясы башкарган (израиль) кенинен Газага газ жеткирип берүү үчүн 60 миллион долларлык газ түтүгүн каржылашын жарыялады. Максат – Газа секторундагы Европа Союзу түтүктөрүн аягына жеткирүү. Бул гуманитардык маска астында мамилелерди нормалдаштыруу алкагында ишке ашырылат.

Катар газ тармагында Америка менен кызматташууда чоң роль ойнойт. «Рейтер» маалымат агенттиги 2019-жылы 14-январда жарыялаган АКШ энергетика министринин мурунку орун басары Дэн Бруйеттин сөзүнөн цитата келтиришинче, Кошмо Штаттар Катар Россия газынын Европадагы өкүмдарлыгына каршы чыгуусун каалайт. Дүйнөдө эң ири суюлтулган газ жеткирип берүүчү саналган Катарда бул туурасында сүйлөшүүлөр уланууда».

Бруйет “Рейтер” агенттигине айтышынча, Кошмо Штаттар Европаны суюлтулган табигый газ менен камсыздоо маселесин Доха менен талкуулап жатат. Бруйетттин айтымында, Кошмо Штаттар Германия жана башка мамлекеттер Россия газын

импорттоонун ордуна Америка менен Катар газын импорттоосун каалайт. Бул Украина согушу башталышынан мурун болгон. Белгилүү болгондой, Россия Германиянын табигый газга болгон керектөөсүнүн 60 пайызын экспорт кылат. Германия Европада эң ири энергия керектөөчү.

Дохадан келген Бруйетт Катар мамлекетинин Энергетика министри Саъд Каъбий менен бул маселени талкуулаганын айтты. Ал: «Биз катарлыктар менен Европа базарларына табигый газ жеткирүү жөнүндө сүйлөшүүбүз мүмкүн. Алар буга кызыкдар, биз да...», - деп кошумчалады. АКШ энергетика министринин мурунку орун басары баса белгилегендей, Германия жакында суюлтулган газды импорттоочу объекттерди каржылоого жардам берүүгө чечим кылган. Бул нерсе анын Россияга көз карандылыгын азайтышы мүмкүн.

Бруйетт суюлтулган газ түтүктөр аркылуу ташылган газдан кымбат болушун моюнга алды. Бирок, анын сөзүнө ылайык, Катар жана башка мамлекеттер суюлтулган газ жеткирип бериши Европага камсыздоо булактарын диверсификация кылууга жардам берет жана «арзан газдын жогору баада эркин түрдө келишин» эсепке алганда, бул континенттин улуттук коопсуздугун бекемдейт.

Россия-Украина согушу башталышы менен Катар расмийлери Германияны кеминде 15 жыл табигый газ менен камсыздоо боюнча келишим түзгөнүн жарыялады. Катар энергетика министри Саъд ибн Шарида Каъбий түшүндүрүшүнчө, «Катар энергиянын» Америкадагы шериктеши «ConocoPhillips» компаниясы 2026-жылдан тартып Германиянын түндүгүндөгү «Brunsbüttel LNG» терминалына газ жеткирип берет. Бул Россиянын Украинага каршы согушу энергия камсыздоосуна байланыштуу кабатырларды жараткандан кийин Европа мамлекеттери Катар газын алууга умтулуп жатканда болду. Кошмо Штаттар Европага энергия жеткирип берүүдө үстөм болуу үчүн «Түндүк агым 2» түтүгүн токтотууга аракет кылды. Бул түтүк Россиянын Балтика деңизи аркылуу Германияга өткөрүлүп жаткан экспортту эки эсеге көбөйтөт.

**Мисир-(израиль) түтүктөрү**

Ыфлас шантаждардын натыйжасында Мисир өкүмдарларынын чөгөлөшү артынан Америка менен (израиль) «Мисир-(израиль)» түтүк линиясынын көзөмөлүн колго алышты. Бул (израилдин) Аскалан жана Мисирдин Ариш шаарлары ортосундагы деңизден

өтүүчү түтүк линиясы болуп эсептелет. Аскалан-Ариш түтүгү «Хусайн Салим» аты менен таанымал. Мисирдин Ариш шаарынан башталып, Аскалан шаарында бүтө турган бул линия 89 километрди түзөт. Анын диаметри болжол менен 26 дюйм болуп, жылына болжол менен 700 миллион кубометр газ өткөрөт.

Европага газды ташуу жана суюлтуу жараянын ишке ашырууда Америка стратегиясы өтө чоң көлөмдөгү түтүккө муктаж болду. Бул түтүк Мисир газын (израилге) жеткирип берет. Мисирдик өкүмдарлардын кыянаты себептүү Мисир (израилге) газ экспорттогон мамлекет эмес, транзит станциясы катары алган төмөн баа акысына андан газ импорттогон мамлекетке айланды. Деңиздеги нефть түтүктөрүнөн Америка жана (израиль) пайдасына баш тартылды. «EMED» компаниясы 2018-жылы июлда үч компания: (израилдин) «Delek», Американын «Noble Energy» жана Мисирдин «Чыгыш Газ» компаниялары менен биргеликте түтүктөргө ээлик укугунун 39 пайызын сатып алды. Мисирдин «Чыгыш Газ» компаниясын учурда «Мисир Газ Холдинг» компаниясынын мурунку жетекчиси инженер Мухаммад Шуайб башкарат.

2018-жылы сентябрда «EMED» компаниясы Аскалан-Ариш түтүк линиясына ээлик кылган Чыгыш Жер Ортолук деңизи «EMG» газ компаниясынын 39 пайызын эбак эле сатып алган.

Мисирдеги 25-январь ыңкылабынан кийин жарыяланган документтерде «EMG» акциялары мындай бөлүштүрүлгөнү аныкталган: 65 пайызы мисирдик ишкер Хусайн Салимге караштуу Жер Ортолук деңизи түтүк линиясы компаниясына, 25 пайызы (израилдик) бизнесменге караштуу «Merhav-Ambal Group» компаниясына таандык. «Misr General Petroleum Corporation» үлүшү болгону он пайыз менен чектелген. («Би-Би-Си» араб кызматы).

Мисир нефть министрлигинин веб-сайтындагы кабарга ылайык, «Merhav» компаниясы учурда «EMG»нин 25 пайызына ээлик кылат. Анын иш-аракети Жер ортолук деңизинин бассейнине газ ташуу жана экспорттоо үчүн түтүктөр тармагын куруу, ээлик кылуу жана башкарууга каратылган. («Би-Би-Си» араб кызматы).

Эгер, буга кардар (т.а. «Dolphinus xolding» компаниясы) аркылуу (израиль) кендеринен газ сатып алуу жана аны Мисирдин эки суюлтуу станциясында суюлтуу боюнча Мисир келишимин кошсок, газ түтүгүнө Америка менен (израиль) өкүмдарлык кыларын

түшүндүрөт... Бул жагдай Европага экспорттоо үчүн чөйрө жаратып берет.

«Masrawy Net» веб-сайты 2019-жылы 4-ноябрда жарыялаган кабарга ылайык, келишим (түтүктүн 39 пайызын сатып алуу) Чыгыш Жер Ортолук деңизи газ компаниясына тиешелүү газ түтүгү аркылуу (израилден) газ импорттоо боюнча келишимди түзүүгө да салым кошот. Келишимден максат газды Мисирдин суюлтуу станцияларына жеткирип, чет элге реэкспорт кылуу. Мисирдин ролу (израилден) барган газ үчүн транзит станциясы болуу менен чектелген.

Этибарлуусу, (израиль) Европаны энергия менен камсыздоодо негизги роль ойноого мүмкүнчүлүк берген келишимдерге кошумча бир нече табигый газ кендерин тапты. Бүгүнкү күндө аны Мисир менен (израиль) ортосундагы түтүктөр аркылуу Мисирге жеткириши керек. Мурун Мисир газын (израилге) экспорттоодо ушул түтүктөрдөн пайдаланылган. Газды Мисирге жеткирүүдөн максат – газды суюлтуу тармагында Мисирдин инфраструктурасынан пайдалануу. Мисир Идку жана Дамиеттада эки суюлтуу станциясына ээ. Табигый газды кемелерге жүктөп, экспорттоо үчүн аны суюк затка айлантуу зарыл.

Мисир нефть жана газ импорттоочуга айланып калгандыктан бул станциялар иш-аракети токтоп калган. Бирок, Мисирдин Жер ортолук деңизде чоң ачылыштар жасаганын эсепке алсак, ал өзүнүн газын же (израиль) жана Кипр сыяктуу кошуна мамлекеттерде табылган көлөмдү экспорттоо үчүн ушул станцияларды кайра ишке түшүрүүгө үмүт кылууда.

(израилдин) «Левиафан» жана «Тамар» кендериндеги шериктештер Мисирдеги «Dolphinus Holding» компаниясына 15 миллиард доллар газ сатууга келишишти. Бирок, өткөн ай жеткирип берүү көлөмүн 34 файызга, болжол менен 85 миллиард куб метр газга көбөйтүү үчүн келишимге өзгөртүү киргизилди. Бул болжол менен 20 миллиард долларга барабар.

«Noble» менен «Delek» жакынкы апталарда өндүрүүнү баштай турган «Левиафан» жана «Тамар» кендеринде кызматташат. Бул эки кен Жер ортолук деңиздеги (израиль) жээктеринде жайгашкан.

Кече «Delek» башкы директору айтат: ««East Gas» боюнча келишимдин бүтүшү (израиль) энергия базары үчүн жаңы доордун башталышын түшүндүрөт. (израиль) табигый газдын регионалдык экспорттоочусуна өтөт. «Левиафан» долбоору таблицага ылайык

алга жүрүүдө... Жана биз жылдын аягына чейин «Левиафан»дан түтүктөргө газ куюу башталышын күтүп жатабыз». ("Рейтер" агенттиги).

Кече «Delek» компаниясы газ линиясы келишими бүткөн күндөн тартып, Мисир жана (израиль) ортосунда тартылган газ түтүгү соода газын ташуу үчүн ылайыктуу экендиги туурасында билдирүү берди.

(израиль) газы Мисирге келерки жылдын башынан келип баштайт жана 2022-жылга барып жылдык кубаты аста-секин болжол менен 7 миллиард куб метрге жеткирилет. («Al-Masrawy Net»).

**(израилден) Европага уланган энергия түтүктөрү**

Бул «EastMed» деп аталган газ түтүгү. Анын узундугу болжол менен 1.900 километр (кургактыкта 550 километр жана деңизде болжол менен 1350 километр) болуп, бүткүл Чыгыш Жер ортолук деңизи бассейнин жалгыз экспорт системасына туташтыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Долбоор боюнча иштеген мамлекеттер: (израиль), Греция, Кипр жана Италия. Ушул күндөрдө түтүктүн кургактык жана деңиз багыты боюнча терең экспертиза өткөрүлүүдө. О.э. эки жыл ичинде корутунду инвестициялык чечимге жетишүү, түтүк линиясын узартуу иштерин 2025-жылга чейин бүтүрүү үчүн кеңири деңиз разведкасы алып барылууда жана керектүү уруксат кагаздары алынууда.

Түтүктүн алгачкы баскычындагы кубаты жылына 10 миллиард куб метрди түзөт, кубатты эки эсе көбөйтүү мүмкүнчүлүгү жылына 20 миллиард куб метрди түзөт. Анын кыйматы 5,8 миллиард долларга бааланууда.

«... Европа өкмөттөрү өткөн жылы (израиль) менен «East-Med» же алты миллиард долларга барабар «Чыгыш Жер ортолук деңизи долбоору» деп аталган долбоорду алга сүрүүгө келишишти. Анын алгачкы кубаты жылына он миллиард куб метр газга жетиши күтүлүүдө. Бул линия (израилден) Кипр аймактык суулары жана Грециянын Крит аралы аркылуу Греция материгине өтүп, Италия аркылуу Европа газ түтүктөрү тармагына уланат. Бейшемби күнү Афинада болуп өткөн иш-чарада үч мамлекеттин энергетика министрлери келишимге кол коюшту. Келишимге кол коюуда Греция премьер-министри Криакос Мицотакис, анын (израилдик) кесиптеши Бинямин Нетаняху жана Кипр президенти Никос

Анастасиадистер катышты». (2021-жыл, 22-апрел, «DW» веб-сайты).

Мурдараак (израиль) премьер-министри Бинямин Нетаняху анын мамлекети Кипр жана Греция менен биргеликте Европага газ түтүгүн узартуу долбоорун ишке ашырышын билдирип, бул долбоор регионго туруктуулук жана бакубатчылык алып келишин баса белгилеген.

Нетаняхунын билдирүүсү шаршемби күнү Куддустагы Девид мейманканасында Греция премьер-министри Алексис Ципрас жана Кипр президенти Никос Анастасиадис менен АКШ мамлекеттик катчысы Майк Помпеонун катышуусунда өткөрүлгөн төрт тараптуу жолугушуудан кийин айтылды.

Нетаняху мындай деди: «Бул (израиль), Кипр жана Греция ортосундагы алтынчы саммит. Биз (израилден) Кипр жана Греция аркылуу Европага өтө турган «EastMed» деген газ түтүгүн курууну пландап жатабыз. Бул биздин экономикалык базарларыбызга пайда келтирет, жарандарыбызга туруктуулук жана бакубатчылык берет о.э Европа континенти энергия ресурстарын диверсификация кылышына жардам берет».

Кипр, Греция жана (израиль) жетекчилери мурдараак үч мамлекетти Европа менен байлашы жана 2025-жылга чейин иш башташы керек болгон «EastMed» газ долбоорун ишке ашыруу боюнча өз ара макулдашуу меморандумуна кол койгон. Долбоордун кыйматы 5,8 миллиард еврого бааланууда жана бул түтүк аркылуу Кипр жана (израиль) жээктеринен табылган газ Европага жеткирилет. («RT» араб кызматы, 2019-жыл, 21-март).

Ушул мазмунда (израиль) маалымат каражаттары Абу Даби (израилди) Европа менен байланыштырган газ түтүгүн кеңейтүү боюнча тарыхий келишимге жүз миллион доллар каражат бөлүп жатканы жөнүндө кабар берди.

Келишим Европа союзунун жардамында (израиль), Греция, Италия жана Кипр менен түзүлгөн. Ал дүйнөдөгү эң узун жана эң терең деңиз газ түтүгү болуп эсептелет. Себеби, ал эки миң километрге жетип, (израилге) Балкан мамлекеттери менен Борбор Европага газ экспорттоо мүмкүнчүлүгүн берет.

«(израиль) энергетика министри сунушту биринчи ирет Абу-Дабиде Европа Союзуна сунуштады. Абу-Даби бул мүмкүнчүлүктү алгачкы капитал катары үйрөнүү үчүн жүз миллион доллар бөлүүгө макул болду». («Al-Mayadeen Net», 2018-жыл, 25-ноябрь).

Америка долбоордун экономикалык пайдасына, наркы жогору экенине жана көп убакытты талап кылышына күмөн менен карады. Анын максаты – түтүктөргө өкүмдарлык кылуу жана Европаны өз чеңгелинен чыгарбоо. Ошондуктан, эгер түтүктөр терең суу асты линиясы аркылуу 1900 километр аралыкта Греция жээктерине чейин жетип баруунун ордуна, басып алынган Фалестин жээктеринен болгону 120 километр алыстыкта жайгашкан Түркиянын Мерсин шаарына жетип барса, колго алына турган финансылык мүмкүнчүлүккө таянып, түтүктөрдүн багытын Түркияга багыттоону талап кылды. Ушул себептен улам, Түркия президенти Режеп Таййиб Эрдаган Тель-Авив менен жаңы барак ачууга чакырды жана (израиль) газын Европага жеткирүү үчүн аны менен кызматташууга даяр экенин билдирди. Мындан максат – түтүктөргө Американын өкүмдарлык кылышына мүмкүнчүлүк берүү жана Европаны анын чеңгелинен чыгышына жол бербөө. Бирок, (израиль) «Чыгыш Жер ортолук деңизи» түтүк линиясы долбоорун карманат. Ал дагы эле Түркияны «Чыгыш Жер ортолук деңизи» түтүк линиясы долбоорунан алыстатууну абзел көрөт.

**Корутунду**

Мамилелерди нормалдаштыруу келишимдери яхудий мамлекетинин регионго киришине жана интеграциясына жол ачты. Ушул аркылуу ал өз үстөмдүгүн сактап калат жана региондо негизги оюнчуга айланат. Америка болсо өзүнүн стратегиялык максаттарын ишке ашырат. Бирок, анын стратегиялык максаттары региондогу мамлекеттердин кызыкчылыктарын, яхудий вужуду менен мамилелерди нормалдаштырууга умтулуп жаткан өкүмдарлар издеген коопсуздук, туруктуулук жана бакубатчылыкты таптакыр жүзөгө чыгарбайт. Америка аларга малай, кул жана саан уй деген этибарда теңине албастан мамиле кылат. Ошондуктан, ишке ашырылышы күтүлгөн үлкөн долбоорлор, мамилелерди нормалдаштыруу келишимдеринен келип чыгып, Фарс булуңу мамлекеттери талабынан каржылануда. Бул долбоорлор мамлекеттерди кожоюн Америкага жана анын эрке баласы (израилге) кызмат кылууга мажбур кылат. Мусулман өкүмдарлары үмүт кылып жаткан коопсуздук, аскерий, туризм, маданий, экономикалык жана саясий шериктештик кызматтары таптакыр ишке ашпайт. Тескерисинче, бул мамлеккеттерде коррупция, тыңчылык, талап-тоноочулук, эксплуатация жана көзөмөл күчөйт. Мисир, Иордания бийлигинин тажрыйбасы алардан алыс эмес.

Уммат кооп-коркунучтардын көлөмүн, яхудийлер менен тынчтык жана мамилелерди нормалдаштыруу келишимдерин түзгөн жана мамилелерди нормалдаштыруу ниетинде болгон өкүмдарлардын кыянатынын көлөмүн түшүнүп жетиши керек.

Яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруу шаръий түрдө харам болуп, бул кылмыш жана Аллахка, Анын Расулу ﷺга жана момундарга кыянаттык болуп эсептелет. Ал Ислам харам кылган садакаттын (дос тутуунун) бир түрү. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ عَدُوِّي وَعَدُوَّكُمۡ أَوۡلِيَآءَ تُلۡقُونَ إِلَيۡهِم بِٱلۡمَوَدَّةِ وَقَدۡ كَفَرُواْ بِمَا جَآءَكُم مِّنَ ٱلۡحَقِّ يُخۡرِجُونَ ٱلرَّسُولَ وَإِيَّاكُمۡ أَن تُؤۡمِنُواْ بِٱللَّهِ رَبِّكُمۡ إِن كُنتُمۡ خَرَجۡتُمۡ جِهَٰدٗا فِي سَبِيلِي وَٱبۡتِغَآءَ مَرۡضَاتِيۚ تُسِرُّونَ إِلَيۡهِم بِٱلۡمَوَدَّةِ وَأَنَا۠ أَعۡلَمُ بِمَآ أَخۡفَيۡتُمۡ وَمَآ أَعۡلَنتُمۡۚ وَمَن يَفۡعَلۡهُ مِنكُمۡ فَقَدۡ ضَلَّ سَوَآءَ ٱلسَّبِيلِ﴾

***«Эй, момундар, Менин да душманым жана силердин да душманыңар*** *(болгон мушриктер)****ди дос тутпагыла! Силер аларга достук билдиресиңер, акыйкатта, алар силерге келген Хакка кафир болушкан! Алар пайгамбарды да, силерди да Роббиңер болгон Аллахка ыйман келтиргениңер себептүү*** *(өз журттарыңардан)* ***кууп чыгышууда го! Эгер, силер Менин жолумда жихад кылуу үчүн Менин ыраазылыгымды каалап чыккан болсоңор*** *(анда мушрик-кафир кимселерди дос тутпагыла)****! Силер алар менен жашыруун достук кылуудасыңар. Акыйкатта болсо, Мен силер жашырган нерсени да, ашкере кылган нерсени да өтө жакшы Билүүчүмүн! Силерден ким ушуну кылса, демек, ал туура жолдон азганы анык!»*** [60:1]

Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَۘ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَمَن يَتَوَلَّهُم مِّنكُمۡ فَإِنَّهُۥ مِنۡهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Эй, момундар, яхудийлерди жана насронийлерди дос тутпагыла! Алардын айрымдары айрымдарына дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте, Аллах залим коомду хидаят кылбайт»*** [5:51]

Башка тараптан, яхудийлер менен түзүлгөн тынчтык жана мамилелерди нормалдаштыруу келишимдеринде мубарек Акса мечитин жана анын айланасындагы мубарек жерди азат кылуу үчүн Аллах жолунда жихад кылуунун бекер кылынышы камтылган.

Бул келишимдер күрөштү мазхаб (сунний-шиа) негизинде түзүлгөн коалициялар аркылуу мусулмандардын ортосундагы күрөшкө айлантат. Бул келишимдерде каарман мужахиддер террорчу деп көрсөтүлгөн жана алардын жихады кылмышка чыгарылган. Өз кезегинде, мубарек жерди басып алган баскынчы мыйзамдуу деп таанылган. Бул үчүн Фалестин маселесин Исламий, ал тургай, арабий көлөмүнөн бөлүп, аны жок кылууга аракет кылынат. О.э. яхудий вужуду Кошмо Шаттардын жардамы менен региондо үстөм жана өкүмдар болушу үчүн анын коопсуздугу жана регионго интеграциялашуусу корголот.

Жыйынтыктап, саткын өкүмдарларга айтабыз:

Силер яхудийлерди дос тутуу менен тактыңарды коргоп, кыйроо алдында турган күрсүңөрдү Умматтын каарынан сактап калабыз деп ойлоп жатасыңар. Бул нерсе силерди коргобойт жана Уммат силерди тебелеп талкалайт. Силерден мурункулар силер үчүн ибрат. Ислам Умматы яхудийлерге каршы согушуп, аларды жеңишет. Масжидул Аксага биринчи ирет сахабалар киргендей ал жерге муваххид момундар да кирип, яхудийлерди ээлеп алган жерлеринде ойрон кылышат. Уммат Америка колонизаторлорун жана ири мамлекеттердин таасирин Ислам өлкөлөрүнөн чыгарып, аларды өз өлкөсүнө кууп салат о.э. Мухаммад мустафа ﷺ башарат бергендей Римди фатх кылышат.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَۘ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَمَن يَتَوَلَّهُم
مِّنكُمۡ فَإِنَّهُۥ مِنۡهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ ۝ فَتَرَى ٱلَّذِينَ فِي قُلُوبِهِم مَّرَضٞ
يُسَٰرِعُونَ فِيهِمۡ يَقُولُونَ نَخۡشَىٰٓ أَن تُصِيبَنَا دَآئِرَةٞۚ فَعَسَى ٱللَّهُ أَن يَأۡتِيَ بِٱلۡفَتۡحِ أَوۡ أَمۡرٖ مِّنۡ عِندِهِۦ
فَيُصۡبِحُواْ عَلَىٰ مَآ أَسَرُّواْ فِيٓ أَنفُسِهِمۡ نَٰدِمِينَ ۝ وَيَقُولُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَهَٰٓؤُلَآءِ ٱلَّذِينَ أَقۡسَمُواْ
بِٱللَّهِ جَهۡدَ أَيۡمَٰنِهِمۡ إِنَّهُمۡ لَمَعَكُمۡۚ حَبِطَتۡ أَعۡمَٰلُهُمۡ فَأَصۡبَحُواْ خَٰسِرِينَ ۝ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ
مَن يَرۡتَدَّ مِنكُمۡ عَن دِينِهِۦ فَسَوۡفَ يَأۡتِي ٱللَّهُ بِقَوۡمٖ يُحِبُّهُمۡ وَيُحِبُّونَهُۥٓ أَذِلَّةٍ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ أَعِزَّةٍ
عَلَى ٱلۡكَٰفِرِينَ يُجَٰهِدُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَلَا يَخَافُونَ لَوۡمَةَ لَآئِمٖۚ ذَٰلِكَ فَضۡلُ ٱللَّهِ يُؤۡتِيهِ مَن
يَشَآءُۚ وَٱللَّهُ وَٰسِعٌ عَلِيمٌ ۝ إِنَّمَا وَلِيُّكُمُ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلَّذِينَ يُقِيمُونَ ٱلصَّلَوٰةَ
وَيُؤۡتُونَ ٱلزَّكَوٰةَ وَهُمۡ رَٰكِعُونَ ۝ وَمَن يَتَوَلَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فَإِنَّ حِزۡبَ ٱللَّهِ هُمُ

ٱلۡغَٰلِبُونَ ۞ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ دِينَكُمۡ هُزُوٗا وَلَعِبٗا مِّنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ
ٱلۡكِتَٰبَ مِن قَبۡلِكُمۡ وَٱلۡكُفَّارَ أَوۡلِيَآءَۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ۞﴾

***«Эй, момундар, яхудийлерди жана насронийлерди дос тутпагыла! Алардын айрымдары айрымдарына дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте, Аллах залим коомду хидаят кылбайт. Демек, силер дилдеринде мараз болгон кимселердин бизге бирээр балээ жетишинен коркобуз, деген абалда алар*** *(кафирлер)* ***тарапка шашып жатышканын көрөсүңөр. Кана эми, Аллах мусулмандарга жеңиш берсе же Өз алдынан бирээр ишти келтирип, алар ичинде жашырган нерселерине өкүнүп калуучуларга айланып калышса.*** *(Ошондо)* ***момундар*** *(бир-бирине)****: «Жан дили менен, силер менен биргебиз деп ант ичкендер ушуларбы?» дешет. Ал мунафыктардын кылган амалдары текке кетти жана өздөрү зыян көрүүчүлөргө айланып калышты. Эй, момундар, силердин ичиңерден кимде-ким дининен кайтса, Аллах башка бир коомду алып келет, Аллах аларды жакшы көрөт, алар Аллахты жакшы көрүшөт. Алар момундарга өтө карапайым, кафирлерге болсо катуу кол, бир да жемелөөчүнүн жемесинен коркпой, Аллах жолунда күрөшө турган кишилер. Бул Аллахтын берешен жоомарттыгы болуп, Өзү каалаган кишилерге берет. Аллахтын берешен-жоомарттыгы кең, билүүчү. Силердин досуңар бир гана Аллах, Расулу жана таазим кылган абалда намазды толук аткарган, зекетти берген момундар. Кимде-ким Аллахты, Расулун жана момундарды дос тутса,*** *(нажат табат)*, ***анткени, жалаң Аллахтын тобу гана жеңүүчүлөр. Эй, момундар, силерден мурун ахли Китебдин ичинен диниңерди маскара кылып алган кишилерди жана кафирлерди дос кылып албагыла! Эгер, момун болсоңор, Аллахтан корккула!»*** [5:51-57] ❑

# ИСЛАМИЙ ДҮЙНӨДӨГҮ КОШУУНДАР БИЗДИН КОШУУНДАРЫБЫЗ, АЛАРДЫН ЖЕТЕКЧИЛИГИ БИЗДЕН ТАРТЫП АЛЫНГАН ЖАНА БИЗ АНЫ КАЙТАРЫП АЛЫШЫБЫЗ ФАРЗ

**Шейх доктор Мухаммад Ибрахим**
**Хизб-ут-Тахрирдин Ливан вилаятындагы маалымат бөлүмүнүн төрагасы**

Батыштагы Уммат душмандары мусулмандарды ар дайым исламий фикирлерден жана нажат жолун түзгөн маанилүү шаръий өкүмдөрдөн адаштырып келишкен. Максат – мусулмандар кабылган абалдан, башына түшкөн чарасыздыктан жана бөлүнүүдөн чыгарбоо. О.э. аңга түшүп, андан чыга албашын камсыздоо болгон. Ал тургай, ийгиликсиз тажрыйбалардан кийин үмүтсүздүк эң чокусуна чыгып, абалга ыраазы болуп, аракетсиздикти актоо болгон.

Ошол адаштыруучу фикирлердин бири – бул исламий дүйнөдөгү армиялар малай жана залим өкүмдарлар сыяктуу душманыбыз деген фикир. Түпкүлүгүндө, исламий дүйнөдөгү армиялар биздин армиялар жана Умматтын армиялары болуп эсептелет. Алардын жетекчилиги бизден тартып алынган, биз аны кайтарып алышыбыз керек. О.э. биз аларды Аллахты ыраазы кыла турган жана өз максатын жүзөгө чыгара турган нерседе башкарышыбыз керек. Себеби, Аллах бизге буюрган бул максат – ички коопсуздукту сактоо, сырттагы душмандарга каршы жихад кылуу жана Исламды жаюу.

Бул кошуундар каражатты, нафаканы жана куралдарды биздин акчабызга алат. Бул кошуундар биздин намысыбызды, баалуулуктарыбызды, жерлерибизди жана өлкөлөрүбүздү коргоо үчүн түзүлгөн. Бул кошуундар душмандарга каршы күрөш, намыс жана баалуулуктарды сактоо үчүн түзүлгөн. Алар эч качан залимдердин тактысын коргоо үчүн түзүлбөгөн. Ошондуктан, алар өз Умматына, Мухаммаддын Умматына, ал тургай, мусулман болбосо да мазлум жана алсыздарга жардам бериши важиб. Жер жүзүндөгү мусулмандар Газадагы аялдарга жана балдарга, жардамга чакырган жана бирге болууну талап кылган мужахиддерге жооп берип, кошуундарды аракетке келтирүүнү сурады. О.э. демонстрациялар, дуа жана жардамдар менен козголушту. Бирок, кошуундар аракетке келбеди.

Мухаммад ﷺдын Умматы дуа кылууга буюрулган, бирок, дуанын өзү жетиштүү эмес. Себеби, жалгыз дуанын өзү алсыздын кармана турган жолу. Бул жөнүндө Расулуллах ﷺдын хадистери бар. Хадистин мааниси: үч киши кыйын абалга түшүп, жаан себептүү үңкүрдөн баанек табууга мажбур болушту. Алар үңкүрдө турушканда чоң таш кулап, үңкүрдүн оозун тосуп калды. Алар ташты алууга канчалык аракет кылышпасын, алсыздык кылышты. Ошондо алар аргасыздыктан салих амалдарынын акысына Аллахка дуа кылышты. Ошондо Аллах Таала аларга жардам берип, ташты алды жана алар кутулушту. Бирок, Аллах Таала кимге бир шаръий өкүмдү баян кылган болсо, бирок, ал ошол өкүмдү аткарууга аракет кылбаса, жалаң дуа кылуу менен гана чектелсе, ал күнөөкөр болот. Ал Аллах буюрган чечимди аткармайын башына түшкөн балээ жоголбойт. Ошондуктан, эгер дуага гана чектелсек, күнөөкөр болобуз. Дуа чөгүп жатканды куткарабы?! Эгер, бир адамды чөгүп жатканын көрсөңөр, намаз окуп, дуа кыласыңарбы?! Ыйлайсыңарбы?! Силер бул чөгүп жатканды Аллах куткарса ажеп эмес, жардамчылар жана куткаруучулар жетип келип куткарса ажеп эмес, деп карап турасыңарбы?!

Бүгүн Газа самолёттордон ок атып жатат, мусулмандардын самолёттору кайда калды?! Мисир армиясында, Иордания армиясында жана Түркия армиясында заманбап самолёттор бар. Алар бул куралдарды ким үчүн сакташууда. Эй, Ислам каармандары, бул куралдарды бүгүн иштетүүнүн доору келди. Силер да «Биз тирүү богон соң, жихад кылуу үчүн Мухаммадга байъат бергенбиз» деп кыйкырган түрк полициясы Мевлут Алтынташдай болгула. Ал куралды орус элчисин өлтүрүү үчүн көтөрдү жана Сириядагы мусулмандар үчүн өч алды. Силер Мисир армиясынын сабында болгон, Аллах үчүн өзүн курман кылган, яхудийлерге чабуул кылып, алардын бир канчасын өлтүрүп, дагы бир канчасын жарадар кылган Мухаммад Салахтай болгула. Мына ошолор каармандар, алар Мухаммад ﷺдын армиясынын өкүлдөрү. Бул нерсе кошуундар акимдин эмес, Умматтын кошуундары экенине далалат кылат. Кошуундан талап кылынган нерсе – өз жетекчилигин өкүмдарлардан алып, Умматтын колуна тапшыруу.

Өкүмдарлардан, өзгөчө баскынчы вужуддун айланасындагы (Мисир, Сирия, Иордания жана Ливан) өкүмдарларынан үмүт жок. Эрдаган болсо, жалгандан ислимий ураандарды көтөрүп чыгып жатканы үчүн мусулмандар алданып, андан жакшылык үмүт

кылышууда. Бирок, мына, Газа согушунда анын жалгандары жана мунафыктыгы ачылып калды. Газада кыргын болуп жатканда ок атууну токтотууга чакыруу менен чектелди жана кол салуучу менен мазлумду барабар кылды. Бирок, бул учур курал жана самолётторду жибере турган убакыт эле. Эрдаган Украинага самолётторун жиберип, Украина толугу менен азат кылынышы зарыл деп билдирүү берген болсо, Газага кепин жана суу жиберүү менен чектелүүдө. Жиберген нерселери болсо, Рафахта кармалып, дагы эле Газага киришине урухсат берилген жок. Эрдаган жеңил эскертүү беришинин өзү жетиштүү эле, себеби, анда самолёттор бар. Эмне үчүн ал Газа калкына насраний кафирлерге кылган мамилесин кылбады. Алсыз мусулмандарга жардам берүү абзел эмес беле? Эгер, Эрдаганда динге калыстык болсо, кошуунду аракетке келтирбейби, себеби, бул жихад кылуунун учуру.

Ошондуктан, армия жетекчилигин кайра колго алышыбыз жана Мухаммад ﷺдын байрагын көтөрүшүбүз керек. Армия бизге каршы эмес, биздин пайдабызга иштей турган кубат болушу керек. Армия Иордания королу, Мисир Фиръавны жана башка мусулман тогуттар сыяктуу саткын өкүмдарлардын тактысын эмес, Газа жана башка жайлардагы мусулмандарды коргошу зарыл.

**Биринчи рисала**: армияларыбыз тогут өкүмдарлардын чечимдерине каршы козголуп, газалык эркек, аял жана балдардын ый-муңуна жооп бере турган учур келди. О.э. мужахиддер менен бирге Аллахтын душмандары болгон яхудийлерге каршы согушуусу зарыл.

**Экинчи рисала Мухаммад ﷺдын Умматына:** силер армияларды Аллах аларга фарз кылган жихад, тогутка моюн сунбоо, ар кандай итаатдан Аллахка итаат кылууну жогору коюу жана Жаратуучуга күнөөкөрдүк кылууда пендесине моюн сунбоо сыяктуу амалдарга чакырышыңар керек.

**Үчүнчү рисала**: бул тогут өкүмдарларга эмес, Мухаммад ﷺдын Умматына, Умматтагы таасирдүү күчтөргө жана кубат ээлерине. Албетте, Америка Кошмо Штаттары Фалестин проблемасынын чечимине "эки мамлекет чечими" негизинде карап жатат. Т.а. Фалестин жеринин 78 %ын камтыган яхудий мамлекети жана Фалестин жеринин 22 %ын өз ичине алган район же муниципалитетке окшогон мамлекетче зарыл экенин айтууда. Бул мамлекетче Акса мечитин, Абу Дайстан тышкары Газа жана Батыш Жээкти өз ичине алат. Анын үстүнө, бул регион куралсыздантылат.

Исламий дүйнөдөгү бардык тогуттар сионист вужудду (израилди) таанып жатат. Бул Америка, анын мусулман өлкөлөрүндөгү малай өкүмдарлары ишке ашыруу үчүн аракет кылып жаткан Америка долбоору. Аларга Аллахтын наалаты болсун, кандай гана адашууда! Газа калкы курчоого алынып, эркектер, аялдар жана балдар өлтүрүлүп, жерлери ойрон кылынып жатканда мусулман өкүмдарлары ушул «эки мамлекет» чечимин айтышууда. Эки жумадан бери Мисир конференциясында саткындар айтып жаткан бул долбоор т.а. «эки мамлекет» жана «ок атууну токтотуу» чечими Аллахты ыраазы кыла турган чечим эмес, ал Аллахты ачуулантат. Ал Американы ыраазы кылат, анын кызыкчылыгын жана саясатын жүзөгө чыгарат.

Жок, Аллахка ант, ким ушуга чакырып жаткан болсо, жоголсун. Себеби, яхудий вужудун түп-тамыры менен кулатуудан башка чечим жок. Бул туурасындагы шаръий өкүм – Фалестин азат болгонго чейин жихад кылуу.

Дүйнөнүн аркы четинен келип, өлкөбүздүн как борборуна-жүрөгүнө жайгашып алган бул бир ууч келгиндилер менен болгон кагылышуубузду жана алардын жеңилүүсү артынан ар ирет тигил тогуттарды жеңишибизди кезектеги саясий кыянатка алмаштырып жатышканына күбө болуп жатабыз. Алар мусулмандарга кыянат кылып, душманга каршы жихаддан кайтарууда. Бул тогуттар шахиддердин канын жана мусулмандардын курмандыктарын текке кетирип жатышканын, кубатты чачып жатышканын жана жеңишти текке кетирип жатышканын көрүп жатабыз. Тескерисинче, алар жеңишти саясий жеңилүүгө айлантышууда, алар душман согуш майдандарында жүзөгө чыгара албаган нерсени келишимдер аркылуу жүзөгө чыгарып беришүүдө. Биз мындан бардык мусулмандарды, өзгөчө, Газа калкын жана анын мужахиддерин, Мухаммад ﷺ Умматынын бардык катмарларын сак болууга чакырабыз. Алар силердин нусратыңарды, кайратыңарды жана жихадыңарды уурдап кетүүлөрүнө жол бербегиле.

Фалестин проблемасы аны деңизден тартып дарыясына чейин куткаруу аркылуу чечилет. Фалестин хиражий жер болуп, мусулмандардын мүлкү. Ал мусулмандарга кайтарылышы зарыл, ал жерде сионисттерге, яхудийлерге жана кресттүүлөргө орун жок. Ал Кыяматка чейин Мухаммад Умматыкы болуп калат. Яхудийлердин согушта коркоктук кылышы жөнүндө Роббибиз кабар берген жана муну жогоруда айтып өттүк. Эгер, яхудийлерге каршы кантип

согушуу керектигин билүүнү кааласаңар, тарыхты, Куръанды жана пайгамбарыбыздын сүннөтүн окугула. Бул Газа калкы, башка мусулмандар жана күч-кубат ээлери арасындагылар үчүн Аллах жолунда жихад кылууга кушкабар. Бул кушкабарды билгиңер келсе, тарыхка кайрылгыла. Биз Бану Кайнука, Бану Назир, Бану Курайза жана Хайбар яхудийлери менен согушканбыз. Яхудийлер менен төрт согушта кармаштык жана алардын куралдарын олжо кылып, жерлерин азат кылдык. Андан кийин эркек жана аялдарын туткунга алдык, алар жана алардын колдорундагы нерселер мусулмандардын олжосуна айланды. Алар бир да жолу үстөм болушкан жок, өздөрү жана куралдары мусулмандардын олжосуна өттү. Аллахтын урухсаты менен жакында яхудий вужуду жана алардын колдорундагы куралдары Мухаммад ﷺдын Умматынын мүлкүнө айланат. Биз муну өз көзүбүз менен көрдүк. Мына, бир топ мужахиддер аларга дубалдар ашып кирип барышты.

﴿ٱدۡخُلُواْ عَلَيۡهِمُ ٱلۡبَابَ فَإِذَا دَخَلۡتُمُوهُ فَإِنَّكُمۡ غَٰلِبُونَۚ﴾

***«Алардын үстүнө дарбазадан күтүүсүз киргиле, андан кирип алышыңар менен эле, албетте жеңесиңер»*** [5:23]

Андан кийин эмне болду?! Ондогон, ал тургай, жүздөгөн яхудийлер өлтүрүлдү жана миңдеген адамдар бир топ мужахиддерден качып кетишти. Биз бир топ мужахиддер кантип яхудий аскерлерин танктардан чыгарып алып жатканын, куралдары жана чоң аскерий базаларын ээлеп жатышканын о.э. яхудийлер жеке жана топ болуп качып жатышканын өз көзүбүз менен көрдүк. Аллахка кант, алар Мухаммад ﷺдын кошуунуна, жихад жарыя кылган жана Мухаммад ﷺдын байрагын көтөргөн кошуунга каршы согуша алышпайт.

**Эй, Ислам Умматы!**

Силер адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Умматсыңар, силерде жакшылык бар, силер үчүн Аллахтын убадасы бар. Себеби, Аллах Таала мусулмандар яхудийлерге каршы согуш кылышы жана Байтул Макдисди азат кылышы жөнүндө кабар берген. Ыктымал Байтул Макдис Ислам жетекчилигинин башкы кеңсеси жана убада кылынган Ислам мамлекетинин борбору болор. Роббиңер Римди фатх кылышыңар, жер жүзүн башкарышыңар жана яхудийлерди жок кылышыңар жөнүндө убада берген. Ислам орду жана Ислам мамлекетинин борбору Аллахтын урухсаты менен Байтул Макдисте болот. Эй, Аллахтын пенделери, убада силерди күтүп жатат, атак-даңк жана нусрат силерди күтүп жатат. Демек,

Аллах менен бирге болгула, Аллахтын буйругун колдонууга шашылгыла, Аллахтын шарияты менен өкүм жүргүзгүлө, тогуттардын тактысын кулаткыла, Байтул Макдис тарапка жихад жарыя кылгыла о.э. Газа жана Куддустагы калкыңар менен бирге болгула.

**Улуу жана кудуреттүү Аллахтан Акса мечитин азат кылуу биздин колдорубуз менен жана ушул күндөрдө болушун сурайбыз. О.э. жакында Акса мечитинде Амирул муъмининдин артында намаз окушубузга жеткиришин сурайбыз... Аллах Таала мужахиддердин кадамдарын бекем кылсын, душмандары үстүнөн нусрат берсин жана мужахиддерди бекемдесин. Аллах Таала оорулууларга шыфа берсин, жараатын оңдосун жана шахиддерин кабыл алсын... Эй, Газа калкы, бүгүн силер Умматка, уламаларына, жаштарына, кичинелерине жана чоңдоруна амалий ыйманды о.э. кайрат жана курмандыкты көрсөттүңөр. Аллах силерди кайраттуу кылсын, башбаанек берсин жана нусрат берсин... Бизди Мухаммаддын Умматынан жана Исламдын эң улуу өкүмдөрүнүн бири жихад Умматынан кылган Аллахка мактоолор болсун... Мына Мухаммаддын Умматы арасындагылар жихадга шашылгыла деп кайрылууда, жооп берүүчү барбы?! Исламий Халифалык мамлекети кошуунун куруу үчүн Роббинин динине жардам бере турган мусулман кошуундары кайда? Ал ушундай мамлекет, яхудий вужудун жок кылат жана аларга жардам берип жаткан мамлекеттерге тоскоолдук кылат коёт... Жардам берүүчү Аллах гана. Аллах Таала айтты:**

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُونُوٓاْ أَنصَارَ ٱللَّهِ﴾

***«Эй, момундар Аллахтын ансарлары болгула!»*** [61:14] ❑

## ИСЛАМ УЛУТТУК МАМЛЕКЕТТИ ЧЕТКЕ КАГАТ ЖАНА ИСЛАМ УММАТЫН БИР КУБАТТУУ ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИНДЕ БИРИКТИРЕТ

**Мусъаб Умайр – Пакистан вилаяты**

**Кириш сөз: Халифалык мамлекетиндеги биримдик бир жана ал түрдүү улуттук мамлекеттердеги бөлүнүүдөн айырмаланат.**

Бүгүнкү күндө Ислам дүйнөсү экономикалык жана коопсуздук жагынан кулап, мусулмандар элүү жети күчсүз улуттук мамлекеттерге бөлүнүп кетишкен. Мусулмандар арасында Ислам Умматынын азиздигин бекемдеп, кризистерин чечүү үчүн Умматты бириктирүү керек деген сөздөр күчөдү. Умматтын биригиши Уммат үчүн дүйнөдөгү ар кандай мамлекеттен кубаттуу бир мамлекет болушун түшүндүрөт т.а. армиясы да бир, казынасы да бир болуп, таасири анын вилаяттары жана аймактарына жайылат... Халифалык мамлекети мусулман жаштарды, күчтүү мусулман кошуундарды жана түшүмдүү жерлерди өз ичине алат. Бул жерлер анын күчтүү айыл чарба тармагына, ар түрдүү минерал жана энергия ресурстарына ээ болушун камсыздайт. Халифалык мамлекети Ислам дүйнөсүндөгү бардык соода жана негизги деңиз жолдорун көзөмөлдөйт.

Ислам өзүнө таандык жана татыктуу биримдикти жүзөгө келтирген байланыш болуп, мусулмандарга башка уммат жана калктардан өзгөчөлөнүп турган бир уммат деп түшүндүрмө берет о.э. алардын тек, түс, уруу, коом, өлкө жана башка негиздерде бөлүнүүсүн четке кагат, мамлекетти бүткүл Ислам умматы үчүн бир мамлекет – Халифалык деп билет. Ислам мусулмандардын бул мамлекети жана бийлиги ар кандай класска бөлүнүшүн харам кылган. Ушул себептен улам, Ислам мамлекети түшүнүгү улуттук мамлекет түшүнүгүнөн бүтүндөй башкача.

**Улуттук мамлекет негизде Исламга жат:**

Улуттук мамлекет түшүнүгү тарыхта христиан Европа жана анын ишенимдеринен келип чыкты. Т.а. ал Исламга бүтүндөй жат. Европанын масихий мамлекеттери ортосунда отуз жыл диний согуштар болуп өткөн соң, алар өз ара келишимдерди түзө башташты. Ошондо 1648-жылы «Вестфалия келишими» түзүлүп, согушка чекит койду жана бул чыр-чатакты токтотуу аракети катары жаңы улуттук мамлекеттин пайда болушунун башталышы болду.

Батыштагы капиталисттик мамлекеттер улуттук мамлекет түшүнүгүнө негизделген. Ошондуктан, калкты өз өлкөсүндөгү бийлик менен бирге ушул улуттук мамлекетке таандык кылышты жана калк ошол мамлекеттин чегараларында таанылат. Батыштын көз карашында уммат география, тарых, этникалык тек, мурас жана тил сыяктуу бир же бир канча факторлорго негизделип белгилениши мүмкүн.

Улуттук мамлекет түшүнүгү негизинен бузгунчу түшүнүк болуп, Уммат жөнүндө туура эмес түшүнүккө негизделген. Уммат уммат катары калыптанышы үчүн шексиз бирдей түшүнүктөр, ишенимдер, канааттануулар, өлчөөлөр жана көз карашка ээ болушу керек. Тарых, тек, тил, жана мураска келсек, алар адамдар арасындагы жалпы касиеттердин калыптанышына салым кошушу мүмкүн. Бирок, ал Умматты даярдоого жана жалгыз көз карашты пайда кылууга салым кошпойт. Умматты пайда кылуунун жалгыз туура жолу жалпы мабда негизине курулат. О.э. Умматтын жалгыз туура түшүндүрмөсү анын жалпы идеологиясына негизделет. Мындан тышкары, улуттук мамлекет күрөштү токтотпойт, тескерисинче, аны жаңы көрүнүштө, улуттук мамлекеттер ортосундагы күрөш көрүнүшүндө кайра жандантат. Ошондуктан, бүткүл дүйнө кескиндиктер, чыр-чатактар, күрөштөр, согуштар жана дүйнөлүк согуштардын алоосунда өрттөнүп жатат.

**Улутчулдук жана улуттук мамлекеттин бузгунчулуктары:**

Батыштын пикирине карама-каршы түрдө улуттук мамлекет чыр-чатактар жана күрөштөрдүн күч алышына алып келди о.э. Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштарга себеп болду. Улуттук мамлекет түшүнүгү бир калктын башка калктардан үстөмдүгү, бир тектин башка тектерден өкүмдарлыгы идеясын келтирип чыгарат. Германия, Франция, Россия, Британия жана башка көптөгөн колонизатор Батыш мамлекеттери тарыхта ушул идеяны алга сүрүп келишкен. Улуттук мамлекеттер күрөшү Россия менен Украина ортосунда массалык кыргын согушка, андан тышкары, Кошмо Штаттар менен Кытай ортосунда кескиндиктерге негиз болду.

Улуттук мамлекет колонизаторлук империясын кеңейтүүгө умтулууну күчөттү. Европада пайда болгон улуттук мамлекеттер регионалдык кеңейүүгө кудуреттүү эместиктерин түшүнүп, акыбетте колонизаторлук менен кеңейүү жолун карманып, өз артынан Европада эле эмес, Ислам дүйнөсүндө да ойрондулуктарды калтырды. Ошол колонизаторлук дагы эле бар.

Болгону заманбап көрүнүштө уланууда, бүгүн түздөн-түз аскерий баскынчылык көрүнүшүнөн көрө көбүрөөк саясий жана экономикалык колонизаторлук көрүнүшүндө уланууда. Түпкүлүгүндө, бүгүнкү күндөгү жаңы колонизаторлук ыктымал эң экстремалдуу жана кеңири жайылган көрүнүштө болуп, анын доору Батыш тарыхындагы мурунку доорлордон да жаман болуп жатат.

Бул улуттук мамлекет түшүнүгү Ислам Умматына колонизаторлукка кошумча, аны бөлүп салуу менен да зыян жеткирди. Акыйкатта болсо, мусулмандар улуттук мамлекет бизге колонизаторлуктан көз карандысыз болууна алып келет деп ойлошкон... Бирок, аларды бөлүп-бөлүп, күчсүз абалга алып келди. Мисалы, араб жана түрк улутчулдугу себептүү арабдар козголоң кылып, түрктөрдүн башкаруусунан баш тартышты... Балкан региону Усманий Халифалыктан бөлүнүп чыкты... Акыбетте, Аллах бизге кафирлерди өкүмдар кылды. Жакында ушул улуттук кызыкчылык негизинде Пакистан Афганистанга каршы АКШны колдоп-кубаттады... Ирак согушунда Саудия, Сирия, Түркия, Кувейт, Бириккен Араб Эмираты АКШга жардам беришти... Улуттук кызыкчылык негизинде азыркы өкүмдарлар Кашмир жана Фалестин азаттыгы үчүн согушуудан баш тартышууда...

Ооба, улуттук мамлекет себептүү адамзат көптөгөн азап-кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Ошондуктан, адамзат Исламдын бир боордоштук, биримдик, Уммат жана мамлекет сыяктуу баасыз түшүнүктөрдү тартуу кылганын түшүнүп жетиши жана мусулмандар жетекчилиги астында жаңы дүйнөлүк түзүм катары Ислам тарабына багыт алышы керек.

**Мусулмандар – ыйман менен бириккен бир Уммат:**

Мусулмандар жер, уруу, тек, өздүк жана тил негизинде бириккен бир уммат эмес. Ислам Батыштын улутчулдук, улуттук этникалык, улуттук кызыкчылык жана улуттук мамлекет сыяктуу түшүнүктөрүнөн бүтүндөй алыс. Мусулмандар – ыйман менен бириккен бир Уммат.

Улуу кудурет ээси Аллах:

﴿وَٱعۡتَصِمُواْ بِحَبۡلِ ٱللَّهِ جَمِيعٗا وَلَا تَفَرَّقُواْۚ﴾

***«Бардыгыңар Аллахтын арканына байлангыла жана бөлүнбөгүлө!»*** [3:103]

деди. Бул аят мусулмандардын бир жамаатта т.а. бир мамлекетте биригиши фарз экендигине далил. Ибн Касир аяттын тафсиринде:

«Аларды жамаат болууга буюруп, бөлүнүүдөн кайтарып жатат», - деген. О.э. Аллах Азза ва Жалла:

﴿إِنَّمَا ٱلۡمُؤۡمِنُونَ إِخۡوَةٞ﴾

***«Албетте, момундар – ага-инилер»*** [49:10] деген. Куртубий бул аяттын тафсиринде мындай дейт: «Бул жердеги ага-инилик дин жана урматта, насабда эмес. Ошондуктан, дин ага-инилиги насаб ага-инилигинен бекем, себеби, насаб ага-инилиги динге каршылык менен үзүлөт, дин ага-инилиги болсо насаб каршылык кылуу менен үзүлбөйт дешет».

Расулуллах ﷺ айткан:

**«هَذَا كِتَابٌ مِنْ مُحَمّدٍ النّبِيّ ﷺ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ وَالْمُؤْمِنِينَ مِنْ قُرَيْشٍ وَيَثْرِبَ وَمَنْ تَبِعَهُمْ فَلَحِقَ بِهِمْ وَجَاهَدَ مَعَهُمْ أَنّهُمْ أُمّةٌ وَاحِدَةٌ دُونَ النّاسِ»**

**«Бул Мухаммад Пайгамбар ﷺ тарабынан курайштык жана ясрибдик момун-мусулмандар, аларды ээрчиген, аларга кошулган жана алар менен бирге жихад кылган кишилер ортосунда** (амал кылынышы үчүн) **түзүлгөн келишим, алар башкалардан айырмаланып бир уммат».** (Байхакий «Сунанул Кубро»до риваят кылган). Ислам Умматы бир Уммат, анда исламий биримдик жүзөгө чыгышы керек. Саясий биримдик болсо, Халифалыкты тикелөөдө көөдөлөнөт. Арийне, Мадинаи Мунавварада Ислам малекети улуттук мамлекет болгон эмес, тескерисинче, бүткүл Умматтын бир бийлиги болгон. Ал жерде түрдүү уруу жана тектер болгонуна карабастан, бардыгы момундар болушат. Ислам дини үч континенттин калктарын акыйда аркылуу бириктирип, Ислам үчүн калыс бир Умматка айланткан жана тарых буга күбөлүк берүүдө.

**Мусулмандар тектик жана улуттук негизде бөлүнбөшү керек:**

Ислам тек, улут, уруу жана тил негизиндеги бардык көрүнүштөгү бөлүнүү жана кемсинтүүнү каралайт. Расулуллах ﷺ коштошуу хутбасында айткан:

**«يَا أَيُّها النَّاسُ أَلا إِنَّ رَبَّكُمْ وَاحِدٌ، وَإِنَّ أَباكُمْ وَاحِدٌ، أَلا لا فَضْلَ لِعَرَبِيٍّ على عَجَمِيٍّ، وَلا لِعَجَمِيٍّ عَلَى عَرَبِيٍّ، وَلَا أَحْمَرَ عَلَى أَسْوَدَ، ولا أَسْوَدَ على أَحْمَرَ، إِلَّا بِالتَّقْوَى»**

**«Эй, момундар! Сөзүмдү уккула жана жакшы түшүнүп алгыла. Батахкик Роббиңер бир. Аталарыңар да бир. Билип койгула, арабдардын ажамдан, ажамдын болсо арабдан, ак**

**түстүүнүн кара түстүүдөн, кара түстүүнүн ак түстүүдөн эч кандай үстөмдүгү жок. Үстөмдүк жалгыз таквада».** (Имам Ахмад риваяты).

Расулуллах ﷺ айтат:

«إِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ قَدْ أَذْهَبَ عَنْكُمْ عُبِّيَّةَ الْجَاهِلِيَّةِ وَفَخْرَهَا بِالآبَاءِ، مُؤْمِنٌ تَقِيٌّ وَفَاجِرٌ شَقِيٌّ، أَنْتُمْ بَنُو آدَمَ وَآدَمُ مِنْ تُرَابٍ. لَيَدَعَنَّ رِجَالٌ فَخْرَهُمْ بِأَقْوَامٍ إِنَّمَا هُمْ فَحْمٌ مِنْ فَحْمِ جَهَنَّمَ أَوْ لَيَكُونُنَّ أَهْوَنَ عَلَى اللهِ مِنَ الْجِعْلَانِ الَّتِي تَدْفَعُ بِأَنْفِهَا النَّتْنَ»

**«Албетте, Аллах силерден жахилияттын кибрин жана ата-бабалары менен өзүн чоң алууну кетирет. Момун таква менен, фажир кара жүздүүлүк менен** (айырмаланып турат)**. Анткени, силер Адамдын перзенттерисиңер, Адам болсо топурактан. Адамдар коому менен сыймыктанууну таштасын. Анткени, алар тозок отунан болгон бир отун.** (Эгер, коому менен сыймыктанууну таштабаса) **Аллах үчүн тумшугу менен тезек челген сасык коңуздан да төмөн болушат».** (Абу Давуд риваяты).

Аллах Азза ва Жалла айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنَّا خَلَقۡنَٰكُم مِّن ذَكَرٖ وَأُنثَىٰ وَجَعَلۡنَٰكُمۡ شُعُوبٗا وَقَبَآئِلَ لِتَعَارَفُوٓاْۚ إِنَّ أَكۡرَمَكُمۡ عِندَ ٱللَّهِ أَتۡقَىٰكُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ عَلِيمٌ خَبِيرٞ﴾

***«Эй, инсандар, чындыгында Биз силерди бир эркек жана бир аялдан жараттык да, бири-бириңер менен таанышууңар үчүн силерди (түрдүү) элдер жана уруу-элеттер кылып койдук. Албетте, силердин Аллах алдындагы эң урматтууңар – эң такваларыңар. Албетте, Аллах Билүүчү жана Кабардар»*** [49:13]

## Ислам алакасынан башка ар кандай алакага жана боордоштукка чакыруу чоң күнөө:

Ислам уруучулукка же улутчулдукка чакырууну каралайт, себеби, ал мусулмандарды бөлө турган жана алсырата турган кооптуу чакырык. Ал чакырык жолунда өлүм табуу динсиз кафир болуп өлгөнгө барабар. Расулуллах ﷺ айтат:

«مَنْ قُتِلَ تَحْتَ رَايَةٍ عُمِّيَّةٍ يَدْعُو عَصَبِيَّةً أَوْ يَنْصُرُ عَصَبِيَّةً فَقِتْلَةٌ جَاهِلِيَّةٌ»

**«Кимде-ким тарапкечтикке чакырган же тарапкечтикти колдоп батылдык байрагы астында өтүрүлсө, анда, анын өлүмү – жахилият өлүмү».** (Имам Муслим риваяты). Нававий бул хадистин шархында айтат: «Андай адам динге жардам берүү үчүн эмес, урууучулук үчүн ачууланып жатат. Урууучулук болсо өз коомуна зулумда жардам берүү». Ошондуктан, мусулмандарга

уруучулукка же улутчулдукка чакыруудан баш тартуу жана Аллахтын арканын бекем кармоо важиб. Анткени, бул күчтүү болуунун жолу.

Набий ﷺ уруу менен абзелдик талашуудан кайтарган. Имам Муслим риваят кылат: Бири мухажирлерден, экинчиси ансарлардан болгон эки кул урушту... Мухажир (же мухажирлер) «Эй, мухажирлер!» десе, ансарий «Эй, ансарлар!» деп жардамга чакырды. Ошондо Расулуллах ﷺ чыгып:

«مَا هَذَا، دَعْوَى أَهْلِ الْجَاهِلِيَّةِ؟!»

**«Бул кандай жахилият калкынын сөзү болду?!»**, - деди. Нававий рохимахуллах «Шархи Муслим»де айтат: «Бул риваяттагы "жахилият калкы" дегени, ал зат муну кескин жаман көргөнүн түшүндүрөт. Себеби, Исламдан мурун уруулар дунявий иштерде ушул негизде бири-бири менен согушкан. Жахилият акы-укукту урукчулук жана уруучулук негизинде белгилеген. Ислам келип, аларды батылга чыгарды жана маселелерди шаръий өкүмдөр менен чечти». Арабия жарым аралындагы урууларды бириктирген нерсе насаб эмес, балким, улуу Ислам болду.

**Ислам улутчулдук, же текчилдик, же болбосо жердешчилик негизде уюшууну харам кылды:**

Ибн Масъуд رضي الله عنه айтат: «Ким коомуна адилетсиздик үстүндө жардам берсе, кудум кудукка кулап, куйругунан тартылган төөгө окшойт». (Сунани Абу Давуд). Имам Хаттабий бул тууралуу «Маалимус Сунан»да айтат: «Мунун мааниси күнөөгө батты о.э кудукка түшүп, ал жерден чыга албай, кийин куйругунан тартып чыгарылган төөгө окшоп калды, дегени».

Имам Шафиий айтат: «Ким уруучулукту сөз менен билдирсе, уруучулукка раазы болсо жана чакырса, ал тургай, анын жолунда күрөшпөсө да, андай кимсенин күбөлүгү алынбайт. Себеби, ал мен билген маселелерде бардык мусулман уламалары арасында ихтилаф болбогон ачык харамды жасады». Андан кийин Шафиий Аллах Азза ва Жалланын:

﴿إِنَّمَا ٱلْمُؤْمِنُونَ إِخْوَةٌ﴾

***«Албетте, момундар – ага-инилер»*** [49:10]

деген аяты менен Байхакийдин «Сунани сагир»инде келген Расулуллах ﷺдын:

«وَكُونُوا عِبَادَ اللهِ إِخْوَانًا»

**«Аллахтын ага-ини пенделери болгула»,** деген хадисин мисал кылып келтирди.

Хижрий 855-жылы дүйнөдөн өткөн Бадриддин Айни Ханафий “عمدة القاري شرح صحيح البخاري”да айтат:

**«مَا هَذَا، دَعْوَى أَهْلِ الْجَاهِلِيَّةِ؟!»**

**«Бул кандай жахилият калкынын сөзү болду?!»** дегенинин мааниси «эй мусулмандар, урууңарды айтпагыла, тескерисинче, Исламды айткыла» дегени. “□ا شَأْنهمْ؟” дегени «аларга эмне болду, эмнеге мындай кылышууда?!» дегени. “□عُوهَا” дегени мындай сөздү таштагыла т.а. мындай сөздөн баш тарткыла, дегени. Андан кийин “فَإِنَّهَا خبيثة” деп таштоодогу хикматты баян кылып жатат. Т.а. бул уруучулук сөзү өтө сасык, жаман, жагымсыз, азар берүүчү жана мункар болот. Себеби, ал адилетсиз ачуулануууну козгойт, батыл үстүндө жаңжалдашууну келтирип чыгарат жана тозокко жетелейт. Бул хадисте дагы:

**«مَنْ دَعَا بِدَعْوَى الْجَاهِلِيَّةِ فَلَيْسَ مِنَّا وَلْيَتَبَوَّأْ مَقْعَدَهُ مِنَ النَّارِ»**

**«Ким жахилият** (заманындагы) **чакырыктарды айтса, ал бизден эмес. Өзүнө тозоктон жай даярдап алсын»,** деп айтылган».

**Мусулмандардын бир халифасы болушу шарт:**

Ислам Умматы башка калктардан өзгөчөлөнүп турган бир Уммат болуу менен бирге, негизинен, ал бир мамлекетте бир халифанын бийлиги астында болушу да шарт.

Набий ﷺ айтат:

**«وَإِنَّهُ لاَ نَبِيٌّ بَعْدِي، وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ، قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ»**

**«Менден кийин пайгамбар болбойт, балким, халифалар болот жана алар көбөйүп кетет”.** Сахабалар: “Бизге эмнени буюрасыз?”, - дешкенде, айтты: **“Биринчисинин, бир гана биринчисинин байъатына бапаа кылгыла».** (Имам Муслим риваяты). Нававий айтат: «Бул хадистин мааниси мындай: эгер бир халифадан кийин дагы бир халифага байъат берилсе, биринчиси туура шайланган болот жана ошого бапаа кылуу керек. Экинчиси болсо, батыл болот жана ага бапа кылуу да, аны талап кылуу да харам болот. Биринчисинин шаръий түрдө шайланганын билишеби же кабарсыз болушабы, айырмасы жок... О.э. экөөсү эки өлкөдө болобу, же бир өлкөдөбү, же алардан бири иштен алынган имам халифанын өлкөсүндө болобу, же башка өлкөдөбү, айырмасыз, биринчисине гана бапаа кылынат».

Ибн Исхак Абу Бакр ﷺнун хутбасын риваят кылат: «Мусулмандардын эки амири болушу халал эмес. Эгер, андай болсо, мусулмандардын иштерине жана өкүмдөрүнө ихтилаф түшөт, биримдиги бузулат, бири-бири менен чатакташат, ошондо сүннөт ташталып, бидъат ортого чыгат, фитна күч алат. Демек, эч кимдин мындай кылууга акысы жок». Үч континент мусулмандарына Халифалык кылган Умар ﷺ доорунда ушундай болду. Бул даъват кагазга жазылган жана адамдар кургактык жана деңизде төө менен сапар кылган заманда жүз берди. Демек, маалыматтар кылымында жана алыстарга аба аркылуу сапар кылынып жаткан кылымда кантип жүзөгө чыкпасын?!

**Мусулмандар үчүн бир убакта эки халифа болушу халал эмес:**

Имам Шафиий «Рисала» китебинде айтат: «Бардык мусулмандар бир халифа, бир казы, бир амир жана бир имам болушуна ижма кылышкан». Имам Мавардий өзүнүн «Ахкамус Султания» китебинде айтат: «Качан эки өлкөдө эки халифалык болсо, халифалык ишке ашкан болбойт, себеби, Умматка бир убакта эки халифа болушу жаиз эмес». Хижрий 458-жылы дүйнөдөн өткөн Ибн Хазм өзүнүн «Маротибул ижма» китебинде айтат: «Алар ушуга келишишти, мусулмандарга бүткүл дүйнөдө бир убакта, эки жайда же бир жайда эки имам-халифанын болушу жаиз эмес. Алардын бири-бири менен келишиши же келише албашынын айырмасы жок».

Эки халифа мусулмандарды Ислам менен башкарган учурдагы шаръий өкүм мына ушундай... Демек, элестеткиле, ондогон өкүмдарлар Исламдан башка мыйзамдар менен өкүм жүргүзүп, мусулмандарды ыдыратып, өлкөлөрүн бөлүп салган абалда эмне болушу мүмкүн?!

**Мусулмандардын бир салтанатын бөлүштүрүү таптакыр жаиз эмес:**

Мусулмандардын бир халифасы болот, алардын биримдигин бөлүү жана талкалоо чоң күнөө болуп эсептелет.. Бийлигинин бүтүндүгүн сактоо Исламда маанилүү маселе, ушул даражада дейсиң, бул үчүн жанды өлтүрүү керек. Себеби, Расулуллах ﷺ:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Качан эки халифага байъат кылынса, кийинкисин өлтүргүлө».** (Имам Муслим риваяты). Нававий бул хадисти: «Уламалар Ислам дияры кеңейген болобу же жокпу, бир доордо эки халифага байъат кылуу жаиз эмес экендигине келишишкен», - деп түшүндүргөн. Имамул Харамайн өзүнүн «Иршад» китебинде айтат:

«Биздин мазхабдаштарыбыз эки адамга байъат кылуунун дурус эместигин айтышкан, менин райымда да бир жайда эки кишиге байъат кылуу жаиз эмес жана бардыгы буга бир добуштан келишишкен». Расулуллах ﷺ айттат:

«فَمَنْ أَرَادَ أَنْ يُفَرِّقَ أَمْرَ هَذِهِ الْأُمَّةِ وَهِيَ جَمِيعٌ، فَاضْرِبُوهُ بِالسَّيْفِ كَائِنًا مَنْ كَانَ»

**«Ким ушул Умматтын башкаруу иши бир болуп турганда аны бөлүүнү кааласа, ким болушуна карабастан, аны өлтүргүлө».** (Имам Муслим риваяты). Имам Нававий өзүнүн шархында айтат: «Бул маселеде ким имам-халифага каршы чыкса же мусулмандардын калимасын бөлүүнү кааласа жана башка ушул сыяктуу кылса, ал мындан кайтарылат. Эгер, кайтпаса, ага каршы согуш кылынат. Эгер, анын ушул жамандыгы токтобосо, ал өлтүрүлөт».

Шексиз, Ислам Умматынын бардыгы бир бийлик т.а. Халифалык бийлиги астында болушу асл болуп эсептелет. Ким аны бөлүп, вужуддарга жана мамлекетчелерге ыдыратууга урунса, ага карата шаръий өкүм – өлтүрүү.

**Тыянак: Ислам Умматын бириктирүү үчүн бир амалий тарыйкат – бул Халифалык:**

Бир улуу Ислам дини гана улуттук мамлекет пайда кылган туруктуу чыр-чатакка чекит коёт. Динибиз адамзат үчүн реалдуу максатка т.а. Аллах Азза ва Жаллага кулдук кылууга негизделген күчтүү ага-инилик байланышын түзөт о.э. адамдар ортосунда тек, уруу, улут негизинде бөлүнүүнү ыйман менен дарылайт. Ал Ислам Умматына бир бийликти орнотуп, аны бөлүүнү харам кылат. Бул бир бийлик рошид Халифалык мамлекети болуп, биз иш жүзүндө биригишибиз үчүн Аллах Азза ва Жалла Өз нусратын берүүнү каалаганда т.а. жакын күндөрдө Аллахтын урухсаты менен ал кайра тикеленет. Анын тикелениши мусулман өлкөлөрдүн биринде улутчулдук негизинде эмес, Ислам жана исламий боордоштук негизинде ишке ашат. Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык Ислам дүйнөсүнүн бардык региондорун бир кубаттуу мамлекетте бириктирүүгө олуттуу аракет кылат. Индонезиядан тартып Мароккого чейинки бардык мусулмандарды – Исламга даъват кылгандай – бири-бирин жакшы көргөн боордош болууга чакырат о.э. мусулмандарды бөлүп, көп убакыттан бери алсыратып келген улуттук мамлекеттердин чегараларын жок кылат. ❑

## АМЕРИКАНЫН «ЖАҢЫ ЖИБЕК ЖОЛУ» ДОЛБООРУ: БУЛ ДОЛБООРДОН ЭҢ КӨП ПАЙДА КӨРҮҮЧҮЛӨРДҮН БИРИ (ИЗРАИЛЬ) БОЛУП, БУЛ ДОЛБООР СИОНИСТ ВУЖУД МЕНЕН ФАРС БУЛУҢУНДАГЫ МАМЛЕКЕТТЕРДИН МАМИЛЕЛЕРИН НОРМАЛДАШТЫРУУ ЖАРАЯНЫН ТЕЗДЕТЕТ

**Набил Абдулкарим (Абу Мусъаб)**

Тарыхта «жибек жолу» эң байыркы соода жолу болгон. Ал байыркы дүйнөнүн көпчүлүк региондорун байланыштырган жана он бешинчи кылымдын ортолоруна чейин уланган маданий соода жолу эле. Бүгүн тез байланыш каражаттары жаатында капыстан жүз берген күчтүү электрондук ыңкылап адамдарга дүйнө мамлекеттерин заматта кезип чыгуу мүмкүнчүлүгүн берди жана муну менен дүйнө кудум бир шаардай болуп калды. Дүйнөдө жүз берген бул өзгөрүүлөр товарлар аракетинин ыңгайлуулугун, байланыш жана жеткирип берүү тездигин о.э. бул жараяндын ыкчам жана коопсуз болушун камсыздоо үчүн байыркы жибек жолу идеясын кайра тикелөөгө муктаждык пайда кылды.

Ушул негизден карасак, Кытай «Бир алкак – бир жол» деп аталган долбоор аркылуу бул жолду кайра тикелөөгө аракет кылып, чоң ийгиликтерге жетишкенин көрөбүз. 2013-жылы Кытай жетекчиси Си Цзинпин Кытай базарларын дүйнөгө ыңгайлуу, коопсуз жана суу жолдорунун көзөмөлүсүз ачуу үчүн соода жолу түзүлөрүн, суу жолдорун дүйнөлүк соода аракети көзөмөлдөп жатканын билдирген. О.э. бул жол Кытайдын 21-кылымда өкүмдарлык амбицияларына ылайык узак мөөнөттөгү саясий жана экономикалык мамилелерди орнотууга каратылганын баса белгилеген. Бирок, Кытай «Бир алкак – бир жол» долбоорун жарыялашынан мурда башка мамлекеттер байыркы жибек жолу же ага окшогон нерселерди кайра тикелөөгө чакырып келишкен. Мисалы, 1998-жылда Япония Борбор Азия мамлекеттери ортосунда мамилелерди жогору даражага көтөрүү үчүн «жибек жолу» дипломатиясын кайра тикелөө идеясын алга сүрдү. 2011-жылы Кошмо Штаттар жаңы «жибек жолу» долбоорун сунуштады. Бул долбоорду АКШ мамлекеттик катчысы Хиллари Клинтон Индияга сапары учурунда сунуштады. О.э. 2014-жылы Индия мамлекеттер ортосундагы улуттук маданияттарды түшүнүүгө жана Индия океанындагы мамлекеттер ортосундагы алакаларды кайра тикелөөгө каратылган «Mausam» долбоорун сунуш кылды.

Бирок, бул сунуштардын бардыгы кагазда калып, Кытай алардан мурун «Бир алкак – бир жол» долбоору боюнча чоң кадамдарды

шилтеди. Кытайдын бул долбоор боюнча чоң кадам таштаышынын себеби АКШнын кээ бир тармактардагы өкүмдарлыгынан азап тартып жатканына байланыштуу. Мисалы, Кытай Американын Малакка кысыгын көзөмөлдөшүнөн, туруктуу өнүгүү үчүн маанилүү болгон, айрыкча, энергия жана биринчи тайпадагы чийки сырьё тармагындагы экспорт жана импортуна АКШ тоскоолдук кылып жатканынан жабыркап келет. Чамасы, Америка Кошмо Штаттары Кытайдан андан озуп кетишин каалабай жаткан көрүнөт. Муну кийинчерээк түшүндүрөбүз.

АКШ президенти Жо Байден 2023-жылы 10-сентябрда Нью-Делиде болуп өткөн G20 саммити учурунда Индия менен Европаны байланыштырган «жаңы жол» долбоорун жарыялады. Долбоор өз ара түшүнүшүү меморандумунда ачыкталды. Меморандумга АКШ президенти Байден, Индия премьер-министри Нарендра Моди жана Саудия мураскер канзадасы Мухаммад ибн Салман сыяктуу жетекчилер кол коюшту. Бул Индиянын батыш жээгиндеги Пундра портунан Фужайра портуна чейин созулган жол. Кийинчерээк Сауд Арабия жана Иордания аркылуу өтө турган темир жол линиясы стандартташтырылган контейнерлер аркылуу Фаластиндин (сионист вужуддун) Хайфа портуна жүк ташуу үчүн иштетилет. Түндүк жолго келсек, ал Араб булуңун Европа менен байланыштырат. Себеби, ал Хайфа портунан Франциянын Марсел порту сыяктуу түрдүү портторго, Италия жана Грециянын башка портторуна уланат. «Арабийя Нет» «Файненшел-Таймс» гезитине таянып жарыялаган кабарга ылайык, долбоор суу астындагы кабелди жана энергия өткөрүү инфраструктурасын да өз ичмине алат. Байден бул долбоорду тарыхий деп сүрөттөдү. Ал өтө үлкөн долбоор болуп, оюн эрежелерин өзгөртүп жиберет. Себеби, Мьянмадагы аскерий хунта бул долбоор үчүн болжолдонгон атайын порттун курулушуна уруксат берсе, бул долбоор Вьетнам, Таиланд, Мьянма жана Бангладеш сыяктуу мамлекеттерди ушул жол менен байланыштырат. Башка тараптан, Бангладеште алты темир жол аркылуу Индияга чыгуу өтмөгү бар, алар Мундра порту аркылуу Европага товарларды жөнөтүү үчүн иштетилиши мүмкүн. Бул жаңы жол камсыздоо запастарын камсыздоого, соода жолдорун кеңейтүүгө, экологиялык таза продукциялар соодасын 40 пайызга көбөйтүп, айлана чөйрөгө таасирин азайтууга каратылган. Бул болсо, өз кезегинде, майнаптуулукту көбөйтөт, каражаттарды үнөмдөйт жана газдардын чыгарылышын кыскартат. О.э. ал

энергия коопсуздугун бекемдөө жана таза энергияны өнүктүрүү аракеттерин колдоп-кубаттоо үчүн кайра жанданма электр энергиясы жана таза водородду кабелдер жана түтүктөр аркылуу өткөрүүнү жеңилдетүүгө каратылган. Ал маалыматтарды оптикалык була кабелдери жардамында санарип узатуу аркылуу санарип экономиканы өнүктүрүүгө салым кошот. Ак үй Байден администрациясы Индия менен Европа ортосунда чоң жол жарыя кылганы жөнүндөгү документте айтат: «Биз темир жол тармагынын жаңы доорун баштоону жана Европадагы портторду Жакынкы Чыгыш жана Азия менен байланыштырууну каалайбыз». Президент Байден айтты: «Бул долбоор жумуш орундарынын түзүлүшүнө, сооданын гүлдөп-өсүшүнө, ортобуздагы камсыздоо, байланыш чынжыры бекемделишине алып келет. Бул азык-түлүк коопсуздугун жакшыртат». Европа комиссиясынын төрагасы Урсула фон дер Ляйен континенттер жана хазараттар ортосундагы жашыл жана санарип көпүрөнү назарда алып: «Долбоор темир жол жана кабелдер гана эмес, мындан чоңураак», - деди.

Бул жарыя Индияда Кытайдын катышуусусуз болуп өткөн G20 саммитинде жарыяланды. Саясат жана коопсуздук маселелери боюнча серепчи Фаран Жефри «Кытай жетекчиси Си Цзинпин шерменде болбоо үчүн катышпаганын» айтты. Башка тараптан, талдоочу Велена Чакарова бул кадам «Кытай-Индия атаандаштыгы алкагында ташталганын» айтып, «Пекиндин Сауд Арабия менен Иран ортосундагы мамилелерди тикелөө жолуна демилгечи болуп жатканын», «Нью-Дели болсо, Эр-Рияз менен Вашингтон ортосундагы алаканы кайра тикелөөгө аракет кылып жатканын» баса белгиледи.

Экономист эксперт Яхя Саййид Умар «Ал-Жазира нет»ке берген интервюсунда: «Американын долбоордон көздөгөн максаты саясий болуп, ал Кытайдын «Бир алкак – бир жол» долбоорун бузууну же ага таасир өткөрүүнү каалайт», - деди. Долбоордун экономикалык майнаптуулугу «Бир алкак – бир жол» долбоорунун абзелдиктерине карата жөнөкөй көрүнөт жана учурда пайда көрүп жаткан өлкөлөр чектелген. Зыян көргөн мамлекеттерге келсек, алар Кытайдан тышкары Борбор жана Батыш Азия мамлекеттери. Түркия да эл аралык соода борборуна айланууну пландаштырганы үчүн зыян көрөт. Мисир болсо, эң көп зыян көрүшү мүмкүн. Себеби, долбоор ишке ашса, Сувайш каналына терс таасир кылат.

Мындан айырмаланып, экономикалык эксперт Ахмад Зикруллахтын айтымында, жаңы жол долбоору энергия өткөрүүнү жана санарип байланышты жакшыртат о.э. Чыгыш менен Батыштын соода жүгүртүмүн тездетүүгө кызмат кылат. Бул адаттагы убакыттын болжол менен 40 пайызын үнөмдөйт. Башка тараптан, саясий жактан сионист вужуд менен кээ бир Фарс булуңу мамлекеттеринин мамилелерин нормалдаштыруу жараянын тездетүүдө маанилүү орунга ээ. О.э. бул Америка-Кытай атаандаштыгы алкагында ишке ашат. Максаттар жагынан алганда, эки долбоор окшош деп каралат. Бирок, алар жол, саясий максат жана соода согушу жагынан бири-биринен айырмаланат.

**Жол жагынан:** күбө болуп жаткандай, Кытай өз маршруту үчүн ушундай бир жол тармагын курду, тармак бардыгына кызмат көрсөтөт, ошол эле учурда, бул тармакты көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү жок. Кытай өзүнүн саясий алсыздыгы, Батыштын болсо айлакердиги себептүү назик жактарды эсепке албады. Кеп ушунда, Кытай бул жолду өз убагында көзөмөлдөй албай турган мамлекеттерди тандап койгон жана тармак-чынжырды ушул таризде үзүлө турган кылып койгон. Ал тандаган мамлекеттерге Пакистан менен Афганистанды (айрыкча, Кошмо Штаттар ал жерден чыгып кеткенден кийин) мисал кылуу мүмкүн. Бирок, ал тандаган мамлекеттер муну менен чектелип калбайт. Түркия, Мисир жана башка көпчүлүк мамлекеттер Американын саясатын ээрчишин айтпаса да болот. Ушул себептен улам, Кошмо Штаттар Кытайга бул долбоорду өзүнөн мурун сунуш кылышын уруксат берген болушу мүмкүн. Кытайдан айырмаланып, Кошмо Штаттар куулук менен эң кыска жолду, Кытайды андан куру калтырып, көзөмөлдөөнү максат кылганын көрөбүз. Муну менен бирге, Индиядан Араб булуңу, сионист вужуд жана Европага чейинки бардык негизги борбордук чекиттер АКШга моюн сунат. Америка анын колунан чыгып кете турган мамлекеттерди тандаган жок, жол токтоп калбашы жана жол бузулбашы үчүн Италия, Греция жана Францияны тандады. Бул жолдун кыскалыгы, аз чыгымдыгы, коопсуздугу жана заманбап технологиялары жөнүндө айтпаса да болот. Көрүнүп тургандай, Кошмо Штаттар Индияны Кытай менен түздөн-түз атаандашкан соода борборуна айлантууну каалайт. Ушул таризде Кытай-Индия чыр-чатагын жана атаандаштыгын сактап калат.

**Саясий максат: Кошмо Штаттар экономикалык жана финансылык кызыкчылыктарды сионист вужуддун мамлекети менен байлоого аракет кылып жатат.** Бул болсо, регионду бул вужуд менен мамилелерди нормалдаштырышына о.э. аны региондо активдүү жана алмаштыргыс экономикалык субъект катары орнотулушуна алып келет. Бул аларга регионду дагы да күчтүү көзөмөлдөө жана анын биригишине тоскоолдук кылуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бүгүн Газа окуяларында жана мамлекет ичинде көрүп жаткан абал Булуң, өзгөчө, Мухаммад ибн Салман «Борбору Чыгыш Куддус болгон Фалестин мамлекети таанылса гана мамилелер нормалдашат» деп билдирүү бергенден кийин, Сауд Арабия менен мамилелер нормалдаштырылышынын себептерин даярдоодон башка нерсе эмес. Көрүп жатканыбыздай, яхудий вужуду бул чоң көзөмөл жөнүндөгү убадаларга жетүү үчүн өз айбатынын бир аз бөлүгүн жана адамдарын курман кылды. Эгер, бул долбоор бүтсө, ал өтө жогору финансылык булакка ээ болот жана ага моюн сунган малай өкүмдарларды көзөмөлдөйт.

**Соода согушуна келсек,** жол соода согушун көзөмөлдөөнүн бир бөлүгү болуп эсептелет. Келечектеги доор Жакынкы Чыгышты өз көзөмөлүнө алгандардыкы экенин эсепке алсак, Жакынкы Чыгыш регионундагы кургактык, деңиз жана аба жолдоруна, региондогу чийки сырьёго ким ээлик кылса, ал келечекте дүйнөнүн чыныгы өкүмдары болот.

Пайда көрүүчү мамлекет жана зыян көрүүчү мамлекеттин реакциясы.

- **Кытай зыян көрүүчү мамлекеттердин бири:**

Кошмо Штаттар Афганистандан чыгып, Талибан кыймылы көзөмөлдү өз колуна алышы Кытайдын бир нече мамлекеттер менен кызматташуусун ийгиликсиздикке учуратууда, «Бир алкак – бир жол» демилгесинин алга жылышын токтотууда Вашингтондун каалоосуна кызмат кылууда. Башка тараптан, Вашингтон Кытайдын батышындагы Шинжан регионун Чыгыш Түркстан аталышы астында бөлүү үчүн уйгур жикчилдерин колдоп-кубаттап жатканын көрүп жатабыз. О.э. Пакистандын түштүгү-батышындагы Балужистан вилаятынын эгемендүүлүгүн колдоп-кубаттап жатканына да күбө болдук. Бул Кытайдын бар болуп турушун татаалдаштырат жана жок кылат. Кошмо Штаттар Кытайды бул долбоорду табигый түрдө изинен чыгара турган кооп-коркунучтар иримине салуу үчүн аны «Бир алкак – бир жол» долбоорун ишке

ашырышына жол берди. Кошмо Штаттар даярдаган жасалма тоскоолдуктар мындан тышкары.

**Табигый кооп-коркунучтар:**

– Карыз жүгүн көтөрүү: 43 төмөн жана орто кирешелүү мамлекеттердин 13үндөгү кырдаал экономикалык абалдын жамандашуусуна туура келет.

– Карбонад ангидрид таштандылары кооптуу дүйнөлүк масштабда 0.3 пайызды түзөт. Бул транспорт инфраструктурасы долбоорлору натыйжасында жүзөгө келет.

– Мамлекеттердин саясатына, алардын жана мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу кооп-коркунучтар. Бул ушул долбоорлорду аларга тоскоол боло турган мыйзамдуу сүйлөшүүлөргө киргизет.

**Жасалма тоскоолдуктар:**

Көрүп турганыбыздай, Кытай өз жолунун негизги пункттарын саясий өңүттө тандабаган, тескерисинче, алар географиялык жактан тандалган. Кытайдын жол жөнүндөгү көз карашы дүйнөгө, биринчи кезекте Кытай кызыкчылыктарына кызмат кылат. Бирок, Кошмо Штаттар сунуштаган «жаңы жибек жолу» дыкат үйрөнүлгөн. Себеби, ал Кытайга, Россияга кызмат кылбайт, Жакынкы Чыгыштын жүрөгүнөн жана дүйнө артериясынан орун алган. Бул долбоорго тандалган негизги мамлекеттер Америкага бүтүндөй көз каранды мамлекеттер. Бул туруктуулукка кызмат кылат, ал эми, «Бир алкак – бир жол» андай эмес. Бул жолдогу негизги борборлордун көпчүлүгү, алардын катарында Пакистан, Афганистан, Мисир, Түркия, Иран, Индия жана Казакстан Кошмо Штаттардын саясатына көз каранды. Булардын көпчүлүгү Америка орбитасында айланат (анын таасири астында) же ага бүтүндөй малай. Бул жогорудагы долбоордун кечигишине же токтолушуна алып келе турган стратегиялык жаңылыштык. Бул мамлекеттер дөңкөлөккө таяк салуу, айрыкча, белгилүү бир убакытка чейин бул жолдун аракетин кечиктириши мүмкүн. Бул болсо, ушул жолдогу ачык-айкындуулук, ишеним жана коопсуздук жоголушуна алып келет.

**Баскынчы сионист мамлекет бул долбоордон эң чоң пайда көрүүчү мамлекеттердин бири:**

Баскынчы сионист мамлекет бул долбоордон эң чоң пайда алуучу мамлекеттердин бири болуп эсептелет. Кылмышкер вужуддун премьер-министри Бинямин Нетаняху айтат: «Мен

(израиль) мамлекетинин жарандарына (израилдин) бул экономикалык жолдо негизги борборго айланып жатканы жөгүндөгү кушкабарды жеткирүүдөн кубанычтамын». Яхудий вужуду жөнүндөгү талдоолор көрсөтүп жаткандай, доолбоор биринчи кезекте Жакынкы Чыгыштагы Кытайдын таасирине каршы экономикалык жана стратегиялык коргонуу системасын түзүүгө каратылган. Жакынкы Чыгыш жана бүткүл Азия мамлекеттеринде сионисттик вужуддун толук интеграциялашуусун камсыздайт. О.э. бул жол ага үлкөн киреше алып келет жана яхудий вужуду үчүн бардык нерсени жүзөгө чыгарат.

Региондогу саясий абалды күзөткөн киши Саудиянын яхудий вужуду менен мамилелерди нормалдаштырышы анык натыйжаны алып келишин түшүнөт. Себеби, Сауд Арабия бул вужуд менен жакын мамиледе болушу керектигин билип, ушул долбоорго макул болду. Себеби, яхудий вужуду бул долбоордун негизги тарабы жана борбордук чекити. Газадагы бүгүнкү окуяларды аягына жеткирүү планы катары, аны саткындардын колуна тапшыруу пландалган болушу о.э. бүткүл өлкөнү азат кылууга үмүт кылып жаткан кайраттуу мурабит мусулман калкка каршы мамлекеттер тил бириктирген болушу мүмкүн.

(израиль) Газада ушундай бир кылмыштарды жасап жатат, каршылык кыймылы менен фалестиндик мусулман калктын көрсөтүп жаткан кайрат жана эрдиктери, шексиз, жакында яхудийлерди бул кылмыштары үчүн бушайман кылат. Себеби, яхудийлердин жүрөгүнө коркунуч салып, алардын айбаты сынды жана жалгандары ачылып калды. Аллахтын урухсаты менен, Газадагы окуялар алардын мамлекетинин табытына кагылган акыркы мык болот жана жеңиш келет. Ошондо яхудийлерге аны менен мамилелерди нормалдаштырып жаткан Булуң мамлекеттери да, жаңы жибек жолу да, эл аралык келишимдер да пайда бербейт.

Батыш ушуну аңдап жатат: ким Жакынкы Чыгышты көзөмөлүнө алса, кыска убакыт ичинде бүткүл дүйнөнү көзөмөлүнө алат. Ошондуктан, алар Жакынкы Чыгышты көзөмөлгө алууда жарышып жатышат. Эгер, этибар берсек, Кытай өзүнүн «Бир алкак – бир жол» долбоорунда Жакынкы Чыгыш регионунун четки аймактарына гана таянды. Мунун бир нече себептери бар жана эң негизгиси ал өз долбоору менен Батышты козгоп коюуну каалабады. Муну менен бирге, ал өз долбоорун ишке ашырууда алга жылып жатат... Кошмо Штаттар болсо, акча, энергия жана

негизги ресурстарды камсыздоо үчүн Жакынкы Чыгышка жана Фарс булуңу мамлекеттерине таянды. Ал жолду кыскартууга, убакытты 40 пайыздан ашык өлчөмдө үнөмдөөгө жетишти... Ошентип, тараптар өз долбоорун ишке ашырышты... Бирок, алар бир нерсени т.а. Халифалык мамлекети келе жатканын унутушту... Аллахтын урухсаты менен, ал тикеленгенде алардын колго алган нерселер заматта ойрондуга айланат.

Биз үчүн бүгүнкү абалыбызга окшош мисал бар. Константинополду Халифалык мамлекети (Усманий мамлекет) 1453-миладий жылы фатх кылганда жибек жолу жана Кытай өкүмдар эле. Мухаммад фатих Кара деңиз регионуна өкүмдарлык кылууга жетишти. Дарданел кысыгы көзөмөлгө алынышы менен Усманийлер душмандар үчүн жибек жолун жабышты. Ошондо Усманий мамлекетке батыштыктардан салык жана транзит төлөмү катары чоң кирешелер түштү. Ушуга окшоп, бүгүн биз өз жерлерибиздеги бардык нерсени, эмне болушуна карабастан, эч нерсе төлөбөй тартып алабыз. Биз бүгүнкү эл аралык мыйзамды тааныбайбыз, Кытайдын «Бир алкак – бир жол» долбоору болобу же Американын «Жаңы жол» долбоору болобу, айырмасыз, биздин жерлерибиздеги бардык нерсени мүлк кылып алабыз. Биз соода жолдорунун баарына өкүмдарлык кылабыз. Жакынкы Чыгыш регионунун эң маанилүү касиеттеринин бири – дүйнөдө экономикалык суверенитетке жетишүү. Бул суверенитет мусулман халифасы жана бүткүл дүйнөгө жакшылык алып келе турган Роббаний мабданын ыктыярында болот. Мусулман халифасы Фалестин жеринде яхудий вужудун жок кылып, аны Халифалык мамлекетинин кучагына кайтарат. Динин дүйнө матасы үчүн саткан саткын өкүмдарлар талап-тоногон Уммат байлыктарын кайтарып алат. Биз мусулманга каршы тил бириктирген же анын канын төккөн ал бир адамдан эсеп сурайбыз.

Бүткүл дүйнөгө айтабыз, бүгүн башыбыздан өткөрүп жаткан мусибаттарга карабастан, биз келе жатабыз. Бул мусибаттар акыйкат жүзөгө чыгып, Расулуллах ﷺ бизге убада кылгандай пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык мамлекети тикелениши үчүн боло туган тандоо жараяны. Бул жараянда динин, жерин жана абийирин саткан ар бир саткын жана ар бир малай ачыкка чыгат... Аллахтын урухсаты менен биз албетте келебиз.

Эй, күч-кубат ээлери, Аллах халифа кылгандардын катарында болгула, Аллах башкаларга алмаштыра турган адамдардын катарында болбогула. Аллахтын даъватына жана даъват аракетин алып баргандарга жардам берүү аркылуу ушул замандын Саъддары болгула. Хизб-ут-Тахриргe жардам берүүгө шашылгыла. Хизб даъват байрагын көтөрүп, Исламий жашоону кайра баштоого, бүткүл адамзатты жана мусулмандарды залимдердин зулумунан куткарууга чакырууда. Аллахтын урухсаты менен биз албетте келебиз жана Аллах Тааланын бул сөзү бизде жүзөгө чыгат:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн** (итикаддуу) **заттарды халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон** (Ислам) **динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн коол-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул** (убада)**дан кийин куфрону** (ниъмат) **кылса, анда, алар фасыктар»*** [24:55]

Я, Роббибиз, Сенден нусратыңды тездетишиңди сурайбыз... ❑

## МАССАЛЫК КЫРГЫН КУРАЛДАРЫ БАТЫШ ЖАНА ИСЛАМ КӨЗ КАРАШЫНДА

**Доктор Лайс Абу Халаф**

«Массалык кыргын куралдары» аталышы өзүнүн таасири алкагына кирген ар кандай нерсени ойрон кылган куралдарга карата айтылат. Массалык кыргын куралдары үч түргө бөлүнөт: ядролук, химиялык жана биологиялык куралдар. Бул куралдардын таасири алар келтирип чыгара турган түздөн-түз ойрон кылуу менен чектелип калбайт, балким, кыйыр түрдө таасирлери да бар. Себеби, алардын кээ бирлери жылдар бою адамда сакталып кала турган майыптыкка жана ооруларга алып келет. Бул макалада биз бардык түрдөгү ядролук куралдарды жана алардын коркунучун талкуулайбыз.

Ядролук курал массалык кыргын куралдарынын эң кооптуу түрү болуп эсептелет. Ядролук куралдын таасири күчтүү болгону үчүн бүгүнкү күндө мамлекеттер саясий басым жана стратегиялык коргонуу каражаты катары өздөрү ээ болгон ядро бөрктөрүнүн саны боюнча бири-бири менен атаандашууда. Ядролук курадар эки түргө: тактикалык ядролук куралдар жана стратегиялык ядролук куралдарга бөлүнөт.

Тактикалык куралдар согуш майданында пайдалануу үчүн болжолдонгон кичи ядролук бөрктөр жана ишке түшүрүүү (учуруу) системасынан турат. Алар белгилүү бир аймактагы душмандын объектисин кеңири радиация таасирин келтирип чыгарбай ойрон кылуу үчүн болжолдонгон. Эң кичине тактикалык ядро куралынын ойрон кылуучу кубаты бир килотонн же андан аз болушу мүмкүн. (Т.а. жарылуунун күчү миң тонна жарылуучу тротилге барабар). Алардын эң чоңунун көлөмү 100 килотоннго жетиши мүмкүн.

Тактикалык ядролук бөрктөр адатта канаттуу ракеталар жана артиллерия снаряддары сыяктуу адаттагы бөрктөрдү алып жүргөн ар түрдүү ракеталарга орнотулушу мүмкүн. О.э. тактикалык ядролук куралдар самолёттордон, кемелерден атылышы мүмкүн. Буга кемеге каршы ракеталар жана торпедалар мисал болот.

Стратегиялык ядролук куралдарга келсек, алар ойрон кылуучу күчү жагынан чоңураак, ыктымал 1000 килотоннго жетет жана алар алыскы аралыктардан учурулат. Салыштыруу үчүн, 1945-жылы АКШ Хиросимага таштаган атом бомбасынын кубаты 15 килотонду түзгөн.

Ошондуктан, эгер кандайдыр бир шаарга ядролук бомба ташталса, ал биринчи секундда жарылып, күндүн температурасынан жогору жаркын нур чыгарат. Жарылуу борборунан бир километр радиустагы бардык нерсе, ал тургай, темир менен бекемделген имараттар да бууга айланат. Имараттардын кулашы жана бомбадан чыга турган кыйратуучу жогору температура толкуну натыйжасында кеңири жайылган өлүм абалына кошумча бир километр радиустан 7 километрге чейин бардык объекттер бүтүндөй ойрон болот. 7 километрден 13 километрге чейинки радиуста ар бир киши үчүнчү даражадагы күйүктөргө дуушар болот. Мындан тышкары, алардын денесине канцероген жана өлтүрүүчү нурлар кирет. Токойлор жана жыгач үйлөр сыяктуу тез өрттөнө турган бардык нерсе өрттөнүп кетет. 13 километрден 21 километрге чейинки радиуста адамдардын денесине канцероген нурлар кирип барышынан тышкары, алар бир нече жарааттарды алышат.

Ядролук куралга ээ болууну каалаган ар кандай мамлекет электр энергиясын иштеп чыгарган ядролук реакторлорду орнотпой туруп, уранды байытуучу заводду курушу мүмкүн.

Бириккен Улуттар Уюмунун башкы ассамблеясы ядролук куралга тыюу салган эл аралык конвенцияны кабыл алган. Ядролук куралга тыюу салуу туурасындагы келишимде баса белгиленгендей, келишимди тастыктаган мамлекеттер эч качан жана эч кандай шартта ядролук куралдарды, башка ядролук жарылуучу курулуштарды өнүктүрбөшү, сыноодон өткөрбөшү, иштеп чыгарбашы, сатып албашы, ээлик кылбашы жана сактабашы керек.

Бул келишим 2017-жылы 7-июлда БУУ тарабынан Нью-Йоркто өткөрүлгөн конференцияда кабыл алынган. Ал жыйырма жыл ичинде ядролук куралсыздануу боюнча кабыл алынган мыйзамдуу мажбурий көп тараптуу биринчи документ болду. Бул документ кеминде 50 мамлекет кол койгондон кийин күчкө кирет. Учурда негизги ядролук мамлекеттер: Америка, Британия, Россия, Кытай жана Франция келишимге кол койбогон.

БУУнун башкы катчысы 2021-жылы 22-январда ядролук куралга тыюу салуу жөнүндөгү келишим күчкө киргенин айтты. Бул жыйырма жылдан ашуун убакыт ичинде түзүлгөн биринчи көп тараптуу ядролук куралсыздануу келишими болуп эсептелет. Ядролук куралдарга тыюу салуу туурасындагы келишим аны тастыктаган мамлекеттер 50гө жеткенден кийин күчүнө кирет.

Ушуга байланыштуу кайрылуусунда БУУнун башкы катчысы Антониу Гутерриш: «Бул келишим ядролук куралсыз дүйнөнү жаратуу жолундагы маанилүү кадам болуп, ядролук куралсыздануу боюнча көп тараптуу жандашууларды колдоп-кубаттоонун күчтүү далили», - деди. Гутерриш ядролук курал дагы да күчөп жаткан кооп-коркунучтарды келтирип чыгарып жатканын, дүйнө аларды жок кылуу о.э. алардан ар кандай түрдө пайдалануу натыйжасында жүзөгө келе турган кыйратуучу инсаний жана экологиялык акыбеттерди алдын алуу үчүн ыкчам чаралар көрүшү керектигин баса белгиледи. Ал айтты: «Ядролук куралды жок кылуу БУУнун куралсыздануу боюнча биринчи үстөм милдети болуп калууда. Мен бардык өлкөлөрдү жалпы коопсуздук жана жамааттык коопсуздукту бекемдөөгө каратылган ушул максатка жетүү үчүн биргеликте аракет кылууга чакырамын». Ал келишимде белгиленген максаттарга жетүү, келишимге кирген мамлекеттердин биринчи жолугушуусуна даярдык көрүүнү ынтызарлык менен күтүп жатканын билдирди.

Куралсыздануу идеясы көптөгөн муфаккирлердин аң-сезимине алар кыйратуучу согуштарды башынан өткөргөндөн, мурунку согуштардын адамзатка таасирин, алар келтирген маддий жана инсаний кыйроону көргөндөн кийин кирип келди. Ошондуктан, алар өлкөлөр жана калктар арасында коопсуздук жана туруктуулукту камсыздоо каражаты катары куралсыздануугa чакырышты. Азыркы калктарды массалык кыргын куралдарынын кескин өнүгүп жатканы, көп иштелип чыгарылышы, ракеталар жана атом бомбалары коркуугa салса, алар ушул ядро коркунучу куралсыздануу аркылуу жоюлушуна үмүт кылышат.

Этибарлуусу, бул мамлекеттер бир жүз элүү жыл мурунку куралсыздануу датасынан баштап бүгүнкү күнгө чейин куралдарды биргеликте чектөөгө же кыскартууга, ал же бул түрдөгү куралдарды бүтүндөй жок кылууга жетишкен жок. Көптөгөн өткөрүлгөн конференцияларга карабастан, ири мамлекеттер дагы эле куралдануу үчүн атаандашып жатышканын көрүп жатабыз. Алар негизги этибарды эң кыйратуучу куралдарга ээ болууга каратып, бул ишке окумуштууларды жана экономисттерди тартышууда. Эки ири мамлекет т.а. Россия жана Америка дүйнөнү дагы да коркууга сала турган даражада куралдануу саясатын улантып жатышат жана бул куралсыздануу боюнча өткөрүлгөн конференциялардын «жемиши».

Учурда ядролук бомба Японияда гана т.а. Америка аны Экинчи дүйнөлүк согуштун аягында (1945-жылы 6-август) Хиросима жана Нагасаки шаарларына таштаганда колдонгон. Мунун натыйжасында, Япония моюн сунуп, союздаштар жеңген. Ошондон кийин Америка дйнөдөгү бардыгы корко турган биринчи мамлекетке айланган.

Ядролук куралдан пайдалануу адамзаттын кыйрашына алып келет. Адамдардын өмүрү кафирлерди кабатыр кылбаганы үчүн, алар бул жөнүндө ойлонушпайт. Тескерисинче, ядролук куралды колдонуу чектелиши же чектелбеши алардын жеке кызыкчылыктары.

Бүгүн дүйнөгө өкүмдарлык кылып жаткан капиталисттик түзүм – Умматтын бактысыздыгынын себепчиси. Кафир Батыш өкүмдарларынын үстөм маселеси болгон утилитаризм жана пайдапарастык алардын аң-сезимин абдан катуу ээлеп алды, алар бүткүл адамзат үчүн коркунучка айланышты. Японияга эки атом бомба ташталышы адамдардын өлүмүнө жана ошол жердин ойрон болушуна алып келди о.э. ядролук нурдануу натыйжасында генетикалык бузулуу келип чыкты. Бул болсо, кафир Батыш өкүмдарлары өтө кооптуу адамдар экенин көрсөткөн эң күчтүү далил. Себеби, бул куралдарды колдонуу алардын аскерий саясатында камтылган. Алар мындан өз кызыкчылыктарын ишке ашырууну жана аларды коргоону көздөшөт.

Бүгүнкү күндө адамзат Исламдын колдонулушуна абдан муктаж. Себеби, адамдардын иштерин камкордук менен башкарууга негизделген жалгыз түзүм Ислам түзүмү гана болуп эсептелет. Аллах Таала айтты:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا كَآفَّةً لِّلنَّاسِ بَشِيرًا وَنَذِيرًا وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Биз сени шек-күмөнсүз, бардык адамдарга кушкабар жеткирүүчү, эскертүүчү расул кылып жибердик, бирок, көп адамдар** (муну) **билишпейт»*** [34:28]

Адамдардын турмушун жана иштерин камкордук менен башкаруу – Ислам мамлекетинин эң үстөм маселеси. Ислам мамлекети ички саясатта Исламды колдонуу, тышкы саясатта даъват жана жихад аркылуу адамдардын иштерин башкарат. Аллахтын урухсаты менен рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Исламий жашоо кайра тикеленсе, армия эң заманбап аскерий, ядролук куралдар менен куралданат. Себеби, аскерий

саясаттагы шаръий өкүм халифага душманды коркута турган куралдар менен куралданууну важиб кылат. Аллах Таала айтты:

﴿وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ ٱلۡخَيۡلِ تُرۡهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمۡ﴾

***«Алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөр барынча күч жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары силер билбеген, Аллах билген башка бирөөлөрдү да коркунучка саласыңар. Аллах жолунда эмнени сарфтасаңар, силерге зулумдук кылынбастан толук кайтарылат»*** [8:60]

Ислам өлкөлөрү байлык жана баатырлар кампасы болуп, саны жана техникасы боюнча эң үлкөн армияларды жогору даражада, эң заманбап алдыңкы куралдар менен камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. О.э. оор өнөр жайга ылайыкташкан ири заводдорду куруу жана эң заманбап алдыңкы куралдарды иштеп чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Ошондуктан, биз ар тараптуу даярдык көрүшүбүз керек. Бул Халифалык тикеленгенде жапырт бүткүл дүйнөгө каршы согуш кылышыбызды же Халифалык тикелениши менен эле бүткүл дүйнөгө согуш жарыя кылышыбызды түшүндүрбөйт. Себеби, бул акылга сыйгыс нерсе. Расулуллах ﷺ Мадинага барып, Ислам мамлекетин тикелеши менен эле бүткүл дүйнөгө согуш жарыя кылган жок. Аллах Таала айтты:

﴿وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِن قَوۡمٍ خِيَانَةً فَٱنۢبِذۡ إِلَيۡهِمۡ عَلَىٰ سَوَآءٍۚ﴾

***«Эгер, кайсы бир коом тарабынан кыянатты сезсең, сенда аларга дал ошондой кылып*** *(сездирип койгун)****»*** [8:58]

Ушуга негизделип, мусулмандар душманга каршы согушта ядролук куралдан пайдалануусу жаиз, ал тургай, душман мусулмандардан мурун аларга каршы ядролук куралдан пайдаланбаган болсо да. Себеби, бардык мамлекеттер согушта ядролук куралдан пайдаланууну жаиз деп эсептейт. Ошондуктан, андан пайдалануу мусулмандар үчүн жаиз. Түпкүлүгүндө, ядролук куралды колдонуу – адамзатты кыргын кылышы назарынан алганда – харам. Анткени, жихад адамзатка Исламды алып кирүү менен жан берет. Ал адамзатты кыйроого учуратуу максатында алып барылбайт.

Адамдарга камкордук кылууга негизделген мабда – Ислам. Ядролук куралдар мүмкүнчүлүктү жок кылуу максатында иштетилгендиктен алардан пайдаланууну Ислам түзүмү гана тыюу салган. Исламдагы жихад адамдарга жашоо тартуулайт. Бирок,

Ислам мамлекети келечекте ядролук курал өнөр жайын душманды коркутуу үчүн ишке салууга мажбур болот, ал тургай, абал талап кылса, андан пайдаланышы да мүмкүн. Себеби, мындай массалык кыргын куралынан пайдаланууну өзүнө халал кылып алган Батыш коркунучун жоюу зарыл. Айрыкча, бүгүнкү күндө эң өнүккөн, эң массалык кыргын курал-жарактары бар болгон соң, Исламий мамлекет ядролук куралдардан пайдаланылбашына же дүйнөдө алардын бүтүндөй жок кылынганына ишеним пайда кылганга чейин бул түрдөгү куралга ээ болууну улантат.

Дүйнө Ислам менен башкарылса гана бул куралдардан кутулат. Савбан ﵁дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«إِنَّ اللَّهَ زَوَى لِي الأَرْضَ فَرَأَيْتُ مَشَارِقَهَا وَمَغَارِبَهَا، فَإِنَّ أُمَّتِي سَيَبْلُغُ مُلْكُهَا مَا زُوِيَ لِي مِنْهَا»

**«Аллах мага жерди чогултуп көрсөттү, ошондо анын күн чыгышынан күн батышына чейинки бардык жайларын көрдүм. Умматымдын мүлкү мага чогултуп көрсөтүлгөн бардык жайларга чейин жетип барат».**

Тамим Дарийден риваят кылынган хадисте айтты: Мен Расулуллах ﷺдын мындай деп айтканын уктум:

«لَيَبْلُغَنَّ هَذَا الْأَمْرُ مَا بَلَغَ اللَّيْلُ وَالنَّهَارُ، وَلاَ يَتْرُكُ اللَّهُ بَيْتَ مَدَرٍ وَلاَ وَبَرٍ إِلاَّ أَدْخَلَهُ اللَّهُ هَذَا الدِّينَ، بِعِزِّ عَزِيزٍ أَوْ بِذُلِّ ذَلِيلٍ، عِزًّا يُعِزُّ اللَّهُ بِهِ الْإِسْلَامَ، وَذُلاًّ يُذِلُّ بِهِ الْكُفْرَ»

**«Бул иш** (Ислам дини) **түн жана күн жетип барган жайга чейин жетип барат. Аллах бир да отурукташкандын, көчмөнчүнүн үйүн калтырбастан, ага бул динди азиздин азиздиги же кордун кордугу менен киргизет. Ушундай бир азиздик, аны менен Аллах Ислам динин азиз кылат. Ушундай бир кордук, аны менен Аллах куфрду кор кылат».**

Бир күн келет, ал күндө Расулуллах ﷺ хадисинин тастыгы катары Ислам бүткүл дүйнөнүн мабдасы болот. Себеби, адамзат үчүн Исламдан башка куткаруучу жок. Аллахтан Өз нусратын тездетишин сурайбыз. ❑

## Хаманаий Хамаска: Силерди саясий жана моралдык жактан колдойбуз... Бирок, алып барып жаткан согушуңарга аралашпайбыз!

Фалестиндеги Хамас каршылык кыймылынын саясий бөлүмүнүн төрагасы Исмаил Ханийя ноябрь айынын акырында Тегеранга сафар кылып, Али Хаманаий менен сүйлөшүү өткөргөн. Сүйлөшүүгө күбө болгон, көз карандысыз маалымат берүү үчүн өз ысымдарын ачыктабоону талаб кылган ирандык жана Хамастын үч расмийи бул жөнүндө хабар кылып, ушуларды баса белгилешти: Иран Жогорку жетекчиси Хаманаий Ханийяга: «Хамас өзүнүн 7-октябрдагы чабуулдары тууралуу Иранды хабардар кылбады. Кала берсе, Иран Ислам республикасы Хамастын атынан бул согушка кирбейт», - деп ачык айтты. «Рейтер» маалымат агенттигинин хабарына ылайык, Хаманаий ага «Иран Хамаска саясий жана моралдык жардам берүүнү улантарын, бирок согушка түздөн-түз аралашпастыгын» баса белгилеген. Хаманаий Ханийяга: «Фалестиндеги кыймылдар Иран менен анын Ливандагы союздашы «Хизбуллахты» "Израилге" каршы согушка бүткүл күчү менен кошулууга тынбастан чакырышууда, Хамас алардын үнүн басышы керек», - деген. «Хамас» кыймылы өзүнүн саясий бөлүмү төрагасы Исмаил Ханийя менен Хаманаийдин жолугушуусу тууарасындагы «Рейтер» хабарына түшүндүрмө катары: «Биз бул хабарда көрсөтүлгөн маалыматтарды четке кагабыз. Өкүнүчтүү, негизсиз хабар жарыяланыптыр. Биз агенттикти ар кандай хабарды текшерүүгө чакырабыз», - деген.

**Ал-Ваъй:** Хаманаийдин «Акса ташкыны» операциясына биздин тиешебиз жок деп туурасын айтканы жакшы болду. Негизи, анын бул билдирүүсү өзүнүн пайдасы үчүн эмес, зыяны үчүн тарых барагында калат. Хамас жолугушуунун болгонун четке какса да, жылжып чыккан бул хабарды реалдуулук да ырастап турат. Ирандын Газада болуп жаткан окуяларга позициясын АКШ-Иран кызматташуусу гана белгилейт. Анын аралашуусу ыхтымалдан четте эмес, бирок, бул Американын кызыкчылыгынын талабына карап болот, башка эч кандай кызыкчылыкка карап эмес.

## Саудия дале «Израиль» менен мамилелерди нормалдаштырууга үмүттөнүүдө

Американын «Axios» веб-сайтынын хабарына ылайык, «АКШ конгресс делегациясы согуш учурунда Саудияга сафар кылып, мураскер ханзада Мухаммад ибн Салман менен жолугушту». Жолугушууда Республикачылар партиясынан сенатор Линдси Грэм жетектеген делегация саудиялык расмийлерден алар дале "Израиль" менен мамилелерди нормалдаштыруу келишимин түзүүгө кызыкдар экендиктерин угушкан. АКШ президенти Жо Байден администрациясы Жакынкы Чыгышта Саудия «Израилди» моюнга алган ири келишимди түзүүгө аракет кылып келет. Бул 7-октябрдагы «Израиль» Газа чабуул баштардан мурун болгон. Сенатор Грэм Байден администрациясынын Саудия-«Израиль» ортосундагы мамилелерди нормалдаштырууга болгон жандашуусун жогору баалап, мындай сөздөрдү айтты: «Мен Байден администрациясынын Саудия-«Израиль» ортосундагы мамилелерди нормалдаштырууга болгон жандашуусун алкыштоого гана татыктуу деп билемин... Мен Трамп негиз салган иштн бүтүрүп жатканы үчүн Байден администрациясын куттуктаймын. О.э. Саудия-«Израиль» ортосунда дуняны турукташтырган келишимди түзүү жолунда Байден администрациясы менен иштөөгө аракет кылып жатам». Ак үйдүн улуттук коопсуздук кеңешинин өкүлү Жон Кирби журналисттерге мындай деди: «Сауд Арабия Байден администрациясына Газадагы согуш бүткөндөн кийин да "Израиль" менен мамилелерди нормаллаштырган келишимди түзүүгө королдук кызыкдар экенин баса белгиледи». Кирбинин бул билдирүүсү Саудия коргоо министри Халид ибн Салмандын Вашингтонго сафары менен бир учурга туура келди. Ибн Салман АКШ улуттук коопсуздук кеңешчиси Жейк Салливан менен жолуккандан кийин «Газада тезинен ок атууну токтотуу, катардагы адамдарды коргоо, гуманитардык жардамдарды алып кирүү жана тынчтык жараянын кайрадан баштоо зарылдыгын» баса белгиледи.

**Ал-Ваъй:** бул жерде – "Жаңы жибек жолу" деп аталган долбоорбу же башкасыбы – Сауд Арабия жана Фарс булуңу мамлекеттери "Израиль" менен кызматташкан Американын колдоосу астындагы экономикалык долбоорлор бар. Фалестин маселеси болсо, бул өкүмдарлардын эч бирин тынчсыздандырбайт,

тескерисинче, ага каршы баары тил бириктиришүүдө. Көптөгөн маалымат каражаттарынын хабарына ылайык, исламий өлкөлөрдүн өкүмдарлары нормалдашуу келишиминин кызыкчылыгы үчүн Газа согушун токтотууну яхудийлерге кеңеш кылышкан.

## Яхудийлер Газада ушунча кылмыштарды жасап жатышканына карабастан, Амирликтер “Израиль” Фалестинде шексиз калат” деп жатат

Бириккен Араб Амирликтеринин коргоо, ички иштер жана тышкы иштер комитетинин төрагасы Али Рошид Нуаймий Газа секторунда согуш болуп жатканына карабастан, “Иброхим келишими” коркунуч астында эместигин баса белгиледи. “Иброхим келишими” дегенде Нуаймий 2020-жылы АКШ колдоосунда Амирликтер, Бахрайн, Марокко жана Судан мамлекеттери «Израиль» менен түзгөн мамилелерди нормалдаштыруу келишимин назарга алып жатат. Европа яхудий ассоциациясы жана АКШ-«Израиль» ортосунда коомдук алакалар комитети менен өткөргөн жолугушууда Нуаймий: «Бул келишимдер – биздин келечегибиз. Алар региондо өзгөрүү жасайт, баарына коопсуздук, туруктуулук жана бакубатчылык алып келет”, - деди. Андан кийин: «”Израиль” Фалестинде шексиз калат», - деди. Баса белгилөө зарыл, Амирликтер “Акса ташкыны” операциясы башталгандан бери Фалестин каршылык кыймылы тарабында эмес, «Израилдин» тарабында турууда бардык араб мамлекеттеринен активдүү аракет кылууда. Мисалы, Амирликтердин Коопсуздук Кеңешиндеги өкүлү Лана Закий Нусайба “Акса ташкыны” операциясы себебдүү Хамаска катуу асылып: «Бул кыймыл фалестиндиктерди айгинелебейт», - деди.

**Ал-Ваъй:** Амирликтердин өкүмдарларынан жана Зайиддин урпагынан кыжырды келтирген, мусулмандарды, алардын динин жана маселелерин акараттаган хабарларды гана угуп жатабыз. Алар бул дуняда да, Ахыретте да албетте Аллахтан өздөрү ылайыктуу жазаны алышат, инша Аллах.

## Али Шайх Туркий Газага тилектештик катары «Эр-Рияз мезгилин» бекер кылбагандыгы сындоолорго себеб болду

Саудия оюн-зоок комитетинин төрагасы Али Шайх Туркийдин Газага тилектештик көрсөтүү катары «Эр-Рияз мезгили» сейилдерин бекер кылбагандыгы сындарга себеб болду. Акыйкатта

болсо, учурда Газа эли жана наристелери зулум согушту башынан өткөрүшүп, намыс жана динин коргошууда. Алар туш болгон баскынчылардын кыргыны геноцидге айланды... Мына ушундай учурда Оюн-зоок комитетинин төрагасы Али Шайх Туркий акыркы күндөрдө ал жана анын мамлекети туш болгон сындоолорго раддия катары Фейсбуктагы баракчасында мындай деди: «Бу жерде түшүндүрүп өтүү зарыл болгон маанилүү нерселер пайда болду. Мен акыркы кездерде көп сүйлөбөдүм, бирок азыр сүйлөбөсөм болбойт деп билемин... 1967-жылы мамлекеттер басып алынганда да эч нерсе токтотулбаган, Ливан согушунда да эч нерсе токтотулбаган, менин мамлекетим жети жыл согушканда да эч нерсе токтотулбаган, Саудиянын каны баардык нерседен кымбат...». Ал дагы минтип кошумчалады: «Арамза кимселер бизден үстөм келгенде акыйкатты түшүндүрүүгө туура келүүдө, мамлекеттин аты, менин атым жана "Эр-Рияз мезгилин" маскаралоо качан токтойт, билбейм... Алар адамдардын көңүлүн башка нерсеге буруу үчүн ушундай кылышууда... Мамлекетимдеги абройлуу адамдарды туура эмес сындоого качанга чейин рухсат берилет? Биз менен ар кандай жакшы иште кызматташкандар качанга чейин коркутулат? Мен футболдун – маселен – токтотулганын, же башка эркин жана жакшы иш-чаранын, же болбосо туризмдин токтотулганын көрбөгөм?». Ал сөзүн минтип бүтүрдү: «Мен араб мекендешим Али Шайх Туркийдин атын жакшы түшүнүп, жакшы билет жана менин атымды эмне үчүн, кимдер тарабынан колдонулуп жатканын билет, деп ишенемин. Мына, ахвал анык, дагы ошол ыкма-каражаттар, ошол басма сөз жана ошол кимселер... Лекин, мен саудиялыктарданмын, алар өз мекенинин өнүгүүсүнүн тарапкерлери, мамлекетке келген ар кандай зыяратчыны сүйүп, алкышташат».

**Ал-Ваъй:** бул Туркий деген кимсе Ибн Салман алып келген куурчак болуп, ага мамлекеттин бюджетинен акчалар бөлүнгөн. Ал ушул акчаларды ахмактар заманында ахмак көңүл ачуучу иштерге сарфтап жатат... Андыктан, бул кимсени айыптап, сындоонун ордуна, оболу аны бул кызматка алып келген жана колдоп-кубаттап жаткандарды айыптап, сындоо керек... Бул майрам иш-чараларын токтотпой өткөрүү анын кожоюну тарабынан буйрулган.

Андыктан, кожоюну аны бул иштерден тосот беле?!

## Оман муфтийи: Биз үчүн Газа мусибаттары оор, бирок, бул – нусраттын төлөмү, фитначыларга кулак салбагыла.

Оман муфтийи шайх Ахмад ибн Хамд Халилий мындай деди: «Намыстуу Газа калкы жаны, үй-бүлөлөрү жана мал-мүлктөрү менен учурап жаткан бул мусибат биз үчүн оор, бирок, бул – улуу нусраттын төлөмү. Фитначылар эмне дешпесин, мен аларды ушул сыймык жана даңк жолунда кадам шилтөөгө чакырамын:

﴿إِن يَمۡسَسۡكُمۡ قَرۡحٞ فَقَدۡ مَسَّ ٱلۡقَوۡمَ قَرۡحٞ مِّثۡلُهُۥۚ وَتِلۡكَ ٱلۡأَيَّامُ نُدَاوِلُهَا بَيۡنَ ٱلنَّاسِ﴾

***«Эгер, силерге жаракат жеткен болсо, ал коомго дал ошондой жаракат жеткен. Жана Аллах чыныгы ыйман келтиргендерди билиши, ошондой эле араңардан шахиддерди ылгап алуусу үчүн Биз бул күндөрдү адамдар арасында айландырып турабыз. Аллах залимдерди жакшы көрбөйт»*** [Али Имрон: 140]

Халилий «X» платформасында калтырган постунда минтип кошумчалады: «Фитначылар ушул назик нерседе тартышып жатат жана ушул нусраттын кадырын төмөндөтүп жатышат. Бирок, бул сыяктуу сөздөр муминдердин бекемдигине зыян жеткирбеши керек, тескерисинче, ыйманды, мал-жанды курбан кылууну күчөтүшү лазым... Бул Газа калкы бүгүнкү бекем позициясынан кылча ообосун жана нусратка жетишмейинче жүрүшүн токтотушпасын... Мен бардык мусулмандарды ушул боордоштордун билегине кубат болууга, колдорунан кандай жакшылык келсе, ошону менен жардам берүүгө чакырамын. Алардын газалык ага-инилери кадамдарында бекем жана чечиминде катъий турушу кажет».

Өткөн айда ушул Оман муфтийи бүткүл мусулман уламаларын Фалестин маселеси алдындагы өз милдет жана вазыйфаларын билип, аны чын дилден аткарууга чакырган. Фалестиндеги согушту талкуулоо үчүн өткөрүлгөн Дүйнөлүк мусулман уламалары союзу конференциясы үчүн уламаларга жөнөткөн өзүнүн видеосунда шайх мындай деди: «Эч бириңердин жардам бербөөгө акыңар жок, акыры Уммат эң азиз нерсеси менен мусибаттанып, Ислам Умматка душманыңа каршы бир-бириңе жардамдаш деген чакырыгын кабыл албаганы үчүн ушундай болууда... Силер, өкүмдардан жана жарандан, Фалестин маселесиндеги жоокерчилигиңерди

аткарууну талаб кыламын. Умматтан бир-бирине ырайымдуу, аны кордолушун каалап жаткан душмандарына катаа болууну талаб кыламын... Бирок, Уммат душмандан коркуп, душманынан жардам сурады... Биздин болсо, Аллахтан Газадагы алсыз пенделерине жардам беришин, кудуретин көрсөтүп, душмандарынан үстөм кылган кубат беришин жана аларга нусратын жаадырышын сурап дуа кылуудан башка нерсе колубуздан келбей жатат».

**Ал-Ваъй:** бул аалым ушул позицияда чынчылдыгын көрсөтүүдө. Ошондой болсо да, биз эр кишилер хакты аңдап билишет дейбиз. Аллах жолунда жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпостон, хакты ачык айтып жаткан уламалардан Аллах раазы болсун.

## АКШ мамлекеттик башкы прокурорунун мурунку кеңешчиси: Вашингтон Газадагы кылмыштарга шерик

АКШнын мурунку мамлекеттик башкы прокурорунун кеңешчиси Сара Флаундерс: «”Израилдин” Газа секторунда жана басып алынган башка Фалестин жерлеринде күн сайын жасап жаткан кылмыштарына Кошмо Штаттар да жүз пайыз шерик», - деди. Ал минтип кошумчалады: «Бу кылмыштарда Кошмо Штаттардин жоопкерчилиги “Израилдин” жоопкерчилигинен кем эмес. Анткени, Вашингтон Тель-Авивге болуп көрбөгөн аскерий, саясий, дипломатиялык жана финасылык колдоо көрсөттү». Мурунку кеңешчи учурда Кошмо Штаттардын Газага, фалестиндиктерге, жалпысынан башка калктарга каршы ойноп жаткан мындай фашисттик жана кылмыштуу ролуна болушунча каршы турууга чакырды. Ал: «Израиль күчтөрү жасап жаткан ар бир кылмыш Американын долларлары менен каржыланган. Эгер, АКШнын чексиз колдоп-кубаттоосу болбогондо жер жүзүндө «Израиль» деген нерсе болбойт эле», - деди. О.э. Флаундерс ушуларды баса белгиледи: «Кошмо Штаттардын курал-жарагысыз, аскерий техникасысыз жана миллиарддаган доллар жардамдарысыз Газадагы согуш бир күнгө да – жада калса, бир мүнөткө да – созулбайт эле... Себеби, «Израиль» Американын согуш машинасынан дунядагы эч бир мамлекет албаган абдан чоң каражат алды жана муну жетимиш беш жылдан бери алып келүүдө. Булардын баары кыргын куралдары. Арийне, Америка Газага каршы согушка аралашты... Америка Газага жана Фалестин

маселесине каршы бүгүн эле тил бириктирип калган жок, балким 1948-жылдан бери ушинтип келүүдө. Анткени, Вашингтон сионист мамлекеттин башкы колдоочусу. Ошондуктан, ал Газадагы жана Батыш Жээктеги кыргындарга шерик, негизи, бул АКШ жана инсаният баалуулуктарына бүтүндөй тескери». Мурунку кеңешчи өз сөзүн минтип бүтүргөн: «Эгер, Вашингтон эл аралык мыйзамды бузган мамлекеттерге, адам укуктарын жана демократияны тебелеп жаткан мамлекеттерге санкция киргизүүдө калыс болсо, анын санкцияларына кабылган мамлекеттердин эң чоңу "Израиль" болмок. Бирок, биз кош стандарт жана эки жүздүү саясатты көрүп жатабыз».

**Ал-Ваъй:** ушул макалада айтылган сөздөрдүн маанилүүлүгү, аны мамлекеттин билимдүү мурунку саясий ишмери айткандыгы – ачык, күчтүү жана ибраттуу сөздөр. "Акса ташкыны", душман «Израиль» жасап жаткан зулум жана баары күбө болуп жаткан анын болуп көрбөгөн кылмыштары дунядагы калыс адамдардын көзүн ачып, өз мамлекетинин кылмышын түшүнүүгө жана мамлекетине каршы чыгууга үндөдү... «Израиль» Батыштагы эң чоң кылмышкер экендиги жана батыштык кафирлер өз жалгандарын жашырып жатышканы ачыкка чыкты. ❑

## ЯХУДИЙЛЕРДИН СЫФАТЫ ЖОГОЛБОЙТ СЕБЕБИ, АЛЛАХ БУГА КҮБӨЛҮК БЕРГЕН

- **Ислам жана мусулмандарга эң катуу душмандык кылууга жана зыян жеткирүүгө эң көп аракет кылуу сыфаты.** Аллах Таала айтат:

﴿۞لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْ﴾

***«Момундарга эң катуу душмандык кылуучулар – бул яхудийлер жана мушриктер экенинин көрөсүң»*** [Маида: 82]

Ибн Касирдин тафсиринде мындай делет: «Мунун бир себеби ушул: яхудийлердин кафирлиги – кежирдик, шүкүрсүздүк, акыйкатты көрүп көрмөксөн болуу, адамдарга менменсинип кароо, илим ээлерин кемсинтүү. Ошондуктан, алар көптөгөн анбияларды өлтүрүштү, жада калса Расулуллах ﷺды өлтүрүүгө бир канча жолу аракет кылышты, өздөрүнө окшогон мушриктерди ал затка каршы тукурушту. Ошондуктан, аларга Кыямат күнүнө чейин Аллахтын наалаты жаап турат». Саъдийдин тафсиринде мындай делген: «Алар – Ислам жана мусулмандарга эң катуу душмандык кылган жана зыян жеткирүүгө эң көп аракет кылган кимселер. Алар көрө албастыктан, душмандыктан, кежирликтен жана кафирликтен келип чыгып мусулмандарды катуу жаман көрүшөт».

- **Аллахтын буйругуна сөздө баш ийип, амалда бузуу сыфаты.** Аллах Таала мындай деген:

﴿وَإِذۡ أَخَذۡنَا مِيثَٰقَكُمۡ وَرَفَعۡنَا فَوۡقَكُمُ ٱلطُّورَ خُذُواْ مَآ ءَاتَيۡنَٰكُم بِقُوَّةٖ وَٱسۡمَعُواْۖ قَالُواْ سَمِعۡنَا وَعَصَيۡنَا وَأُشۡرِبُواْ فِي قُلُوبِهِمُ ٱلۡعِجۡلَ بِكُفۡرِهِمۡۚ قُلۡ بِئۡسَمَا يَأۡمُرُكُم بِهِۦٓ إِيمَٰنُكُمۡ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ﴾

***«Эстегиле, Биз силерден шерт-убадаңарды алган соң, үстүңөрдө Тур тоосун көтөрүп туруп: "Силерге Биз бергенди бекем кармагыла жана кулак салгыла!", - дедик. Алар: "Биз уктук, бирок моюн сунбадык", - дешти. Алар кафир болгондуктары себептүү музоого ибадат кылуу менен гана көңүлдөрү толду. Айткын: "Эгер силер ыймандуу болсоңор, анда ыйманыңар эмнеге силерди мындай жаман нерсеге буюрду?"»*** [Бакара: 93]

Саъдийдин тафсиринде минтип келет: «Аяттагы:

﴿وَإِذۡ أَخَذۡنَا مِيثَٰقَكُمۡ وَرَفَعۡنَا فَوۡقَكُمُ ٱلطُّورَ خُذُواْ مَآ ءَاتَيۡنَٰكُم بِقُوَّةٖ وَٱسۡمَعُواْ﴾

***(Эстегиле, Биз силерден шерт-убадаңарды алган соң, үстүңөрдө Тур тоосун көтөрүп туруп: "Силерге Биз бергенди бекем кармагыла жана кулак салгыла!", - дедик),*** т.а. алып келген нерсебизди (динибизди) бекем кармагыла жана кулак салгыла, десек:

﴿قَالُواْ سَمِعۡنَا وَعَصَيۡنَا﴾

***(Биз уктук, бирок моюн сунбадык)*** дешти. Т.а. алардын ахвалы кафирлиги себебдүү ушул болду:

﴿وَأُشۡرِبُواْ فِي قُلُوبِهِمُ ٱلۡعِجۡلَ﴾

***(музоого ибадат кылуу менен гана көңүлдөрү толду)***.

﴿قُلۡ بِئۡسَمَا يَأۡمُرُكُم بِهِۦٓ إِيمَٰنُكُمۡ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ﴾

***(Айткын: "Эгер силер ыймандуу болсоңор, анда ыйманыңар эмнеге силерди мындай жаман нерсеге буюрду?).*** Т.а. силер ыйманды айтып, хак динди мактап жатасыңар, бирок Аллахтын анбияларын өлтүрдүңөр жана Аллахты таштап, музоого сыйындыңар, Аллахтын набийи Муса муну кайтаргандыгына карабастан, анын буйрук жана тыюуларын кабыл албадыңар, опузаланып, үстүңөргө Тур тоосу көтөрүлгөндө гана кабыл алдыңар, сөздө моюн сунуп, амалда болсо буздуңар... Силер айтып жаткан бул ыйман жана дин кандай ыйман жана кандай дин болду? Силер айтып жаткан ыйман ушул болсо, анда, кишини бузгунчулук кылууга жана Расулуллахка кафир болууга, итаатсыздыкка тарткан мындай ыйман кандай гана жаман?! Биз билген-үйрөнгөн туура ыйман кишини бардык жакшылыктарга буюрат, бардык жамандыктардан кайтарат... Ушуну менен яхудийлердин жалганы ачыкталды, бир-бирине тескери, карама-каршы иштери айкын болду.

- **Аллах Таалага тил тийгизиши жана Аллахты факир (жакыр), өздөрүн бай деши.** Аллах Таала айтат:

﴿لَّقَدۡ سَمِعَ ٱللَّهُ قَوۡلَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓاْ إِنَّ ٱللَّهَ فَقِيرٞ وَنَحۡنُ أَغۡنِيَآءُۘ سَنَكۡتُبُ مَا قَالُواْ وَقَتۡلَهُمُ ٱلۡأَنۢبِيَآءَ بِغَيۡرِ حَقّٖ﴾

***«Албетте, Аллах «Аллах факир, биз байбыз» деген кишилердин сөзүн укту. Биз алардын айткан сөздөрүн жана пайгамбарларын жазыксыз өлтүргөндөрүн жазып коёбуз»*** [Али Имрон: 181]

Бу аят тууралуу Ибн Касирдин тафсиринде мындай делет: «Мухаммад ибн Исхак айтты: Мага Мухаммад ибн Абу Мухаммад Икримадан, Икрима Ибн Анастан ушуну риваят кылган: «Абу Бакр Сыддык ﵁ яхудийлердин таалимканасына кирсе, бир топ яхудийлер Фанхас деген кимсенин айланасында чогулушкан экен. Яхудийлердин улама жана раввиндеринен болгон бул Фанхастын алдында Ашиъ деген раввин да турган. Абу Бакр ﵁ мындай деди: «Кыйрап калгыр, Фанхас, Аллахтан корк жана мусулман бол. Аллахка касам, сен Мухаммад Аллахтын Расулу экенин жана Аллахтын алдынан хакты алып келгенин билесиң. Анткени, бул жөнүндө силердин Таврот жана Инжилиңерде жазылган», - деди. Фанхас мындай деди: "Эй, Абу Бакр, биз Аллахка мухтаж эмеспиз, тескерисинче ал бизге мухтаж, ал бизге жалбаргандай, биз Ага жалбарбайбыз, анткени Ага мухтаж эмеспиз. Эгер, Ал бай-мухтажсыз болгондо, бизден карыз сурабайт эле. Карыз сурап жатканын сенин пайгамбарың өзү айткан. Сени сүткорлуктан кайтарып, өзү бизге сүткорлук менен берип жатат, мухтажсыз болгондо бизге сүткорлук менен бербейт эле...". Ошондо Абу Бакр ﵁нун ачуусу келип, Фанхастын бетине катуу чаап: «Жаным колунда болгон Затка касам, эгер силер менен биздин ортобузда убада болбогондо, башыңды алмакмын...», - деди. Фанхас Расулуллах ﷺдын алдына барып: «Досуң эмне кылганын көрүп кой», - деди. Расулуллах ﷺ Абу Бакрга: «Мындай кылууга сени эмне түрттү?», - деп сурады. Абу Бакр ﵁ айтты: «Я, Расулаллах, бул Аллахтын душманы Аллах тууралуу абдан жаман сөздөрдү сүйлөдү, Аллах факир, биз байбыз, деди. Мен бул сөздөрүнөн улам Аллах үчүн ачууландым жана бетине салдым». Бирок, Фанхас муну танып: "Мен антип сүйлөбөдүм", - деди. Ошондо Аллах Тааланын ушул:

﴿لَّقَدۡ سَمِعَ ٱللَّهُ قَوۡلَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓاْ إِنَّ ٱللَّهَ فَقِيرٞ وَنَحۡنُ أَغۡنِيَآءُ﴾

***(Албетте, Аллах «Аллах факир, биз байбыз» деген кишилердин сөзүн укту),*** деген аяты назил болду". (Ибн Абу Хатим риваяты).

Аллах Тааланын:

﴿سَنَكۡتُبُ مَا قَالُواْ﴾

***(алардын айткан сөздөрүн жазып коёбуз),*** дегени айткан сөздөрүн жазып коёбуз, деп коркутуу жана Ахыреттеги азабы менен коркутуу болуп эсептелет. Ошондуктан, ага:

﴿وَقَتْلَهُمُ ٱلْأَنۢبِيَآءَ بِغَيْرِ حَقٍّ﴾

***(пайгамбарларын жазыксыз өлтүргөндөрүн)*** карина кылууда т.а. алар Аллах тууралуу ушундай сөздөрдү айтышты, Аллахтын Расулуна ушундай мамиле кылышты, андыктан, Аллах да аларды ушундай жаман-оор жаза менен «сыйлайт» делип жатат.

- **Келишим жана убадаларды бузуу сыфаты. Тарых алардын таш боордук, жалганчылык, кыянатчылык сыяктуу сыфаттарына күбөлүк берген.** Яхудийлер Набий ﷺды өлтүрүүгө бир канча жолу урунушуп, ал зат менен түзгөн убада-шерттерин бузушту. Аллах Таала айтат:

﴿فَبِمَا نَقْضِهِم مِّيثَٰقَهُمْ لَعَنَّٰهُمْ وَجَعَلْنَا قُلُوبَهُمْ قَٰسِيَةً ۖ يُحَرِّفُونَ ٱلْكَلِمَ عَن مَّوَاضِعِهِۦ ۙ وَنَسُوا۟ حَظًّا مِّمَّا ذُكِّرُوا۟ بِهِۦ ۚ وَلَا تَزَالُ تَطَّلِعُ عَلَىٰ خَآئِنَةٍ مِّنْهُمْ إِلَّا قَلِيلًا مِّنْهُمْ ۖ فَٱعْفُ عَنْهُمْ وَٱصْفَحْ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلْمُحْسِنِينَ﴾

***«Кийин убада-шерттерин бузгандыктары себептүү аларды наалаттадык жана таш боор кылып койдук. Алар калималарды өз орундарынан өзгөртүштү, өздөрүнө эскертме кылып берилген нерселердин*** *(көп)* ***бөлүктөрүн унунутуп жиберишкен. Сен ар дайым алар тарабынан кылынган кээ бир кыянат үстүнөн чыгасың. Бирок, алардын азчылыгы гана кыянат кылышпайт. Демек, аларды кечирип жибере бер. Албетте, Аллах жакшылык кылуучуларды сүйөт»*** [Маида: 13]

Ибн Касирдин тафсиринде минтип келет:

﴿فَبِمَا نَقْضِهِم مِّيثَٰقَهُمْ لَعَنَّٰهُمْ﴾

***(Кийин убада-шерттерин бузгандыктары себептүү аларды наалаттадык)*** дегени – бул алар келишилген келишимди бузушканы үчүн аларды наалаттадык т.а. аларды хактан алыстатып, хидаяттан куудук.

﴿وَجَعَلْنَا قُلُوبَهُمْ قَٰسِيَةً ۖ﴾

***(таш боор кылып койдук)*** дегени – бул таш боордугу себебдүү эч бир насихатты алышпайт.

﴿يُحَرِّفُونَ ٱلْكَلِمَ عَن مَّوَاضِعِهِۦ﴾

***(Алар калималарды өз орундарынан өзгөртүштү).*** Т.а. түшүнүктөрү бузулуп, Аллахтын аяттарын туура эмес колдонуштu жана китебин назил кылынгандагы маанисинен башкача таъвил кылышты жана Аллах көздөбөгөн маанилерди беришти, андан

кийин Аллах айтпаган сөздөрдү айтышты, Аллах бизди булардын баарынан сактасын.

﴿وَنَسُواْ حَظّٗا مِّمَّا ذُكِّرُواْ بِهِۦۚ﴾

***(өздөрүнө эскертме кылып берилген нерселердин (көп) бөлүктөрүн унунутуп жиберишкен).*** Т.а. Аллахтын буйруктарына умтулушпады, таштапты. Хасан айтат: "Алар өз дининин негизин жана амалдар кабыл алынышына себеб болгон Аллахтын буюрган вазыйфаларын таштапты". Хасандан башка бири айтты: "Амал кылууну таштап, абдан жаман ахвалга түшүп калышты... Таза дили да, жакшы табиаты да, күчтүү амалдары да калбады...".

﴿وَلَا تَزَالُ تَطَّلِعُ عَلَىٰ خَآئِنَةٖ مِّنۡهُمۡ﴾

***(Сен ар дайым алар тарабынан кылынган кээ бир кыянат үстүнөн чыгасың).*** Т.а. сен, Мухаммад ﷺ сага жана асхабдарыңа кылган алардын айла-амалдары жана кыянаттары үстүнөн чыгасың. Мужахид мындай деген: "Т.а. яхудийлер Набий ﷺды жок кылууну абдан каалашкан".

﴿فَٱعۡفُ عَنۡهُمۡ وَٱصۡفَحۡۚ﴾

***(Демек, аларды кечирип жибере бер).*** Аларды кечирүү – асл нусрат жана жеңиш. Бул салафи салихтердин бири айткан бул сөзү сыяктуу: «Аллахка итаатсыз болгон кимсеге карата мамилең анын Аллахка канчалык итаат кылышына карап болсун». Мына ушундай кылса, жакшылык болот, хак үстүндө жамдалат, мүмкүн Аллах аларды хидаяттайт. Ушул себебдүү Аллах Таала:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلۡمُحۡسِنِينَ﴾

***(Албетте, Аллах жакшылык кылуучуларды сүйөт).*** Сага жамандык кылгандарга сен жакшылык кыла бер деп жатат. ❑

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## БУРУЖ СҮРӨСҮНҮН ТАФСИРИ

﴿وَٱلسَّمَآءِ ذَاتِ ٱلۡبُرُوجِ ۝ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡمَوۡعُودِ ۝ وَشَاهِدٖ وَمَشۡهُودٖ ۝ قُتِلَ أَصۡحَٰبُ ٱلۡأُخۡدُودِ ۝
ٱلنَّارِ ذَاتِ ٱلۡوَقُودِ ۝ إِذۡ هُمۡ عَلَيۡهَا قُعُودٞ ۝ وَهُمۡ عَلَىٰ مَا يَفۡعَلُونَ بِٱلۡمُؤۡمِنِينَ شُهُودٞ ۝ وَمَا نَقَمُواْ
مِنۡهُمۡ إِلَّآ أَن يُؤۡمِنُواْ بِٱللَّهِ ٱلۡعَزِيزِ ٱلۡحَمِيدِ ۝ ٱلَّذِي لَهُۥ مُلۡكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۚ وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ
شَهِيدٌ ۝ إِنَّ ٱلَّذِينَ فَتَنُواْ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ وَٱلۡمُؤۡمِنَٰتِ ثُمَّ لَمۡ يَتُوبُواْ فَلَهُمۡ عَذَابُ جَهَنَّمَ وَلَهُمۡ عَذَابُ ٱلۡحَرِيقِ
۝ إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَهُمۡ جَنَّٰتٞ تَجۡرِي مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُۚ ذَٰلِكَ ٱلۡفَوۡزُ ٱلۡكَبِيرُ ۝ إِنَّ
بَطۡشَ رَبِّكَ لَشَدِيدٌ ۝ إِنَّهُۥ هُوَ يُبۡدِئُ وَيُعِيدُ ۝ وَهُوَ ٱلۡغَفُورُ ٱلۡوَدُودُ ۝ ذُو ٱلۡعَرۡشِ ٱلۡمَجِيدُ ۝
فَعَّالٞ لِّمَا يُرِيدُ ۝ هَلۡ أَتَىٰكَ حَدِيثُ ٱلۡجُنُودِ ۝ فِرۡعَوۡنَ وَثَمُودَ ۝ بَلِ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فِي تَكۡذِيبٖ
۝ وَٱللَّهُ مِن وَرَآئِهِم مُّحِيطُۢ ۝ بَلۡ هُوَ قُرۡءَانٞ مَّجِيدٞ ۝ فِي لَوۡحٖ مَّحۡفُوظِۭ ۝﴾

***«Буруждар ээси болгон асманга ант. 2. Убада кылынган Күнгө ант. 3. Күбөлүк берүүчү жана күбөлүк берилгенге ант. 4-5. Чуңкур ээлерине наалат болсун. Ал отундуу алоо. 6. Алар аны тегеректеп олтурушту. 7. Жана муминдерге кылып жаткан нерселерине өздөрү күбө болушкан. 8-9. Алар*** *(муминдерден)* ***азиз жана хамид – асман жана жердин мүлкү таандык – Аллахка ыйман келтиришкени үчүн гана өч алышты. Аллах бардык нерсеге күбө! 10. Албетте, мумин жана муминаларды фитнага салып,*** *(бул кылмыштарына)* ***тообо кылбагандар үчүн жаханнам азабы бар жана алар үчүн от азабы бар! 11. Албетте, ыйман келтиргендер жана солих амалдарды кылгандар үчүн астынан дайралар агып турган жаннаттар бар. Мына ушул үлкөн ийгилик. 12. Шек-күмөнсүз, Роббиңдин чеңгели абдан катуу. 13. Албетте, Ал Өзү баштаар жана кайтараар. 14. Ал – кечиримдүү жана сүйүүчү. 15.*** *(Ал)* ***арш ээси болгон улуу. 16.*** *(Ал)* ***каалаган нерсесин жүзөгө чыгаруучу. 17-18. Сага кошундардын, Фиравн жана Самуддун кабары келдиби? 19. Бирок, кафирлер жалган дешет. 20. Акыйкатта болсо, Аллах аларды артынан курчап туруучу. 21- 22. Жок, бул Лавхул - Махфуздагы мажид Куран»*** [Буруж:1-22]

Шайх Мутаваллий Шаъровий (рахимахуллах) бул аяттардын тафсиринде мындай дейт:

﴿وَٱلسَّمَآءِ ذَاتِ ٱلۡبُرُوجِ﴾

***(Буруждар ээси болгон асманга ант)***. Бул жерде асман күн, ай жана жылдыздардын абалынын (фазаларынын) ээси т.а. аларды өз ичине алган деген маани жатат. Анткени, бул жылдыз-планеталар өз кыймыл аракетинде Аллах Тааланын кудурети жана рахматынын жетиктигине о.э. илими жана хикматынын кеңдигине далалат кылган, энг жетик тартип жана мыйзам менен тартиптештирилген.

﴿وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡمَوۡعُودِ﴾

***(Убада кылынган Күнгө ант).*** Бул Аллах Таала махлуктарын топтоо, башындагы-акыркыларды о.э. алыскы-жакындагыларды топтоо жөнүндөгү убадасы. Аллахтын убадасы өзгөрбөйт, себеби, Аллах Өз убадасына тескери кылбайт.

﴿وَشَاهِدٖ وَمَشۡهُودٖ﴾

***(Күбөлүк берүүчү жана күбөлүк берилгенге ант).*** Бул ушул сыфат менен сыфатталган ар бир адамды өз ичине алат: көрүүчү жана көрүнүүчү, күбө болуучу жана күбө болгон жана башка.

Ант ичилген нерсе бул Аллахтын мунаввар аяттары, захирий хикматтары жана чексиз рахматынан турган ант өз ичине алган.

﴿قُتِلَ أَصۡحَٰبُ ٱلۡأُخۡدُودِ﴾

***(Чуңкур ээлерине наалат болсун).*** Бул алардын жок кылынышы жөнүндөгү каргыш.

﴿ٱلۡأُخۡدُودِ﴾

***(Чуңкур)*** казылган аң.

Бул чуңкур ээлери кафир коом болуп, алардын арасында муминдер да бар эле. Алар өздөрүнүн динине кирүүгө муминдерди мажбурлашканда муминдер аны чекте кагышты. Ошондо кафирлер жерге чуңкур казып, ага от жагышты. Андан кийин чуңкурдун айланасына олтуруп, муминдерди фитнага салып, отко туш кылышты. Ким алардын динин кабыл алса, коё беришти. Өз ыйманында бекем тургандарды отко ыргытышты. Бул Аллахка жана Анын мумин тобуна каршы согуш эле. Ошондуктан, Аллах Таала:

﴿قُتِلَ أَصۡحَٰبُ ٱلۡأُخۡدُودِ﴾

***(Чуңкур ээлерине наалат болсун)*** деп аларды наалаттады, кыйратты жана тозок азабы менен коркутту. Андан кийин чуңкурду сыфаттап айтты:

﴿ٱلنَّارِ ذَاتِ ٱلۡوَقُودِ ۞ إِذۡ هُمۡ عَلَيۡهَا قُعُودٞ ۞ وَهُمۡ عَلَىٰ مَا يَفۡعَلُونَ بِٱلۡمُؤۡمِنِينَ شُهُودٞ﴾

***(Ал отундуу алоо. Алар аны тегеректеп олтурушту. Жана муминдерге кылып жаткан нерселерине өздөрү күбө болушкан)***. Бул зулум жана таш боордуктун эң чоң чокусу. Себеби, алар Аллахтын аяттарына кафир болушту, аларды инкар кылышты о.э. ыйман ээлерине согуш ачып, аларды жүрөктөр жийиркене турган азап менен азапташты. О.э. муминдерди чуңкурга таштап жатышканда ошол жерде олтуруп тамаша кылышты. Алар муминдерден алар макталып жаткан жана ал аркылуу бакыта жете турган сыфаты үчүн өч алышты. Т.а. азиз жана мактоого татыктуу, башкача айтканда, ар кандай нерседен үстөм, күчтүү, Өзүнүн сөзүндө, сыфатында жана ишинде мактоого татыктуу Аллахка ыйман келтиришкени үчүн өч алышты.

﴿ٱلَّذِي لَهُۥ مُلۡكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۚ﴾

***(асман жана жердин мүлкү Аллахка таандык).*** Т.а. Ал махлуктарына жана пенделерине кудум падыша өз мүлкүн тасарруф кылгандай иш жүргүзөт дегени.

﴿وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ شَهِيدٌ﴾

***(Аллах бардык нерсеге күбө).*** Т.а. билүүдө, угууда жана көрүүдө бардык нерсеге күбө. Бул залимдер азиз жана кудуреттүү Аллах аларды кармашынан кантип коркушпайт. Алар Аллахка кул экендиктерин жана Аллах алардын кожоюну болуп, Анын урухсатысыз бири-бирине өкүмдарлык кыла албашын кантип билишпейт. Же Аллах Таала алардын кылып жаткан амалдарынан кабардар экендигин жана амалдарына ылайык жазалашын кантип билишпейт. Жок, албетте кафир алдоо-кыянат атын минет, залим болсо адашып, туура жолду көрбөйт.

Андан кийин Аллах Таала убада берип, тообо кылууну сунуш кылды:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ فَتَنُواْ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ وَٱلۡمُؤۡمِنَٰتِ ثُمَّ لَمۡ يَتُوبُواْ فَلَهُمۡ عَذَابُ جَهَنَّمَ وَلَهُمۡ عَذَابُ ٱلۡحَرِيقِ﴾

***(Албетте, мумин жана муминаларды фитнага салып,*** *(бул кылмыштарына)* ***тообо кылбагандар үчүн жаханнам азабы бар жана алар үчүн от азабы бар).*** Т.а. отко салуучу катуу азап бар. Хасан (рахимахуллах) айтат: "Аллахтын карамына жана берешендигине карагыла, алар Аллахтын достору жана итаат калкын өлтүрүштү, Ал аларды тообо кылууга чакырууда".

Залимдердин жазаланышын айтып, муминдерге сыйлык берилиши жөнүндө эске салды: өз амалдары менен:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ﴾

***(ыйман келтиргендер)*** жана мүчөлөрү менен:

﴿وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ﴾

***(солих амалдарды кылгандар)*** үчүн:

﴿لَهُمۡ جَنَّٰتٞ تَجۡرِي مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُۚ ذَٰلِكَ ٱلۡفَوۡزُ ٱلۡكَبِيرُ﴾

***(астынан дайралар агып турган жаннаттар бар. Мына ушул үлкөн ийгилик).*** Бул себептүү алар Аллахтын ыраазылыгына жана урматтоосуна жетишишти.

﴿إِنَّ بَطۡشَ رَبِّكَ لَشَدِيدٌ﴾

***(Шек-күмөнсүз, Роббиңдин чеңгели абдан катуу)*** т.а. кылмыш жана чоң күнөө ээлерин жазалашы катуу. Аллах Таала башка аят каримада айткандай, залимдерди буктурмада күтүп турат:

﴿وَكَذَٰلِكَ أَخۡذُ رَبِّكَ إِذَآ أَخَذَ ٱلۡقُرَىٰ وَهِيَ ظَٰلِمَةٌۚ إِنَّ أَخۡذَهُۥٓ أَلِيمٞ شَدِيدٌ﴾

***«Раббиң*** *(тургундары)* ***залим болгон шаарларды кармаганда, мына ушундай кармайт. Анын кармоосу-азабы жан чыдагыс жана катуу»*** [11:102]

﴿إِنَّهُۥ هُوَ يُبۡدِئُ وَيُعِيدُ﴾

***(Албетте, Ал Өзү баштаар жана кайтараар).*** Т.а. Ал жаратууну баштоодо жана кайра тирилтүүдө да жалгыз, бул иште Анын шериги жок.

﴿وَهُوَ ٱلۡغَفُورُ﴾

***(Ал кечиримдүү).*** Тообо кылгандардын бардык күнөөлөрүн кечире турган, истигфар айтып кайткандарданы каталарын кечире турган Зат. ***(ٱلۡوَدُودُ Сүйүүчү)*** т.а. сүйүүсү эч кимдикине окшобойт. Улуулук, кооздук, маани жана иштерде эч нерсе Ага окшобогондой, хос пенделеринин жүрөктөрүндөгү Ага болгон мухаббатка да, мухаббаттын түрлөрүнүн эч бирине окшобойт. Ошондуктан, Ага болгон мухаббат – пенделиктин маңызы. Ал мухаббаттын бардык түрүнөн жогору жана үстөм турган мухаббат. Эгер, мухаббаттын бардык түрлөрү ага баш ийбесе, бул анын ээсине азап болот. Аллах Таала Өз махбубуна мээримдүү. Аллах Таала:

﴿يُحِبُّهُمۡ وَيُحِبُّونَهُۥٓ﴾

***(Аллах аларды жакшы көрөт, алар Аллахты жакшы көрүшөт)*** дегендей, мухаббат – бул тунук сүйүү. Мында ажайып сыр бар. Аллах Таала ***(ٱلۡوَدُودُ Сүйүүчү)***нү ***(ٱلۡغَفُورُ кечирим)***ге байлады, бул күнөөкөрлөр Аллахка тообо кылып, кайтышса, алардын күнөөлөрүн кечирет жана жакшы көрөт деген маанини түшүндүрөт. Ошондуктан, Аллах пенделеринин күнөөлөрүн кечирет, бирок, аларды кайра жакшы көрбөйт деп айтпоо керек, муну кээ бир жаңылышкандар айтат.

Аллах Таала пендеси тообо кылганда ага кубанат. Бир киши жей турган, иче турган жана керектүү нерселерин төөсүнө артып, аны чөлдө жоготуп койду. Кийин андан үмүтүн үзүп, дарактын көлөкөсүндө өлүмдү күтүп жаткан, көзүн ачып караса, үстүндө төөсү турат, ошондо ал төөсүнүн тизгининен кармап алат. Аллах Таала пендесинин тообосуна ушул киши төөсүнө кубангандан көбүрөөк кубанат. Бул мүмкүн болгон эң чоң кубаныч.

﴿ذُو ٱلۡعَرۡشِ ٱلۡمَجِيدُ﴾

***((Ал) арш ээси болгон улуу).*** Анын аршы жер-асмандан кең. Жер-асман Анын аршына салыштырганда чөлдөгү жүзүк сыяктуу. Аллах Таала Аршты өзүнчө айтып жаткандыгы анын улуулугун билдирет. Себеби, Арш Аллах жараткан махлуктар арасында Ага эң жакыны. ***(ٱلۡمَجِيدُ)*** мажиди деп жар кылып окулса Аршка сыфат болот, мажиду деп раф кылып окулса Аллахка сыфат болот. Демек, ***(ٱلۡمَجِيدُ)*** улуулук сыфаттардын эң кеңи жана улуусу.

﴿فَعَّالٞ لِّمَا يُرِيدُ﴾

***(Ал каалаган нерсесин жүзөгө чыгаруучу).*** Т.а. эмнени кааласа кылат, бирер нерсени кааласа, бол дейт, ал болот. Каалаган ишин кылган зат – Аллах.

Ал эми, махлуктар бир нерсени кааласа, ага жардам берүүчү жана кайтаруучу болушу керек. Аллах Тааланын каалоосунун жардам берүүчүсү да жок, кааган нерсесинен кайтаруучу да жок.

Андан кийин элчилер алып келген нерселердин туура экенине далалат кылган кээ бир амалдарды айтууда:

﴿هَلۡ أَتَىٰكَ حَدِيثُ ٱلۡجُنُودِ ۝ فِرۡعَوۡنَ وَثَمُودَ﴾

***(Сага кошундардын, Фиравн жана Самуддун кабары келдиби?).*** Т.а. кантип элчилерди жалганчыга чыгарышканы жана Аллах Таала аларды жок кылганы жөнүндө кабар келдиби?

﴿بَلِ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فِي تَكۡذِيبٖ﴾

***(Бирок, кафирлер жалган дешет).*** Т.а. алар жалган дегенди жана кежирлигин улантышууда, аларга аяттар жана насааттар пайда бербей жатат.

﴿وَٱللَّهُ مِن وَرَآئِهِم مُّحِيطُۢ﴾

***(Акыйкатта болсо, Аллах аларды артынан курчап туруучу).*** Т.а. аларды Аллахтын илими жана кудурети курчап турат. Бул Аллах Тааланын:

﴿إِنَّ رَبَّكَ لَبِٱلۡمِرۡصَادِ﴾

***«Шек-күмөнсүз, Роббиң*** *(бардык нерсеге)* ***көз салып туруучу»*** [Фажр:14]
деген сөзүнө окшойт. Мында кафирлерди алар Анын колу жана көзөмөлү астында болгон Заттын азабынан катуу коркутуу бар.

﴿بَلۡ هُوَ قُرۡءَانٞ مَّجِيدٞ﴾

***(Жок, бул мажид Куран).*** Т.а. ал маанилери кең жана улуу, жакшылык жана илимге бай Куръан.

﴿فِي لَوۡحٖ مَّحۡفُوظِۭ﴾

***(бул Лавхул - Махфуздагы).*** Т.а. ал өзгөртүүдөн, кошуудан, азайтуудан, шайтандардан корголгон. Аллах Таала бул Лавхул Махфузда бардык нерсени бекем кылып койгон. Бул Куръандын улуулугуна жана Аллахтын алдындагы мартабасына далалат кылат. Аллах билүүчү. ❑

## ЯХУДИЙЛЕРДИН ИСЛАМГА, ИСЛАМ ПАЙГАМБАРЫНА ЖАНА УММАТЫНА ДУШМАНДЫГЫ КЫЯМАТКА ЧЕЙИН УЛАНАТ

Яхудийлер римдиктер тарабынан жеңилгенден кийин Мадинаи Мунавварага көчүп өтүшкөн. Анткени, алар акыр замандын пайгамбарынын келиши жакындашып калганын билишкен. Алардын маалымытына ылайык, “ал Фаран тоосунан жаркырайт” деп Тавротто айтылгандай Маккадан чыгышы керек эле. О.э. алар пайгамбар алардан чыгат деп ойлошкон, жада калса, кошуна арабдарды ал пайгамбар менен коркутушкан.

Яхудийлер өз адаттарына ылайык, каякта жашашына карабастан, зулум, кыянат, фитна, жалган, айла-амалдуулук, бузукулук, жаңжалдашуу, согушуу, чыр-чатак чыгаруу, убаданы бузуу, башкалардан пайдалануу жана басып алуу сыяктуу табиатка ээ. Мындан тышкары, алар риба, ач көздүк жана башкалардын мал-мүлкүн тартып алуу аркылуу көп байлык табуу менен белгилүү болушкан. Алар ар кандай калк жана улуттар менен мамиле кылышканда, канына сиңип кеткен ушул сыфат аркылуу мамиле кылышат. Лекин, акидавий диний себебден улам мусулмандарга карата бул сыфат дагы да күчөйт. Ошондуктан, алар – бардык адамдар жек көргөн, куугунтукталып, сүргүн кылынган, Кыяматка чейин азаб тарта турган калк. Аллах Таала бул жөнүндө мындай дейт:

﴿وَإِذْ تَأَذَّنَ رَبُّكَ لَيَبْعَثَنَّ عَلَيْهِمْ إِلَىٰ يَوْمِ ٱلْقِيَـٰمَةِ مَن يَسُومُهُمْ سُوٓءَ ٱلْعَذَابِ ۗ إِنَّ رَبَّكَ لَسَرِيعُ ٱلْعِقَابِ ۖ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

***«Ошондо Роббиң, шексиз, аларга Кыямат Күнүнө чейин жаман азаб менен азабдай тургандарды жиберишин билдирген. Албетте, Роббиңдин азабы катуу,*** *(момундарга болсо)* ***Кечиримдүү, Мээримдүү»*** [Аъроф: 167]

Яхудийлер менен Пайгамбарыбыз ﷺдын ортосундагы тарыхка келсек, яхудийлер өзүлөрүнөн болбогон кишинин элчи болушуна раазы болушпады. Мадинадагы Авс жана Хазраж урууларынын ыйманга келишкендиктен, алар Расулуллахтын даъватына айла-амал кылуу, урууларды ага каршы кылуу жана Мадинада Абдуллах ибн Убай ибн Салул жетектеген мунафыктык абалды күчөтүү үчүн фитна уюштурууга киришишти. Алар исламий даъватка зыян жеткирүү үчүн ар кандай каражатты ишке салышты: Расулуллах ﷺды өлтүрүүгө аракет кылуу, Авс жана Хазраж уруулары ыйман келтиргенден кийин алардын арасына жахилият фитнасын салуу, базарларда муслима аялдарга кол салуу, Расулуллах ﷺ менен түзүлгөн келишимди жана Мадина келишимин бузуу, Курайш кафирлери жана мушриктери менен союз түзүү, булардын баары ошол каражаттарга кирет. Бул жаатта алар Мадинага бастырып кирүү, Ислам жана мусулмандарды жок кылуу үчүн урууларды чолгултуу менен эң жаман иштерди жасашты. Ахзаб казаты алардын фитна жана пландарынан турду.

Ал эми, Расулуллах ﷺ аларга Муса عليه السلامдын пайгамбарлыгына ишенген ахли Китебдердей мамиледе болду. Аларды өзүнүн пайгамбарлыгына жана динине ыйман келтирүүгө чакырды. Лекин, алар Расулуллах ﷺдын даъватын инкар кылып, ага каршы фитна кылышты. Алар исламий коомдун борборунда жашап, ал жердеги алсыз жана кубат орундарын билишкендиги жана даъватка чоң коркунуч туудурушканы үчүн Расулуллах ﷺ алар тарабынан болгон ар кандай кыянаттан кийин аларга каршы согушуу негизинде мамиле кылды. Бул жагдай Аллах Таала аларды өлтүрүү, четке кагуу жана Араб жарым аралындагы саясий таасирин жок кылуу аркылуу аларды мусулмандардан арылтканга чейин уланды.

Расулуллах ﷺ аларга колдонгон услубдардын бири өлтүрүп-жок кылуу услубу болгон. Маселен, Каъб ибн Ашрафтын өлтүрүлүшү. Ал Бану Назирлик яхудий акын болгон, өз ырларында Курайшты Мухаммад ﷺга каршы

тукурган жана курайштыктарды өлтүргөнү үчүн андан өч алууга үндөгөн. Ал дагы өз ырлары аркылуу Курайшка Мадина калкынын баары эле Мухаммад тарабында эместигин ачып берген жана Курайшты Бадрда жеңилиши натыйжасында пайда болгон үмүтсүздүк абалынан ойготкон... Яхудий Абу Аффактын өлтүрүлүшү, ал да Расулуллах ﷺга каршы тукуруп ыр жазган... Асма бинти Марван деген яхудий аялдын өлтүрүлүшү, ал Ислам жана мусулмандарды айыптап, Расулуллахты ээрчишкени үчүн ансарларды каралап, Расулуллахты маскаралап, ага каршы тукурган. Ибн Санина жана Хайбар яхудийлеринен болгон Абу Рофиъ ибн Абулхакиктердин өлтүрүлүшү... Бул амалияттар яхудийлерди коркутуп үрөйүн учурду. Лекин, алар өз кылыктарын, бузгунчулуктарын жана келишимдерди бузууну токтотушпады. Ошондуктан, алар менен башкача мамиле кылуу зарылдыгы жаралды. Натыйжада, аларды тамыры менен жок кылган казаттар жасалды. Расулуллах ﷺ биринчи болуп Мадинанын ичиндеги Бану Кайнука жана Бану Назирге каршы согушту. Андан кийин Мадинанын тегерегиндеги Бану Курайзага каршы согушту. Андан соң яхудийлердин Араб жарым аралындагы негизги сепили эсептелген Хайбарга каршы согушту. Андан кийин Фадак, Таймаъ жана Умми Кура сыяктуу яхудий урууларына каршы согуш алып барды.

1 – **Бану Кайнука казаты:** Бану Кайнука Мадинада жашаганы үчүн мусулмандарга коркунучу көбүрөөк эле. Алар мусулмандарга каршы көп душмандык кылышты. Бул болсо Расулуллах ﷺды алардан кутулуу жөнүндө фикирлөөгө үндөдү. Бир муслима аял Мадинада аларга караштуу базарга киргенде бир топ яхудийлер топтолуп жүзүн ачууну каалашты, лекин, ал баш тартты. Ошондо бир яхудий артынан барып көйнөгүнүн этегин байлап койду. Аял ордунан турган арты ачылып калды жана яхудийлер анын үстүнөн күлүштү. Аял мусулмандардан жардам сураганда, бир мусулман бул ишти кылган яхудийди өлтүрдү. Ошондо яхудийлер да аны өлтүрүштү. Мусулмандын үй-бүлөсү мусулмандардан жардам сураганда мусулмандар менен Бану

Кайнука ортосунда чыр чыкты. Натыйжада, Пайгамбарыбыз ﷺ яхудийлерди чогултуп, аларды эскертти жана мусулмандарга азар берүүнү токтотууну, убадага турууну, антпесе, Курайштын башына түшкөн нерсе аларга да түшөрүн айтты. Алар: «Эй, Мухаммад, сен согушту билбеген коомго жолукканыңа жана аларды өлтүрүү үчүн ыңгайлуу учур тапканыңа алданба. Аллахка касам, эгер биз сага каршы согушсак ким экенибизди билип аласың жана башкалардан көрбөгөн нерсени бизден көрөсүң», - дешти. Ушуга байланыштуу Аллах Таала бул аяттарды назил кылды:

﴿قُل لِّلَّذِينَ كَفَرُواْ سَتُغْلَبُونَ وَتُحْشَرُونَ إِلَىٰ جَهَنَّمَۖ وَبِئْسَ ٱلْمِهَادُ ۞ قَدْ كَانَ لَكُمْ ءَايَةٌ فِى فِئَتَيْنِ ٱلْتَقَتَاۖ فِئَةٌ تُقَٰتِلُ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ وَأُخْرَىٰ كَافِرَةٌ يَرَوْنَهُم مِّثْلَيْهِمْ رَأْىَ ٱلْعَيْنِۚ وَٱللَّهُ يُؤَيِّدُ بِنَصْرِهِۦ مَن يَشَآءُۗ إِنَّ فِى ذَٰلِكَ لَعِبْرَةً لِّأُوْلِى ٱلْأَبْصَٰرِ﴾

***«Кафирлер айткын: «Шек-күмөнсүз, жеңилесиңер жана тозокко топтолосуңар. Ал кандай гана жаман жай!». Силер үчүн бири Аллах жолунда согушкан, экинчиси кафир болгон эки кол ортосундагы кагылышууда аян-белги болгон. Алар*** *(мусулмандар)* ***өз көздөрү менен*** *(кафирлердин)* ***эки эсе көп экенин көрүп турушкан. Аллах болсо Өзү каалаган адамдарды жеңишке ээ кылуу менен колдойт. Албетте, мында фикир ээлери үчүн ибрат бар»*** [Али Имрон: 12-13]

Ошондуктан, Пайгамбарыбыз ﷺдын алдында аларга каршы согушуу гана калды. Пайгамбарыбыз ﷺ аларга жүрүш жасады, мусулмандардын саны жети жүз согушкердин тегерегинде эле. Тууну Али رضي الله عنهга тапшырды. Мусулмандар аларды он беш түн курчоодо кармап тургандан кийин алардын жүрөгүнө коркуу кирип, багынып беришти. Алар Пайгамбарыбыз ﷺ аларды азат кылышы, аялдарын жана балдарын өздөрүнө калтырышы, байлыктары менен куралдары ал затка тапшырышы акысына Мадинадан сүргүн кылууну сурашты. Пайгамбарыбыз ﷺ макул болуп, байлыктарын жана куралдарын мусулмандарга бөлүштүрүп берип, өзүлөрүн Шамдагы Азраат деген жайга сүргүн кылды.

**2 – Бану Назир казаты:**

Бану Назир Расулуллах ﷺды өлтүрүү жөнүндө план түзүп жатканы жөнүндөгү хабар ал затка жеткенде, аларды сүргүн кылууну чечим кылды. Башында Расулуллах алар он беш күн ичинде сепилдерин таштап, Ясрибден чыгып кетүү шарттыгын эскертти. Лекин, алар оболу ал кишиге моюн сунуудан баш тартышты, бирок кийин анын хукмун кабыл алып сүргүнгө макул болушту. Лекин, Абдуллах ибн Убай ибн Салул жетектеген бир топ мунафыктар аларга адам жөнөтүп: «Бекем болгула! Коргонгула! Биз силерди эч качан жардамсыз калтырбайбыз. Эгер, согушсаңар, биз да силер менен бирге согушабыз. Эгер, силерди сүргүн кылышса, биз да силер менен бирге чыгып кетебиз», - дешти. Ушул туурасында Аллах Таала бул аяттарды назил кылды:

﴿۞أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ نَافَقُواْ يَقُولُونَ لِإِخۡوَٰنِهِمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ لَئِنۡ
أُخۡرِجۡتُمۡ لَنَخۡرُجَنَّ مَعَكُمۡ وَلَا نُطِيعُ فِيكُمۡ أَحَدًا أَبَدٗا وَإِن قُوتِلۡتُمۡ لَنَنصُرَنَّكُمۡ وَٱللَّهُ
يَشۡهَدُ إِنَّهُمۡ لَكَٰذِبُونَ ۝ لَئِنۡ أُخۡرِجُواْ لَا يَخۡرُجُونَ مَعَهُمۡ وَلَئِن قُوتِلُواْ لَا يَنصُرُونَهُمۡ
وَلَئِن نَّصَرُوهُمۡ لَيُوَلُّنَّ ٱلۡأَدۡبَٰرَ ثُمَّ لَا يُنصَرُونَ﴾

***«Мунафыктар ахли Китебден** (яхудийлерден) **болгон кафир жолдошторуна: «Ант болсун, эгер силер** (Мадинадан) **куулуп чыгарылсаңар, албетте биз да силер менен бирге чыгып кетебиз жана силер**(ге каршы согушуу) **туурасында эч качан, эч кимге моюн сунбайбыз. Эгер, силерге каршы согуш кылынса, албетте биз силерге жардам беребиз», - дешкенин көрбөдүңбү? Аллах күбөлүк берет, алар шек-күмөнсүз жалганчылар. Ант болсун, эгер** (яхудийлер өз мекенинен) **куулуп чыгарылышса,** (мунафыктар) **алар менен бирге чыгып кетишпейт, ант болсун, эгер** (яхудийлерге каршы) **согуш кылынса,** (мунафыктар) **аларга жардам да беришпейт жана эгер** (кокус) **жардам беришсе да, албетте** (яхудийлер момундар тарабынан жеңилишип) **арттарына карап качышат дагы, кийин аларга эч бир жардам берилбейт»*** [Хашр: 11-12]

Ошондо алар Пайгамбарыбыздын хукмуна макул болуудан баш тартышып, сепилдеринде коргонушту. Алардын сепилдери бекем болуп, фатх кылуу кыйын эле. Расулуллах ﷺ алардын курмазарларын кыйып, өрттөөнү буйруду. Бул болсо, аларда үмүтсүздүк пайда кылды жана өз ара сүйлөшүп, андан кийин багынышты. Алар көчүрүп жиберүүнү, алардын канын төкпөстөн, өздөрү менен кошо куралдарынан тышкары төө көтөрө ала турган мал-мүлктөрүн алып кетүүгө рухсат берүүнү Расулуллах ﷺдан сурашты. Ал зат раазы болду. Куръан Бану Назирдин текебердиги жана сепилдерибиз Аллахтын буйругунан куткарат деп сепилдери менен коргонушканы жөнүндө айткан. Ушул аяттарда алардын жеңилиши, үйлөрүн өзүлөрү жана мусулмандардын колдору менен ойрон кылары жөнүндө айтылат:

﴿هُوَ ٱلَّذِىٓ أَخْرَجَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَٰبِ مِن دِيَٰرِهِمْ لِأَوَّلِ ٱلْحَشْرِ ۚ مَا ظَنَنتُمْ أَن يَخْرُجُوا۟ ۖ وَظَنُّوٓا۟ أَنَّهُم مَّانِعَتُهُمْ حُصُونُهُم مِّنَ ٱللَّهِ فَأَتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِنْ حَيْثُ لَمْ يَحْتَسِبُوا۟ ۖ وَقَذَفَ فِى قُلُوبِهِمُ ٱلرُّعْبَ ۚ يُخْرِبُونَ بُيُوتَهُم بِأَيْدِيهِمْ وَأَيْدِى ٱلْمُؤْمِنِينَ فَٱعْتَبِرُوا۟ يَٰٓأُو۟لِى ٱلْأَبْصَٰرِ﴾

***«Ал ахли Китебден** (яхудийлерден) **болгон кафирлерди биринчи топтогондо эле өз мекенинен кууп чыгарган.** (Эй, момундар)**, силер алардын чыгып кетүүлөрүн ойлогон да эмес элеңер. Алар да өздөрүнүн коргон-сепилдери Аллах**(тын азабынан) **тосот деп ойлошкон. Ошентип, Аллах**(тын азабы) **алар эсепке албаган тараптан келди жана жүрөктөрүнө коркуу салды. Алар үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен бузушат. Демек, эй акыл ээлери, үлгү алгыла!»*** [Хашр: 2]

## 3 – Бану Курайза казаты:

Бану Курайза яхудийлери менен Расулуллах ﷺдын ортосунда аларга каршы согушпоо, алар да Расулуллахка каршы согушпоо, ал кишиге каршы эч кимге жардам бербөө туурасында убада жана келишим бар эле. Бирок, алар Ахзаб казатында убаданы бузуп, Расулуллах ﷺга жана ал кишинин даъватына каршы Курайш жана мунафыктар менен

кызматташты. Расулуллах ﷺ аларга убада жана келишимди эске салуу үчүн Саъд ибн Муаз менен Абдуллах ибн Раваханы жөнөттү. Бирок, алар кескин четке кагып, убаданы бузууну токтотушкан жок. Расулуллах ﷺ Курайш жана топтор жеңилгенге чейин сүкүт кылды. Хандак казатында мусулмандар жеңип чыгышты. Расулуллах ﷺ Хандак майданынан кайткан күнү эле аларга чабуул кылууну чечти. Расулуллах ﷺ убакыттан утуу, яхудийлер жана алардын Курайш жана мунафыктардан турган союздаштары түшүп калган рухий ахвалдан пайдалануу, ошондой эле, алар өз ахвалын кайра оңдоп алуусуна жана күчүн бекемдей турган алакаларды орнотуусуна жол бербөө үчүн мусулмандарга аср намазын Бану Курайзага жеткенде гана окууну буйруду. Ал киши тууну Али رضي الله عنهга берди жана мусулман топтору аларды курчоого алып турганда кыйынчылыктарга карабастан Али رضي الله عنهды ээрчишти.

Мусулмандар яхудийлердин сепилдерин курчап, аларга таш жана окторду ата баштады. Бану Курайза курчоо учурунда сепилдеринен чыга албады. Анткени, мусулмандар аларды бардык тараптан курчап алышкан эле. Бир нече күнгө созулган курчоодон кийин яхудийлер багынып беришти. Андан соң аларга Бану Назирдей мамиле кылууну сурашты. Бирок, Расулуллах ﷺ баш тартып, аларга өкүм чыгаруу үчүн алардын союздашы болгон Авс уруусунан каалаган кишини тандоону сунуштады. Алар Саъд ибн Муазды тандашты. Саъд убаданы бузуп согушкан эркектерин өлтүрүүнү, аялдар жана балдарды туткунга алууну жана мал-мүлктөрүн конфискация кылууну хукм кылды. Расулуллах ﷺ да дал ушундай хукм чыгармакчы эле. Ошондуктан, Саъддын хукмун аткарууну буйруду. Куръани Карим топтор кошууну жеңилиши, Бану Курайза казаты жана мусулмандардын жеңиши жөнүндө мындай баян кылат:

﴿وَرَدَّ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ بِغَيۡظِهِمۡ لَمۡ يَنَالُواْ خَيۡرٗاۚ وَكَفَى ٱللَّهُ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ ٱلۡقِتَالَۚ وَكَانَ ٱللَّهُ
قَوِيًّا عَزِيزٗا ۝ وَأَنزَلَ ٱلَّذِينَ ظَٰهَرُوهُم مِّنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ مِن صَيَاصِيهِمۡ وَقَذَفَ فِي

قُلُوبِهِمُ ٱلرُّعْبَ فَرِيقًا تَقْتُلُونَ وَتَأْسِرُونَ فَرِيقًا ۝ وَأَوْرَثَكُمْ أَرْضَهُمْ وَدِيَٰرَهُمْ وَأَمْوَٰلَهُمْ وَأَرْضًا لَّمْ تَطَـُٔوهَا ۚ وَكَانَ ٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَىْءٍ قَدِيرًا﴾

***«Аллах кафирлерди капа абалдарында кайтарды. Алар бир да жакшылыкка жетишпеди. Аллах момундарга согуш жаатында жетээрлик болду. Аллах Күчтүү, Кудуреттүү. Ал** (топторго) **жардам берген, ахли Китебдерден болгон кимселерди жашынган чептеринен түшүрдү жана дилдерине коркунуч салды,** (эми) **силер** (алардын) **бир тобун өлтүрөсүңөр, бир тобун туткунга аласыңар. Жана силерди алардын жерлерине, короо-жайларына, мал-мүлктөрүнө жана** (али) **силердин аягыңар жетпеген жерлерге мураскор кылды. Аллах ар нерсеге Кудуреттүү»*** [Ахзаб: 25-27]

**4 – Хайбар казаты:**

Хайбар яхудийлери Хижаз жериндеги саны эң көп, эң жакшы куралданган жана эң бекем сепилге ээ топтордун бири болгон. Аларды таш менен курулган чептер курчап турган жана бул сепилдер аларды ар кандай чабуулдан сактайт деп ойлошкон. Аларда текеберленип, куралдарына жана байлыктарына алданышты. Хайбар сепилинде он миң согушкер болгон, алар өзүлөрүнүн күчүн көрсөтүү үчүн ар күнү сап тартып сепилден чыгып, мусулмандардын күчүн маскаралашкан. Алар «Мухаммад эч качан бизге чабуул кыла албайт» деп такай айтышкан. Кубатка таянган бул ишенимге Хайбар яхудийлери жана Мадина яхудийлери алданышты. Алар мусулмандарга мындай дешти: «Аллахка касам, Хайбар силерден бекем. Эгер, силер Хайбарды, анын чептерин жана адамдарын көргөнүңөрдө, аларга жетпестен кайтмаксыңар. Тоонун чокуларында бийик чептер бар, Хайбарда миңдеген калкандар бар. «Асад» жана «Гатафан» хайбарлыктар менен гана арабдардан коргонушат. Ошондуктан, силер Хайбарга күчүңөр жетпейт». Убакыттын өтүшү менен Хайбар Мадинадан сүргүн кылынган яхудийлер үчүн башбаанекке айланды. Алар Исламдан өч алуу, Пайгамбарыбыз ﷺ талкалаган даражаларын жана кызыкчылыктарын кайтарып алуу үчүн мүмкүнчүлүк күтүп жатышкан.

Мусулмандар алар себебдүү такай кыйынчылыкта жашашты, Расулуллах ﷺ алардын азарларына сабыр кылды жана мусулмандарды да сабырга чакырды. Расулуллах ﷺ аларга каршы согушуудан кайтарышына себеб – андан да чоң жана күчтүү душман т.а. Курайш турган эле. Бул казаттын мурункулардан айырмасы болгон. Ал Бану Курайза окуясы жана Худайбия сулхунан кийин болду. Расулуллах ﷺ Хайбар менен алектенүү жана анын кооп-коркунучун басуу үчүн Курайшты зыянсыздандырып, аскерий кагылышуу майданынан четтеди.

Ахзаб казатында Хайбар уруусу башка урууларды бириктирүүдө чоң роль ойноп, Исламды бүтүндөй жок кылууга аракет кылган. Топтор Хандак кармашында чарчап, Расулуллах ﷺ Худайбия сулхун түзүп, Курайшты зыянсыздандыргандан кийин яхудийлердин Хайбардагы сепилдерине чабуул кылууну көздөдү. Кошуунду чогултуп, бара турган жайды сыр сактады. Мадинадан бир миң алты жүз согушкер менен чыкты жана тууну Али رضي الله عنهга тапшырды. Ал киши өз аракетин сыр сактаган жолдон барды. Яхудийлер түндө мусулман кошууну алардын майданына кирип алганын байкабай калышты. Аллах Таала Расулуллах ﷺга нусратты, жеңиш жана олжо менен Мадинага кайтууну убада кылган. Саййидибиз Али رضي الله عنه бул кармашта унутулгус эрдик көрсөттү. Мусулмандар анын жетекчилигинде өлүмгө тике карап, Хайбар сепилдерине чабуул кылышты жана жеңишке жетишти. Яхудийлер болсо жеңилип, Пайгамбарыбыздын кечиришин сурашты. Алардын мал-мүлкүнө ээ болгондон кийин Пайгамбарыбыз ага макул болду. Пайгамбарыбыз менен яхудийлердин ортосунда алардын жерлери өздөрүнө калышы жана түшүмдүн жарымы өздөрүнө, жарымы мусулмандарга берилиши жөнүндө келишим түзүлдү.

5 – **Фадак яхудийлери:** Хайбарга коңшулаш Фадак яхудийлери Хайбарда эмне болгонун уккандан кийин Расулуллах ﷺга элчи жөнөтүп, өз жеринин жарымын берүү жөнүндө сулх түзүүнү каалап жатышканын билдиришти. Расулуллах ﷺ алардын сунушуна макул болду.

6 – **Ал эми, эли яхудийлер болгон Вадил Курага келсек,** алар Ислам жана мусулмандарга каршы фитна уюштурган эле. Расулуллах ﷺ аларга барып, аларды курчоого алды жана калкын Исламга даъват кылды. Эгер, Исламды кабыл алышса, мал-жанын сактап каларын жана эсеп-китеби Аллахка экени туурасында хабар берди. Лекин, алар баш тартып согушууга катуу турушту. Эки тарап ортосунда чектелген кагылышуулар болду. Пайгамбарыбыз ﷺ аларды Исламга кирүүгө даъват кылды, алар баш тартышты. Бул абал ал затты курчоону дагы да бекемдөөгө үндөдү. Андан кийин Пайгамбар ﷺ алардын өлкөлөрүн күч менен фатх кылды. Төрт күн ичинде олжолорду ээлерине бөлүп берип, түшүмдүн тең жарымын берүүнүн акысына эгин талааларды яхудийлерге калтырды.

7 – **Таймаъ яхудийлерине келсек,** алар исламий жеңиштердин хабарын уккан соң, жизя берүү туурасында Расулуллах ﷺ менен сулх түзүштү жана өз жеринде калышты. Хайбар жана анын тегерегиндеги жерлердин жеңилиши менен Исламга каршы туруудa, тоскоолдук кылууда жана фитна уюштурууда өз ролун ойноп жаткан акыркы яхудий жамааты жок кылынды. О.э. Хижаз яхудийлеринин саясий, экономикалык жана аскерий кубаты толук талкаланды. Натыйжада, Араб жарым аралында жалгыз Ислам калимасы бийик болду.

**Яхудийлердин Исламга, Ислам пайгамбарына жана Умматына душмандыгы Кыяматка чейин токтобойт:**

Аллах Таала айтат:

﴿لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْۖ﴾

***«Момундарга эң катуу душмандык кылуучулар – яхудийлер жана мушриктер экенин көрөсүң»*** [Маида: 82]

﴿وَإِذۡ تَأَذَّنَ رَبُّكَ لَيَبۡعَثَنَّ عَلَيۡهِمۡ إِلَىٰ يَوۡمِ ٱلۡقِيَٰمَةِ مَن يَسُومُهُمۡ سُوٓءَ ٱلۡعَذَابِۗ إِنَّ رَبَّكَ لَسَرِيعُ ٱلۡعِقَابِ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٞ رَّحِيمٞ﴾

***«Ошондо Роббиң, шексиз, алардын үстүнө Кыямат Күнүнө чейин жаман азаб менен азабдай тургандарды жиберишин***

***билдирген. Албетте, Роббиңдин*** *(кафирлер үчүн)* ***азабы катуу,*** *(момундарга болсо)* ***Кечиримдүү, Мээримдүү»*** [Аъроф: 167]

Аллах Таала Мухаммад ﷺды Ислам менен жибергенден бери яхудийлер бүгүнкү күнгө чейин ушул динге жана анын Пайгамбарына айла-амал кылып келишет. Пайгамбарыбыз ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийин мусулмандар туш болгон көптөгөн фитналардын артында алар турганы белгиленген. Алардын айрымдары Исламды жамынып, мусулмандардын атынан Исламга чабуул кылышкан. Маселен, алар Усман доорунда Ибн Сабанын жетекчилигинде аракеттерди жасашкан жана Усман Халифалыкка акылуу эмес деген шылтоо менен мусулмандарды ага каршы кылышкан.

Эгер, Ислам тарыхына карасак, мусулмандарга зыян жеткирген ар кандай жаңжал же окуяда яхудийлердин ролу бар экенин көрөбүз. Бул окуялардын баары алгач алар тарабынан уюштурулбаган болсо да, бирок, убакыт өткөндөн кийин баары бир алардын фитна чыгарып жатышканына күбө болосуң. Яхудийлер мусулмандар арасында чыр чыгыруу, алардын акида жана ахлагын бузуу үчүн аракет кылып жатканына эч ким күмөн кылбайт. Изилдөөчүлөр өз чыгармаларында адашкан топтордун (хавариждер) уругун сепкендер яхудийлер экенин тастыкташат. Кадянийлер жана Бахаийлер пайда болгондо яхудийлер аларды колдоп-кубаттап, өз кучагына алышты. Алар өздөрүн мусулман кылып көрсөтүштү, лекин өз done динде калган дөнмө яхудийлеринин колу менен Усманий Халифалыкты кулатууда Британия менен кызматташышты. Андан кийин Исламга душман болгон илманийлик менен өкүм жүргүзүүнү жолго коюшту. Бул нерсе мусулмандардын башына түшкөн эң чоң мусибат болду. Андан соң Фалестин өз элинен тартып алынды. Бул Ислам жана мусулмандарга каршы глобалдуу кол салуунун эң карамүртөз амалияттарынын бири болуп, яхудийлер үчүн мекен тургузулду. О.э. бул вужудду баскынчылык, көчүрүү, өлтүрүү, кыйноо жана зомбулуктар коштоду...

Бу баскынчы мамлекетти бекемдөөдө жана ага эл аралык укук берүүдө Англия, Америка, Россия, Италия жана башка кафир мамлекеттер жардам беришти. Алар бул мамлекетти курал жана каражаттар менен колдоп-кубатташты. Ошентип, Куръандагы яхудий жана насронийлер бир-бирине дос экендиги жөнүндөгү акыйкат даана ачыкталды. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَۘ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَمَن يَتَوَلَّهُم مِّنكُمۡ فَإِنَّهُۥ مِنۡهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Эй, момундар, яхудийлер менен насронийлерди дос тутпагыла! Алардын айрымдары айрымдарына дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте, Аллах залим коомду хидаят кылбайт»*** [Маида: 51]

Алар алигече Ислам жана мусулмандарга каршы бул карамүртөз союзду улантып келишет. Жакында (Израилдин) Газада мусулмандарга каршы баштаган чабуулу алдында мусулман өлкөлөрүнүн өкүмдарлары ар кандай инсандыгын жоготушуп шерменде жана ыфлас позицияны карманышты... Акыбетте, алардын бул позициясы өз элин аларга жана яхудийлерге каршы чыгууга түрттү... Чынында, “Акса ташкыны” операциясы (Израилди) жок кылуу үчүн чоң нерсе керек эместигин көрсөттү. Жада калса, анын тегерегиндеги эң күчсүз режимдер да муну ишке ашыра аларын көрсөттү. Лекин, алар муну каалашпайт, анткени алар Батыштагы өкүмдарлардын продукциясы. Бул өкүмдарлар ушул вужудду коргоого убада беришкенден кийин гана Батыштагы өкүмдарлар аларды аким кылып дайындашкан. О.э. алар өз Умматына каршы Батыштын планына ылайык жүрүүгө даярдыгы, Умматты куфр менен башкарууга жана канчалык камбытка түшпөсүн Умматтын биригүүсүн алдын алууга убада беришкенден кийин гана аким кылып дайындашат.

Ошондуктан, бул өкүмдарлар Ирак, Афганистан же Сирияда болсун, “терроризмге” каршы күрөшүү урааны астында Батыш тарабында туруп Исламга каршы согушка

кирип, өз Умматына каршы союз түзгөндүктөрүн көрдүк. “Акса ташкыны” операциясында Түркиядан тартып Саудияга чейин, баарынын яхудийлерге карата позициясын көрдүк.

Бу өкүмдарлар өз кошуундары жана коопсуздук кызматтары аркылуу өз элинин каарынан коргонушат. Алар армиялардын командачылыгына өздөрү сыяктуу малай, саткын, динден алыс жана ырайымсыз жетекчилерди коюшат. Бирок, бул армияларда таква калыс офицерлер көп. Алар да өз эли сыяктуу бул ачуу чындыкка ызаа болушууда, Исламга амал кылып, мындай абалга раазы болбой жатышат, эли кыжырдангандай кыжырданышууда... Мына ушундай калыс офицерлер өз өкүмдарларынын мындай зулумдарды улантышына тоскоолдук кылышы, аларды өзгөртүшү, Аллахтын хукмун тикелеши жана мусулман өлкөлөрүндөгү кафирлердин кызыкчылыгын жана өкүмдарларды коргоо эмес, тескерисинче, куфрга каршы жихад кылышы керек. Алардын колунда күч бар, шариат аларды Саъд ибн Муаз Расулуллах ﷺга ансар болгондой, Аллахка ансар болууну буюрат. Өкүмдарларды өзгөртүү үчүн Аллахтын динине садык күч-кубат ээлери зарыл. Ошолор залим өкүмдарларды жана аларды ээрчигендерди токтотот. Муну калк Уммат катары аткара албайт, анткени, ал куралданбаган. Бирок, күч-кубат ээлери бутка турса, Уммат алар менен бирге болот жана яхудийлерге каршы согушканына кубангандан көрө көбүрөөк өкүмдарларды өзгөртүшкөнүнө кубанышат.

Анткени, дал ушул өкүмдарлар яхудийлерди коргошууда, вужудун сакташууда жана алардын вужудуна тоскоолдук кылып жаткан же аларга коркунуч туудуруп жаткан ар кандай кишини куугунтукташууда... Газада болуп жаткан окуялар себебдүү Уммат өкүмдарларды өзгөртүүдө кошуундар көбүрөөк жооптуу деп эсептеп жатышканын көрдүк... Анткени, бул алардын шаръий вазыйфасы болуп, жакында Аллах Таала аларды эсеп-китеп кылат... Ооба, алар Ислам жана Ислам менен башкаруу үчүн кубат булагы болушу керек. Өз өкүмдарларын жана өкүмдарлардын артында турган Батыштын кызыкчылыгын коргоо вазыйфасынан баш

тартып, Ислам мамлекетин тикелөөнү коргошу жана жихад фарзын, яхудийлерге каршы жихадды аткарууга өтүшү керек. Ыхтымал, Аллах Таала Пайгамбарыбыздын:

«تُقَاتِلُكُمْ يَهُودُ فَتَقْتُلُونَهُمْ...»

**«Яхудийлер силер менен согушат жана силер аларды өлтүрөсүңөр...»** деген хадисиндеги кушхабарын алардын колу менен жүзөгө чыгарар.

Ыхтымал, алар пайгамбарыбыз:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً رَاشِدَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

**«Андан кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык болот»** деп кушхабар берген рошид Халифалык мамлекетинин кошуундары болушар.

Яхудийлердин Расулуллах ﷺ заманындагы, т.а. Куръан назил болуп, алар жөнүндө айтылган замандагы тарыхы биз жашап жаткан бүгүнкү тарыхынан айырмаланбайт. Айрыкча, Куръан жана Суннат бүгүн биз менен яхудийлер ортосунда болуп жаткан күрөш жана анын соңу жөнүндө айткан. Т.а. алар өмүрүнүн акырына  чейин бытыранды болуп жашашы жана Фалестинге чогулушканда алар тамыры менен кыйратылышы жөнүндө айткан. Жогоруда яхудийлер менен мусулмандардын тарыхы жөнүндө айткандарыбыз бүгүнкү окуяларга абдан окшойт. Куръанда баса белгиленгендей, жүрөктөрү жашоого мухаббат койгон яхудийлер аларды сактай турган жана коргой турган өз күчүнө ээ эмес. Тескерисинче, алар адамдардын колдоосуна мухтаж. Америка жетектеген Батыш мамлекеттери ушул яхудийлердин тарабында турушпаса, берилген ушунча курал-жарактар менен өздөрүн коргой алышпайт жана көңүлдөрү тынч болбойт. Аллах Таала Өз Китебинде айткан жана аларга жардам берген "адамдардын убадасында, коргоосунда болушпаса" деген сөзүнүн мааниси ушул... Алар мусулмандарга каршы – бүгүн болуп жаткандай – бекем сепилдер жана дубалдардын артында гана согуша алышат... "Акса ташкынында" жүз берген окуялар Куръан жана Суннатта келген акыйкаттын эң даана көрүнүшүн көрсөттү.

Мындан тышкары, бул (Израилдин) кыйрашына аз калганы, бул биздин гана эмес, яхудийлердин да өз такдырлары туурасындагы фикирлери экенин баса белгилейт. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»*** [Юсуф: 21] ❑

# БАТЫШ ӨКҮМДАРЛАРЫ ДА, АРАБ ӨКҮМДАРЛАРЫ ДА БИРДЕЙ ӨКҮМ ЖҮРГҮЗҮШӨТ

«Акса ташкыны» операциясы жүз бериши менен Батыш мамлекеттери, кудум жүз берген окуя аларга келген балээдей, (израилге) бир катар сапарларга шашылышты... Алар ушундай бир билдирүүлөрдү беришти, бул билдирүүлөр яхудийлер жаңы төрөлгөн наристелерди, аялдар жана карыларды айырмалабастан мусулмандарды өлтүрүшүнө, үйлөрдү бузушуна, ооруканаларга сокку беришине жана шаарлар ойрон кылынып, алардагы жашоо факторлорун жок кылышына жол ачты. Мына, Байден (израилге) толук тилектештигин билдирүү үчүн ал жерге сапар кылды. Ал (израилдиктерге) «силер жалгыз эмессиңер» деп кайрылды жана 10 миллиард доллар көлөмүндө башталгыч жардам бөлдү. Вашингтон бортунда миңдеген аскерлер болгон эки самолёт ташуучу кемени чакырып, баскынчыны согушта зарыл болгон бардык курал-жарактар менен камсыздады. Ал (израилдин) «өзүн коргоо үчүн» керектүү нерселерге ээ болушун камсыздашын баса белгиледи. Булардын бардыгынан кооптуусу (израиль) Газага каршы баштай турган кургактыктагы согушту колдоп-кубаттоо үчүн эки миң америкалык аскерди жайгаштырды.

Британия премьер-министри Сунакка келсек, ал (израилдин) позицияларын жана икаяларын кабыл алды. Ал (израилдиктерге): «Мамлекетиңердин коопсуздугун кайра тикелөө силердин укугуңар эмес, бул силердин милдетиңер», - деп кайрылды. Ал (израиль) уурдалгандарды кайтарып алмайынча, жакын шериктештикти жана (израилди) колдоп-кубаттоону улантууга ишенерин билдирип: «(израиль) өзүн коргоо укугуна ээ», - деди. Сунак (израиль) байрагы түсүндөгү ак көйнөк кийүүнү жана ак галстук тагууну тандады.

Макронго келсек, ал Ирак жана Сирияда “Исламий Мамлекет” уюмуна каршы согушуп жаткан эл аралык коалиция (израилдин) Газа секторундагы согушунда (израиль) армиясына кошулушу үчүн коалицияны кеңейтүүгө чакырды. Макрон Хамаска каршы күрөш «ырайымсыз болушу керектигин» баса белгилеп, (израилди) жалгыз таштап койбоого убада берди. Германия канцлери Шольцко келсек, ал «Акса ташкыны» операциясынан кийин (израилге) сапар кылган биринчи өкмөт жетекчиси болду. Германия канцлери (израилге) барары менен «Х» платформасында ибраний тилде: «Менин (израилге) сапарым – достордун сапары. Германия кайрат менен (израилдин) жанында турат», - деп жазды. Германия канцлери сөзүн улантып: «Германияда яхудийлерге чабуул кылган ар бир киши баарыбызга чабуул кылгандай болот», - деди...

**Ал-Ваъй:** Батыш өкүмдарларынын мусулмандарга жана алардын маселелерине карата душмандыгынын себеби – Исламдын алардын мабда жана хазараты менен күрөшүүсүнөн катуу коркушкандыгы. Алардын мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлар менен болгон мамилелери – аларды өздөрү бийликке алып келишкени үчүн – өтө жакшы. Бирок, мусулмандардан – алар жалгыз Аллахка моюн сунгандыгы, сатып алынбагандыгы жана сатылбагандыгы себептүү – коркушат. Ошондуктан, Батыш өкүмдарларынын да, мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлардын да туруктуу ташбиши – мусулмандардын башын кылыч астында кармап туруу. Батыш өкүмдарлары да, мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлар да Газадагы окуялар туурасында бирдей позицияда. Алар (израиль) каршылык кыймылын жок кылышын күтүшүүдө. Ошондо алар региондогу тынчтык жана Америкага моюн сунуу пландарын улантышат... Ушул орунда биз Аллах Тааладан мусулман өлкөлөрүндөгү кубат ээлери, армия офицерлери арасынан момун топтун жүрөгүн ачып, алардын өкүмдарларга каршы аракетке келишин, бийликти колго алып, аны өздөрүн Аллахтын өкүмүн орнотууга багыштаган кишилерге тапшырууларын сурайбыз...

﴿وَيَوۡمَئِذٖ يَفۡرَحُ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ۝ بِنَصۡرِ ٱللَّهِۚ يَنصُرُ مَن يَشَآءُۖ وَهُوَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.*** (Аллах) ***Өзү каалаган кишиге нусрат берет. Ал кудуреттүү жана ырайымдуу»***

[30:4-5] ❑

# (ИЗРАИЛЬ) ДРУЗДАРЫ ГАЗАГА КАРШЫ СОГУШТА АРМИЯНЫН АЛДЫҢКЫ САБЫНДА

Болжол менен 150 миң кишиге жеткен друздар (израилдеги) жалпы калктын 2 пайызын түзөт. Алар (израиль) чегараларынын коопсуздугун камсыздоону өзүнүн милдети деп билишет... Алар үч мамлекет: Фалестин, Ливан жана Сирия ортосундагы чегара үч бурчтугунда жайгашкан. Друздардын саясий чиновниги: «Ар бир друз өзү жашап жаткан жерге байланган. Бул байланышты үзүп болбойт», - деди. Бул жерде 299-аскерий батальон жайгашкан. Батальон мүчөлөрүнүн 70 пайызы друздар болуп, алар атайын макамга ээ «куралдаштар». Алар (израилде) аскерий кызматты өтөп жаткан жалгыз арабдар болуп, алардын көпчүлүгү жарандыкка ээ, жогорку аскерий жана саясий кызматтарды ээлеген. (Т.а. алар министрлер, депутаттар, аскерий офицер жана коопсуздук кызматынын жетекчилери). Айтымында, друз жамаатынын өкүлдөрү аларга карата кемсинтүү саясаты жүргүзүлүп жатканына нааразылык катары яхудий өкмөтүнө каршы нааразылык демонстрацияларын өткөрүшкөн. Т.а. друздар яхудийлер сыяктуу толуккандуу жаран болууну каалашат. Бул жерде кеп друз жамаатынын диний жетекчилерин да өз ичине алат. (израиль) алып барып жаткан кыргын согушка байланыштуу Фалестиндеги друз жамаатынын жетекчиси шейх Муваффак Тариф билдирүү берип, друз жамааты (израиль) мамлекетинин ажырагыс бөлүгү экендигин баса белгиледи. Ал өз билдирүүсүндө (израиль) армиясын жана Газага каршы согушту толук колдоп-кубатташын баса белгилеп айтты: «Биз өлкөнүн түштүгүндөгү турак-жай пункттарына жасалган террордук чабуулду токтотууда коопсуздук күчтөрүн колдогон позицияда турабыз. Терроризм эч качан яхудий же арабды айырмалабайт».

(израилдеги) друз жамаатында өкүм сүрүп жаткан жалпы чөйрө – бул мамлекетке берилгендик. Бул садакат друздардын (израилдеги) турмуш иштеринин түрдүү катмарларына катышуусунда ачык көрүнөт. Алардын арасында мекенчилдик идеясы үстөмдүк кылат, эркектери армияда мажбурий аскерий кызматты өтөшөт. Друздар улуттук коргоодо т.а. армияда, полицияда, тыңчылык кызматында жана камактарда иштешет. Алар жогору аскерий мартабага жетишишкен. Алардын арасында Газа согушунда каза болгондор бар. Друздардын расмийи билдиргендей, акыркы апталарда друз жамаатынын өкүлдөрү арасынан кырктан ашуун киши өлтүрүлгөн. Алардын көпчүлүгү Хамастын 7-октябрдагы чабуулуна каршы туруу учурунда каза болгон. Бул расмийдин айтымына ылайык, Газада өлтүрүлгөн жогору мартабалуу (израиль) аскерий командачысы друз болгон... Алар Газага каршы согушта (израиль) армиясына жардам жөнөтүп, ал үчүн кайрымдуулук каражаттарын чогултушууда. Терроризмге каршы күрөш боюнча яхудийлер кандай түшүнүккө ээ болсо, друздар да кудум ошондой түшүнүккө ээ жана бул туурасында яхудийлер колдонгон сөздөрдү иштетишет. Коопсуздук күчтөрүн жана (израиль) жарандарын коргоого чакырышат. Ысымы аталбашын сураган аскерий кызматкер билдиргендей, друздар согушта көрсөткөн үлгүлүү иштер жана эрдик алардын элита бөлүмдөрүндө күчтүү катышуусун камсыздады...

**Ал-Ваъй:** друздар Исламдан чыккан батиний топтордун бири болуп, алардын келип чыгышы Исмаилийлерге барып такалат. Друз мазхабы исламий мазхаб болуп эсептелбейт, тескерисинче, ал Исламдан көз карандысыз өзүнчө дин. Алар аз сандуулугу менен таанылган. Алардын өздөрүн сактап калуу үчүн күчтүү мамлекеттин тарабында турганын көрөбүз. Алар (израиль) мамлекетин колдоп-кубаттоого болгон күчтөрүн жумшашууда. Фалестиндеги мусулмандар друздардын аларга карата ырайымсыздыгынан жабыркап келишет. Друздар муну мамлекетке чектен тышкары садыктыгын далилдөө үчүн кылышат. ❑